United Nations Peacebuilding

ООН ЖЕНЩИНЫ

UNFPA

IOM UN MIGRATION

GSPS | ГЕНДЕР КООМДУН КАБЫЛ АЛУУСУНДА ИЗИЛДӨӨ

# АЯЛДАРДЫН ДИНИЙ ТАЖРЫЙБАЛАРЫ

## Кыргыз Республикасы

ОКТЯБРЬ 2018

©2018 «БУУнун Аялдар» түзүмү. Бардык укуктар корголгон.

Кыргызстандагы "БУУнун Аялдар" түзүмү тарабынан даярдалды
Автор: Айкокуль Максутова
Көркөмдөөчү-дизайнер: Азамат Турсункулов

Бул басылмада берилген көз караштар авторго(лорго) таандык жана сөзсүз түрдө эле БУУнун Аялдар» түзүмүнүн, ЮНФПАнын, Эл аралык миграция уюмунун, БУУнун жана ага байланыштуу уюмдардын же Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн көз караштарын чагылдырбайт.

Отчетту бул интернет баракчадан карасаңыз болот: http://www.unwomen.org/en/digital-library/publications

ИЗИЛДӨӨ БОЮНЧА ОТЧЕТ:

# АЯЛДАРДЫН ДИНИЙ ТАЖРЫЙБАЛАРЫ

## Кыргыз Республикасы

Бишкек, октябрь 2018

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА “ГЕНДЕР КООМДУН КАБЫЛ АЛУУСУНДА” ИЗИЛДӨӨСҮ“ (GSPS)

Ушул негизги отчет БУУнун тынчтыкты куруу фонду тарабынан каржыланган, “БУУнун Аялдар” түзүмү, Кыргыз Республикасындагы БУУнун Калкты жайгаштыруу фондунун жана Эл аралык миграция уюмунун биргелешкен аракети жана Кыргыз Республикасынын Статистикалык комитети менен өнөктөштүктө ишке ашырылган “Гендер коомдун кабыл алуусунда” изилдөөсүнүн (GSPS) бир бөлүгү болуп саналат. “Гендер коомдун кабыл алуусунда” изилдөөсү (GSPS) алдыңкы жергиликтүү университеттерден, илимий-изилдөө институттарынан, өкмөттүк министрликтер жана бейөкмөт уюмдардан болгон кызыкдар тараптар, ошондой эле Президенттин аппараты; Улуттук илимдер академиясы; Улуттук коргоо кеңеши; Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги; Коопсуздук, укук коргоо жана коргоо башкармалыгы жана Ички иштер министрлиги тарабынан колдоого алынган.

GSPS жалпы максаты болуп үй-чарбалар, коомчулук жана калк деңгээлинде Кыргыз Республикасында аялдарга жана кыздарга таасирин тийгизген гендердик теңсиздик, зордук-зомбулук коркунучтары (белгилүү, маани берилет жана пайдаланылат) боюнча негизги тобокелдик факторлору жөнүндө фактыларды жана маалыматты түзүү саналат.

GSPS айрым милдеттери төмөнкүлөрдү түшүнүүгө багытталган:

- Гендердик басмырлоого, зордук-зомбулукка жана эксплуатациялоого алып келген жеке-аралык жана түзүмдүк маселелерди актуалдаштырууну ;
- Жамаат денгээлиндеги тенденцияларды жана коомдун гендерлик стереотиптер жана мамилелер жөнүндө өзгөрүлүп турган түшүнүгүн;
- Гендердик теңсиздик, коопсуздуктун жоктугу жана талаш-тартыштардын потенциалдуу себептеринин өз-ара байланышын.

Ушул максаттарга жетүү үчүн, Кыргызстанда бүгүнкү күндөгү гендердик практикаларды жана түшүнүктөрдү түшүнүү үчүн негизги кызыктырган беш тема боюнча сандык жана сапаттык изилдөө жүргүзүлгөн: аялдардын саясий турмушка катышуусу, аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн жана укуктарын кеңейтүү, кыз ала качуу жана эрте турмушка чыгуу түрүндө аялдарга жана кыздарга карата зордук-зомбулук, аялдардын арасындагы диний ишенимдер жана практикалар, жана аялдардын эмгек миграциясына катышуусу. БУУнун калк фонду (ЮНФПА), жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан өткөрүлгөн (GSPS) боюнча Улуттук сурамжылоонун натыйжалары 2016-жылы күзүндө жарыяланган. (GSPS)нин ар бири кызыктырган беш теманын бирине багытталган компоненттери боюнча отчеттор сандык жана сапаттык изилдөөнүн жыйынтыктарын камтыйт. Компоненттер боюнча отчеттор жана сурамжылоо англис, орус жана кыргыз тилдеринде жарыяланган. Өзүнчө жарыяланган жалпы кириш сөз (GSPS) нин басылмаларын чогултуу үчүн контекстин жана усулдарын толук талдоону билдирет.

(GSPS) изилдөөсү гендердик теңсиздиктин булактарына гана, атап айтканда, Кыргыз Республикасында гендердик теңсиздикти колдогон көз караштарга жана түшүнүктөргө, багытталган комплекстүү изилдөөлөрдүн жоктугун толукташ үчүн, ошондой эле гендердик талаптарды эске алуу менен камтыган тынчтыкты алдыга жылдыруу үчүн тиешелүү факторлорду аныктоо үчүн башталган. GSPS алкагында коомчулуктар денгээлиндеги процесстерге аялдардын жана кыздардын бирдей катышуусу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жана стратегиясын аныктоого, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес институттарга ыкылас коюлган сунуштарды берүүгө, ошондой эле Кыргыз Республикасында гендерге багытталган саясатка далилдерди камсыз кылууга аракет көрүлгөн. GSPS нин натыйжалары БУУ системасында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүндө, ошондой эле окумуштуулар жана жарандык коомдун жана бейөкмөт уюмдардын мүчөлөрүнүн арасында кеңири таратылган.

# ИЗИЛДӨӨНҮ ӨТКӨРГӨН ТОП

Бул отчеттун автору: Айкөкүл Максутова
Отчеттун талдоочулар тобу: Эльнура Казакбаева, Мадина Касымова, Зарина Урманбетова, Жаркын Омурбекова

## ГЕНДЕР КООМДУН КАБЫЛ АЛУУСУНДА ИЗИЛДӨӨСҮ (GSPS) ТОБУНУН КОЛДООСУ МЕНЕН

Башкы издөөчү: Мэган МакКормак

Изилдөө материалдарын иштеп чыккандар: Эсенгул Чинара, Горборукова Галина, Илибезова Лариса, Капалова Алтын, Хамидов Алишер, Кожобекова Айжаркын, Мурзакулова Асель, Аблезова Мехригюль,

### Сапат жагынан изилдөө тобу:

Негизги отчетторду жазгандар: Миргуль Каримова, Елена Ким, Асель Мурзакулова, Нургуль Укуева, Нупгул Эсенаманова, Айкөкүл Максутова

Аналитикалык колдоо көрсөткөндөр: Диана Асаналиева, Гулмайрам Аттокурова, Бектемир Багышкулов, Айкөл Болотбекова, Айымбүбү Жапаркулова, Бактыгүл Капалова, Мадина Касымова,Эльнура Казакбаева, Гулжан Ниязалиева, Жаркын Омурбекова, Римма Султанова, Зарина Урманбетова, Аида Тынычбекова

Маалыматты чогулткандар: Наргиза Абдырахман кызы,Диана Асаналиева, Гулмайрам Аттокурова, Бектемир Багышкулов Айкөл Болотбекова, Жамал Фронтбек кызы, Айымбүбү Жапаркулова, Бактыгуль Капалова, Эльнура Казакбаева, Гулжан Ниязалиева, Жаркын Омурбекова, Римма Султанова, Рустам Улуков, Зарина Урманбетова

Транскрипция кызматтары: "M-Vector" изилдөө жана консалтинг компаниясы тарабынан көрсөтүлдү

Изилдөөнүн фото-сүрөтчүсү: Эльёр Нематов

### Сан жагынан изилдөө тобу:

Изилдөөнү башкарган жана кеңеш бергендер: Эльвира Исенкулова, Лариса Илибезова,Гулкумар Абдуллаева

Аналитикалык отчетту жазгандар: Гульмира Сулайманова,Людмила Торгашева, Нина Багдасарова, Лариса Праслова, Зульфия Кочорбаева, Евгения Карпович

Статистикалык документтер боюнча кеңеш бергендер: Тамара Таипова жана Чынара Турдубаева

Маалыматты кайра иштеп чыккан: Лариса Праслова

Регионалдык талаа жумуштарын координациялоо: Улан Аскатов, Жандаралы Садыралиев, Кыдыргыч Акматов, Мырзахмат Эргешов, Азизбек Рысбаев, Светлана Сатканалиева, Алмаз Шакулов, Кошой Исалиев, Торобек Ааматов

Маалыматты жыйнагандар: Нурбек Канназаров, Идеят Бекташева,Тилек Бактыбеков,Толгонай Ташибаева,Тологон Маматкулов, Болот Ибраимов, Мирбек Эсенкулов, Асылбек Кожонов, Барахатхон Байбубаева, Махарам Рахманжанова,Рахмат Акматов, Рахима Байбубаева, Парида Гапарова, Шахзада Саитова, Гулзат Нурматова, Батиржон Туракулов, Нурлан Шакулов, Салтанат Муратбекова, Айгуль Токтосунова, Гулсана Оморова, назира Жапарова, Чолпон Шатенова, Жазгул Иманова, Айсулу Момулбаева, Гульнара Садимова, Кубан Токторбаев, Алтынгул Сабирбаева, Уулжан Иманалиева, Зулайка Касымова, Нуржан Назаралиев, Айнура Турсунова, Медетбек Кабылбеков, Чолпонвй Аданова, Турдугуль Тохтарова, Мурзарахим кызы Айзирек, Муассархан Хамдамова, Аида Жолдошева, Жумагуль Бекмуратова, Муратбек кызы Самара, Маматилла уулу Эдилбек, Жазгуль Молдокабылова, Гульмира Орозбаева, Айнура Нааматова, Жумагуль Шабданова, Карлыгач Каниметова, Нестан-Дарежан Качаганова, Нурперизатханбубугуль Алмазбекова, Айгуль Абдыкеримова, Нурзат Эгембердиева, Мархабахан Каримова, Айгерим Камчыбекова, Айелес Шакирова, Турдукан Артыкова, Назгуль Шакирова, Айгерим Абдыкаимова, Сапармурат Муктаралиев, Анаркуль Сайнидинова, Айсулу Капарова, Толгонай Маатова, Сабира Темирова, назира Жумагулова, Азим Маатов, Айканыш Кенешова, Айнура Качкынбаева, Токторбек Байаманов, Таалайкуль Бакашева, Нур Султанкулова, Асель Темирбекова, Мээрим Каптагаева, Фатийна Кадырова, Бактыгуль Сыдыкова.

Коддоо жана маалыматты киргизүү: Ларисса Кобцова, Айгерим Молдоканова, Чопон Буваматова, Саламат Нургожоева, Айгуль Дордоева, Зарина Капарова, Мээрим Куздобаева, Чынгыз Абдыкаимов, Нуржан Таалайбекова,Бактыгуль Абдыкеримова, Замира Бержибаева, Мээрим Эркинбек кызы, Клара Калдыбаева

# ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ

“Гендер коомдун кабыл алуусунда” изилдөөсүн (GSPS) өткөрүү жамааттык күч-аракет болуп саналат, жана биз жетектеген, катышкан жана баа жеткис салым кошкон көптөгөн кишилерге биз чын жүрөктөн ыраазычылык билдирүүгө милдеттүүбүз. Биз, изилдөөнүн даярдоо, маалыматтарды топтоо, иштеп чыгуу жана маалыматтарды талдоо этаптарына катышкан ар бир адамга ыраазычылык билдирип, төмөнкү салымдарды баса белгилөөнү чечтик:

## БУУ нун Тынчтыкты куруу фонду

БУУнун Тынчтыкты куруу фондуна, ушул изилдөө долбоорун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган баалуу каржылоосу үчүн ыраазычылык билдиребиз, ал ошондой эле «БУУ-нун Аялдар уюуму» түзүмү тарабынан каржылык колдоого алынган.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

Биз, Кыргыз Республикасынын көптөгөн мамлекеттик мекемелерине ар кандай жолдор менен долбоорго колдоо көрсөткөдүгү үчүн ыраазычылык билдиребиз. Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги тарабынан долбоордун негизги иш-чараларына көрсөтүлгөн жардамды жана катышуусун баса белгилеп кетебиз. Биз ошондой эле, изилдөөнүн сандык компонентин ишке ашырууда өнөктөш болгон Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин кызматкерлеринин бүтүндөй жактоочулугуна ыраазыбыз жана жогору баалайбыз.

## Биргелешкен Координациялык Комитет

Президенттин аппараты жана БУУ нун туруктуу координатору тең торагалык кылган, мамлекеттик органдардын, жарандык коомдун жана БУУ нун мекемелеринин өкүлдөрү мүчө болгон Биргелешкен Координациялык комитет “Гендер коомдун кабыл алуусунда” изилдөөсүнүн (GSPS) ишке ашырылышына көзөмөлдү жүзөгө ашырган. Биз, Биргелешкен Координациялык комитеттин мүчөлөрүнө негизги натыйжаларга жетүүнү камсыз кылуу боюнча көзөмөл жүргүзгөндүгү үчүн ыраазычылк билдиребиз.

## Биргелешкен Координациялык Комитеттин Катчылыгы

Биз ошондой эле, БККнын катчылыгына, кызыкдар тараптар ортосундагы байланышты дайыма колдоп, долбоордун натыйжаларына жетүүнү көзөмөлдөп, БУУ менен өкмөттүн Кыргызстанда тынчтыкты куруу, анын ичинде «Гендер коомдун кабыл алуусунда» изилдөөсү (GSPS) жөнүндө коомдун кабардарлыгын жогорулатуудагы аракеттери үчүн ыраазычылык билдиребиз.

## Изилдөөнүн респонденттери

Изилдөө үчүн өз убактысы, күч-кубаты жана маалыматы менен респондент катары бөлүшкөн Кыргызстандын 7,000 ашык жарандарысыз бул «Гендер коомдун кабыл алуусунда» изилдөөсүн ( GSPS) өткөрүү мүмкүн болмок эмес.

## Өнөктөштөр - БУУнун уюмдары

Ошондой эле, GSPS ишке ашыруу боюнча өнөктөштөрдүн үчөөнөн тең колдоо көрдү жана башкаруучулук көрсөтмөлөрүн алды, «БУУ-нун Аялдар» түзүмүнөн жетектөөчү мекеме жана сапаттык компоненттин координатору катары, БУУнун Калк фонду изилдөөнүн сандык компонентин координациялаган, ал эми, Эл аралык миграция уюму жалпы изилдөөгө техникалык колдоо көрсөткөн. Биз ошондой эле, ишти колдогон БУУнун бардык кызматкерлерине жана үч органдарынын кызматкерлерине жазуу жүзүндөгү салымдары, ой-пикирлери, идеялары жана баалуу сунуштары үчүн ыраазычылык билдиребиз.

## Кызыкдар тараптардын кеңешчи тобу

Кызыкдар тараптардын кеңешчи тобу (КТКТ)- мамлекеттик, илимий мекемелердин, эксперттердин жана жарандык коомдун кеңири өкүлдөрүнөн турган топ. КТКТ бир нече мамлекеттик жана мамлекеттик эмес кызыкдар тараптарга изилдөө методологиясы жана аспаптары боюнча маалымат жана кеңеш берүү, акыры аларды бекитүү үчүн аянтча катары кызмат кылган. Биз, бул демилгеге өз убактысын бөлүп жана биргелешкен күч-аракетке өзүнүн таандыгын көрсөткөн адамдарга терең ыраазыбыз.

## Изилдөөчүлөрдүн тайпасы

Аягында, изилдөөнүн сандык да сапаттык да компонеттери боюнча изилдөөчүлөрдүн тайпасына өзгөчө ыраазычылык билдиребиз. Бул отчетту иштеп чыгаруу алардын тынымсыз жана түгөнгүс берилгендиги болбосо, мүмкүн болмок эмес. Биз, сандык изилдөөлөр боюнча тайпанын ушул отчетко кошулган сандык аналитикалык отчетту түзүүдөгү олуттуу салымына ыраазыбыз. Биз, ошондой эле, сапаттык изилдөөнү жүргүзгөн топко,ушул отчетту жазууда негиз болгон ой-пикирлери, толуктоолору жана алардын мазмундуу жана толук отчеттору үчүн ыраазычылык билдиребиз.

# МАЗМУНУ


КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ 8

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАР 9

КИРИШҮҮ 10

1. Адабияттык маалыматтар 15

2. Методология жана теория 23

3. Изилдөө жыйынтыктары: мусулман топ 29

3.1. Диний нормаларды ыңгайлаштыруу: **шүгүр, сабыр жана аманат** 30

3.2. Эл аралык миграция жана аялдар арасындагы динчилдик 33

3.3. Диндин аялдардын “адамдык капиталына” тийгизген таасири 34

3.4. Коомдун диний радикалдашууну кабыл алуусу 43

4. Изилдөөнүн жыйынтыктары: азчылыктардын дини 52

4.1. Диний копинг жана гендердик ролдор 54

4.2. Прозелитизмдин аялдардын адамдык капиталына тийгизген таасири 57

4.3. Прозелиттердин секуляризмди жана исламды кабыл алуусу 60

5. Корутундулар жана сунуштар 63

5. Корутундулар жана сунуштар 64

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР 71

# ГЛОССАРИЙ

| | |
|---|---|
| *Аманат* | Кимдир бирөөгө убактылуу сактоого жана кам көрүүгө ишенип берилген баалуулук |
| *Барака* | Аллах Тааланын батасы |
| *Дуа* | Куран окуп, дуба кылуу, жакшы ой-тилек, арзуу, максат сурануу. |
| *Фард* | Мусулман киши милдеттүү түрдө аткара турган амал. |
| *Хадисы* | Мухаммед пайгамбардын сүйлөгөн сөздөрү, кылган амалдары, анын макулдугунун негизинде башка бирөөлөр аткарган амалдар, анын осуяттары |
| *Халал* | Шарият уруксат берген нерсе |
| *Харам* | Шарият тыюу салган нерсе |
| *Хиджаб* | Мусулман аялдын кийими |
| *Худжра* | Кыздар үчүн жеке диний окуу жайы/ диний сабактар |
| *Иман* | Ыйман, ишеним |
| *Исраф* | Мал-мүлктү же тамак-ашты үнөмсүз же максатсыз сарптоо |
| *Джахилия* | Сабатсыздык же карангылык |
| *Джамаат* | Диний жамаат же мусулман адамдардын шериктешүү формасы |
| *Кафир* | Динге ишенбеген адам; Исламдан башка динди тутунган адам |
| *Махр* | Никенин талабы катары жигиттин кызга бериши керек болгон зарыл белек (акча, алтын жана башка баалуу буюм) |
| *Махрам* | Аялды коштоп жүргөн эркек (атасы, эркек бир тууганы, күйөөсү, агасы, чоң атасы, ж.б.) |
| *Мазар* | Ыйык жер, бейит, көрүстөн |
| *Макрух* | Жагымсыз, жактырылбаган амал |
| *Мубах* | Буйрук кылынбаган, бирок тыюу да салынбаган иш-аракет |
| *Муфтий* | Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгынын жетекчиси |
| *Муфтият* | Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгы |
| *Мустахабб* | Пайдалуу (сооптуу) иш |
| *Сабыр* | Чыдамдуулук, токтоолук, өзүн өзү токтото билүү |
| *Шүгүр* | Аллах Тааланын жакшылыктарына жана ырыскыларына ыраазычылык билдирүү |
| *Табиб* | Шаман, элдик дарыгер (элдик салт менен дарылаган адам) |
| *Табып Ондук (орусча, церковная десятина)* | Чиркөөнү колдоо үчүн бир нерсенин ондон бир бөлүгүн ыктыярдуу салык катары төлөп берүү |
| *Умма* | Мусулман жамааты |
| *Важиб* | Талап кылынган ченем |
| *Зикр* | Намаздан кийин Аллах Тааланын улуктап, анын ысымын бир нече жолу кайталап айтуу |

# КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| *ФТТ* | Фокус топтук талкуулоо |
| *GSPS* | "Гендер коомдун кабыл алуусунда" изилдөөсү |
| *АИЖ* | Адамдын иммундук жетишсиздигинин |
| *МЭУ* | вирусу |
| *ИГИЛ* | Миграция боюнча эл аралык уюм |
| *УСК* | Ирак жана Левантанын Ислам мамлекети |
| | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети |
| *БӨУ* | Бейөкмөт уюм |
| *ЕККУ/ДИАУБ* | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюумунун демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу |
| *БУУ* | Бирикен Улуттар Уюму Бириккен Улуттар |
| *"БУУ-нун Аялдар" түзүмү* | Уюмунун гендердик теңчилик жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү түзүмү |

# НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Бул отчет «Гендер коомдун кабыл алуусунда » долбоорунун (мындан ары - GSPS) негизинде жазылды. Отчет бүгүнкү күндөгү сезилерлик деңгээлде күчөгөн динчилдиктин аялдардын укуктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө, улуттук, общиналык жана коомдук деңгээлде биримдиктин жана туруктуу тынчтыктын калыптанышына тийгизген таасирин анализдөө максатын көздөйт. Отчет эки бөлүмдөн туруп, диндин мусулман аялдарга жана башка динди кабыл алган (прозелит) аялдарга болгон таасирин аныктайт. Изилдөөнүн маалыматтары “диний жеңип чыгуу (копинг)” жана “адам капиталы” концептуалдык призмасы аркылуу талданып, талкууланат.

Изилдөөнүн кыскача **негизги тыянактары** мындай болду: дин аялдарга кризистик кырдаалдарды жеңүүнүн натыйжалуу механизмдерин, күнүмдүк жашоо үчүн так колдонмолорду, үй-бүлөдөгү жана жамааттагы мурдагы ордун кайра карап чыгуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы аялдар көптөгөн экономикалык жана социалдык чакырыктардан улам социалдык капиталды жана кыйынчылыктарды жеңүү механизмдерин издөө жолунда. Мындай көйгөйлөрдүн катарында аялдарга жана кыздарга карата зордук-зомбулук, жумушсуздук, эмгек миграциясынын кеңири жайылышы жана аялдардын саясий маселелерди чечүүгө катышуусунун жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрдүн чектелүү болушу бар.

Отчетто көрсөтүлгөндөй, мезгилдин ушундай чакырыктарына каршы туруу үчүн мусулман аялдар «аманат» түшүнүгүн жигердүү колдонушууда. Өз жашоо шарттарын эркектерге (күйөөлөрүнө) аманат кылуу менен, аялдар үй-бүлөлүк жана коомдук деңгээлде өздөрүнүн ар кандай материалдык жана моралдык муктаждыктарынын дароо жана оңой чечилишине ниеттенет. Мусулман аялдар өз күйөөлөрү менен чогуу үй-бүлөдөгү ролдорун жана ордуларын кайра карап чыгышууда, муну менен интерналдашууга, гендердик *габитустун* калыптанышына жана жеке-коомдук чөйрөдө эркектин үстөмдүгүн бекемдөөгө көмөктөшүүдө. Бул болсо гендердик теңдик үчүн тобокелдик фактору болушу ыктымал. Анткен менен, маалмаалы менен дин аялдын жеке турмушуна тынчтык берген же тынчытуучу таасир тийгизэрин моюнга алуу керек. Муну менен үй кожолуктардын микро-деңгээлинде тынчтыкка өбөлгө түзүүдө. Стресстин тышкы булактары болгон чакта аялдар Христиан динине кыйынчылыктарды жеңүүчү механизм катары кайрылышат. Жаңы чиркөөлөр жана жамааттар менен тыгыз байланыш алардын социалдык капиталын тереңдетиши ыктымал болгон чакта айрым динге жаңы келген аялдар (прозелиттер) мурдагы кошуналары жана кесиптештери тарабынан басмырлоого дуушар болуп, ошондой эле өздөрү да Ислам тууралуу дискриминациялык көз карашты карманышууда. Кыргызстандагы диний көп түрдүүлүк социалдык ынтымакка жана туруктуу тынчтыкка бир катар чакырыктарды таштоодо жана мындан кийинки чыңалууларды, жаңжалдарды болтурбоо үчүн өтө дыкат башкарууну жана диалогду талап кылууда.

Динчилдиктин күчөшү көбүрөөк теңдикке жана гендердик тең дүйнөгө көмөктөшүшү мүмкүн. Бул максатка жетүү үчүн төмөнкүлөр **зарыл:**

- Кыздарга жана аялдарга сапаттуу диний билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу; коомдук жерлерде аялдарга атайын ылайыкталган дин тутууга мүмкүнчүлүк түзүү; Кыргызстандагы Мусулмандар дин башкармалыгына караштуу аялдардын диний маселелери боюнча бөлүмдү кайрадан ачуу.

- Ар бир жарандын дин тутууга жана диний ишенимдерин билдирүү эркиндигин коргоо; салттуу эмес диний ишенимди туткан жарандарды басмырлоого жол бербөө;

- Аялдарга диний аралык диалогдорго катышууга, өздөрүнүн жана башкалардын диний укуктары жөнүндө маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо;

- Диний экстремизм менен күрөшүүдө, экстремизмди алдын алуу багытында атайын окуу программаларын иштеп чыгууда жана экстремисттик агымдарга кошулуп кеткен жарандарды жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн реабилитациялоо боюнча иш-чараларды уюштурууга аялдардын катышуусу.

Бул сунуштардын көбү 2014-2020-жылдарга Кыргызстандын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясында чагылдырылган; башка пункттары болсо колдонуудагы мыйзамдарга түзөтүүлөрдү киргизүүнү же жаңы саясий чараларды иштеп чыгууну талап кылат.

# КИРИШҮҮ

Советтер Союзу ыдыраган учурдан бери азыркы Кыргызстанда болуп жаткан өзгөрүүлөр социалдык-саясий, экономикалык жана маданий чөйрөдөгү олуттуу өзгөрүүлөргө алып келди. Демократиялык жана либералдык кайра түзүүлөрдүн натыйжасында өлкө диндин бардык жерде кайра жандануусун башынан өткөрдү. Өлкөдө Исламдын кайра жандануу процесси протестанттык Христиан жана башка майда диндердин пайда болуусу менен коштолду. Чукул убакыт ичинде мечиттердин, чиркөөлөрдүн жана сыйынуу жайларынын саны көбөйдү. Диний окуу жайларда билим алган жаштардын саны да көбөйдү. Диний көз караштардын күч алышы коомдо гендердик сыяктуу эле, үй-бүлөлүк ролдорду кошо алганда, көптөгөн маселелерге карата мамиленин өзгөрүшүнө алып келди. Конституция динге ишенүү жана дин тутуу эркиндигине, каалаган динин тутуу же тутпоо укугуна кепилдик берет. Кыргызстан калкынын саны 5.7 миллион болсо, болжолдуу маалыматтар боюнча, анын 80 пайызынан көбү суннит мусулмандар болуп саналат; 15 пайызы христиандар, негизинен орус ортодокс (православ) христиандар; ал эми калган беш пайызына шиит мусулмандар, протестант, католик, иудей, буддист жана бахаи жамааттары же эч бир динди тутунбаган жарандар кирет. (USCIRF, 2017).

Көп түрлүү диний көз караштардын күч алышы изилдөөчүлөрдүн, коомдук активисттердин жана укук коргоочулардын тынчсыздануусун жарата баштады. Алардын негизги тынчсыздануусу учурда диний кырдаал барган сайын курчуп бараткана жана жалпы коомчулуктун диний негизде шартталган патриархалдык гендердик нормалардын жана мамилелердин калыптанышына алгылыктуу мамиле жасоосу мурдагы Совет бийлигинин учурунда калыптанып калган гендердик теңчиликке жана аялдардын бирдей укук жана мүмкүнчүлүктөрүнө терс таасир тийгизиши болуп саналат.

Көпчүлүк изилдөөчүлөр белгилегендей, Совет бийлигинин гендердик теңчилик саясаты кыргыз коомчулугунда кылымдар бою калыптанып келген диний этикалык нормаларга олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келген. Тактап айтканда, аталган саясаттын алкагында кыргыз аялдарынын укуктары теңделип, натыйжада аялдар саясий жана коомдук иштерге эркектер менен бирге толук жана тең катышууга мүмкүнчүлүк алган (Engel, 1987; Ashwin, 2000; Fanon, 2000). Тилекке каршы, эгемендүүлүктүн жылдары бул мурас тиешелүү түрдө корголгон эмес жана кыйла начарал кеткен, натыйжада аялдар көптөгөн жоготууларга дуушар болгон.

Аялдар арасындагы жумушсуздуктун кеңири жайылышы, бала бакчалардын санынын кескин кыскаруусу, социалдык тейлөө кызмат көрсөтүүлөрдүн начарлашы жана саясатта аялдардын чечимдерди кабыл алуу процесстерине катышуусунун кескин азайышы көптөгөн терс таасирлер менен коштолду. Натыйжада аялдарга карата болгон зордук-зомбулуктун күчөшү, эрте никеге туруусу, эркине каршы турмушка чыгуусу жана ала качуу сыяктуу терс көрүнүштөр тамыр жайып жатат (Дүйнөлүк Банк, 2011). Бул көрүнүштөр өз кезегинде гендердик теңсиздик жана басмырлоо чөйрөсүндөгү системалык көйгөйлөрдүн көбөйүшүнө алып келүүдө.

Ошол эле учурда коомчулукта акыркы жылдары аялдар арасында диний экстремизм жана радикализм күч алууда деген сын пикирлер пайда болууда. "БУУ-нун Аялдар" түзүмү тарабынан даярдалган “Кыргызстанда аялдардын диний экстремисттик агымдарды колдоодогу, аларга кошулуудагы жана токтотуудагы ролу” аттуу отчетунда белгиленгендей, 2010-жылдан 2016-жылга чейинки мезгил аралыгында Кыргызстандан Сирияга жана Иракка чыгып кеткен 863 жарандын 188и (23.8%) аялдар болгон.

Отчетто белгиленгендей, аялдар согуш болуп жаткан аймактарга күйөөлөрүн уккан үчүн гана ээрчип кете беришкен эмес. Бул аялдар күйөөлөрү аларды жалгыз таштап кетсе үй-бүлөсүн камсыздай албай калуудан жана коомчулуктун айыптоосунан коркушат ("БУУ-нун Аялдар" түзүмү, 2017). Ушуну эске алганда, бир нече суроолор туулат: диний көз караштардын күч алышы республикада терс гендердик көрүнүштөрдүн пайда болушуна алып келеби? Алып келсе, анда кантип жана кандай жолдор менен?

Бул суроолого жооп издөөдөн мурда адегенде Кыргыз Өкмөтүнүн дин жаатындагы мамлекеттик саясатын аныктоо зарыл. Белгилүү теолог Кадыр Маликовдун пикиринде, Кыргызстандагы дин жаатындагы мамлекеттик саясатты үч этапка бөлүп кароого болот (Маликов 2010). Биринчи этапта (1991-2000) мамлекеттин диний саясаты либералдуу мүнөздө болгон. Өкмөттүн ролу диний бирикмелерди каттоо менен гана

чектелген. Экинчи этапта (2000-2006) мамлекеттин диний саясаты салыштырмалуу репрессивдүү мүнөздө өткөн. Диний саясаттын мындай кескин өзгөрүүсү эл аралык террористтик жана диний экстремисттик уюмдардын («Ал-Каида» жана «Талибан») Борбордук Азия регионунда кыйла активдешүүсү (мисалы, 1999-жылдагы Ташкенттеги жардыруулар, 1999-2000-жылдары Баткен облусуна террордук уюмдардын кирип келиши) менен байланыштуу болгон. 2000-2006-жылдары өкмөт диний экстремисттик уюмдарды көзөмөлгө алып, аларга каршы күрөш жүргүзө баштаган. Бирок диний “экстремисттик” же “экстремисттик эмес” деп таануу критерийлери так болбогондуктан мамлекеттик көзөмөл туруктуу мүнөздө болгон эмес (Маликов, 2010).  Акыркы этапта (2006-жылдан азыркы күндөргө чейин) өкмөт диний чөйрөдөгү абалды тыкыр жана туруктуу көзөмөлгө алган.

Дин жана диний уюмдар жаатындагы мамлекеттик саясатты иш жүзүнө ашыруу максатында Кыргыз Өкмөтү тарабынан бир нече мыйзамдар жана программалар кабыл алынган. 2006-жылы Кыргыз Өкмөтү диний чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын концепциясын кабыл алган[1]. Аталган концепциянын негизинде Кыргыз Өкмөтүнө караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы (мындан ары – ДИМК) “Кыргыз Республикасындагы диний уюмдар жана ишеним эркиндиги жөнүндө” жаңы мыйзам долбоорун иштеп чыккан.  Бул мыйзам долбоору 2008-жылы[2] Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилип, мыйзам күчүнө ээ болгон. Аталган мыйзам жарандардын дин тутуу же тутпоо эркиндигин кепилдейт. Ошону менен бирге мыйзам Кыргызстандагы бардык диний уюмдардын[3] жана чет өлкөлүк диний уюмдардын (анын ичинде миссионерлер юридикалык статусун, иштеринин принциптери менен ченемдерин аныктайт жана расмий каттоодон өткөрөт. Кээ бир серепчилердин баамында, бул мыйзам Кыргызстандагы айрым диний уюмдардын ишмердүүлүгүнө чектөөлөрдү киргизди.  Мыйзам менен жашы жете электерди диний уюмдарга тартууга, прозелиттик иш-аракеттерди жүргүзүүгө жана диний мүнөздөгү адабияттарды коомдук жайларда жайылтууга, батирлжогорку окуу жайларды кыдырып таркатууга тыюу салынган.

Мындан тышкары диний уюмдарга расмий каттоодон өтүүсүнө бир кыйла чектөөлөр киргизилген. Аталган мыйзамга ылайык, мисалы, “диний уюм жашы жеткен жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын эки жүздөн кем болбогон жаранынын демилгеси боюнча түзүлөт”[4]. Талап кылынган 200 жарандын диний уюмду уюштуруу демилгеси жергиликтүү мамлекеттик органдары менен макулдашылып (уруксат алып) жана нотариалдык жактан күбөлөндүрүлүүгө тийиш. Бирок коомчулуктун жаңы пайда болгон диний агымдарга карата кооптонуусу жана бийлик органдарынын, алардын кызматкерлеринин атайлап түзүлгөн бюрократиялык тоскоолдуктарынан улам мындай талаптарды аткаруу көпчүлүк убакытта көйгөйлүү кырдаалдарды жаратууда (ЕККУ, 2011). Ушул себептерден улам аталган мыйзам Европадагы коопсуздук жана кызматташуу уюмунун демократиялык институту жана адам укугун коргоо бюросунун (мындан ары – ЕККУ ДИАУБ) “Дин же дин тутуу жөнүндө мыйзамдарды талдоо боюнча сунуштамаларында” тиешелүү эксперттик-консультациялык кеңеши тарабынан кескин сынга алынган (Кабак, 2015).

2012-жылы аталган мыйзамдын бир топ бөлүгүнө толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилди. Бирок 2012-жылы ЕККУ ДИАУБ тарабынан жүргүзүлгөн юридикалык анализ көрсөткөндөй, бул киргизилген толуктоолор так эмес, андыктан мыйзамды ар түрдүү чечмелөөгө жол ачат. Мисалы, мыйзамдын 22-беренесинин 3-пунктуна киргизилген жаңы өзгөртүүгө ылайык, ДИМК “диний мазмундагы адабияттарга, башка басма, аудиоматериалдарга зарыл болсо дин жаатындагы тийиштүү адистерди, мамлекеттик органдарды жана диний уюмдарды тартуу менен дайындайт”[5]. Бирок бул өзгөртүүдө дин таануу экспертиза кандай критерийлердин негизинде жүргүзүлөт жана кайсы мамлекеттик органдар жана диний уюмдар ага катыша алат деген так аныктамалар берилген эмес. Серепчилердин баамында, бул аныктамалардын так эместиги аталган ченемди негизсиз жана мый- замсыз колдонууга шарт түзөт (ЕКУУ/ДИАУБ, 2012: 6). Башка мисал, аталган мыйзам редакциясынын 22-беренесинин 9-пунктуна ылайык “диний экстремизмдин, сепаратизмдин жана фундаментализмдин идеяларын камтыган”[6]

1 Концепция Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 6-майындагы № 324 токтому менен бекитилген.

2 Мыйзам Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 31-декабрындагы №282 токтому менен бекитилген.

3 Мыйзамга ылайык, диний уюмдар деп, жергиликтүү диний уюмдар, алардын бирикмелери, диний окуу жайлары, диний борборлор, ошону менен бирге жарандар же диний уюмдар тарабынан уюштурулган түзүмдөр таанылат.

4 2008-жылы кабыл алынган Мыйзамдын 8-беренесинин 3-пункту.

5 2012-жылдын 7-декабрындагы № 196  Мыйзамдын 22-беренесин 3-пункту.

6 2012-жылдын 7-декабрындагы № 196  Мыйзамдын 22-беренесинин 9-пункту.

басылмаларга кескин түрдө тыюу салынган. Бирок "диний экстремизм", "сепаратизм" жана "фундаментализм" деген терминдерге так аныктама берилген эмес (2012: 7). Андыктан диний басылмалардын экстремисттик же экстремисттик эмес экенин талдоо жоопту топтун же кызматкерлердин жеке ыктыярына калтырылган (ibid.).

Кыргызстандагы дин жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги принциптерин аныктаган дагы башка маанилүү документ бул - "2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы" (мындан ары – Концепция)[7]. Концепция диний жана коомдук уюмдарды жөнгө салуу жана мониторинг жүргүзүү аркылуу мамлекеттик-диний өз ара мамилелердин натыйжалуу моделин түзүү ниетин так билдирет. Бул болсо коомдук коопсуздукту камсыздоо, конфессиялар аралык диалогду жана диний толеранттуулукту күчөтүү, ошондой эле диний радикализм жана экстремизм менен күрөшүү максатында жасалды. Концепцияда аялдардын жана балдардын үйдө диний билим алуусун жөнгө салуу зарылдыгы тууралуу эскертүүдөн башка, аялдардын көйгөйлөрү жана иштин артыкчылыктуу багыттары тууралуу дээрлик сөз болбойт.

Ошентсе да Концепцияда ушул изилдөө үчүн маанилүү бир нече өзөктүк учурлар камтылган. Биринчиден, Концепцияда түрдүү диндерди кармангандар жана диний конфессиялар менен динге ишенбегендер арасында өз ара урматсый, түшүнүү жана толеранттуулук атмосферасын түзүү мааниси белгиленген. Билим берүү чөйрөсүндө концепция[8] диний окуу жайлардын ишинин түрлөрүн жана формаларын аныктоого жана тартипке келтирүүгө багытталган. Тактап айтканда, экстремисттик же деструктивдүү идеологиялардын таркалышын болтурбоо жана диний билим берүүнүн сапатын арттыруу максатында Концепция өлкөдөгү бардык диний окуу жайлардын окуу программаларын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын талаптарына ылайык стандартташтырууну жана бирдейлештирүүнү талап кылат.

Диний экстремизмди алдын алуу тууралуу Концепцияда "диний экстремизм" терминине төмөнкүдөй аныктама берилет: "учурдагы түзүлүштү конституциялык эмес жол менен өзгөртүүгө, диний риториканы колдонуу менен мамлекеттин, коомдун бүтүндүүлүгүн жана инсандын коопсуздугун бузууга багытталган зордук-зомбулукка, радикалдуу иш-аракеттерге умтулуу"[9]. Мындай аныктаманын берилиши Кыргыз Өкмөтү тарабынан өлкөдөгү диний экстремизмдин жана радикализмдин күч алышын жана алардын мамлекеттин улуттук коопсуздугуна коркунуч келтирүүчү маселе катары тааныганын аныктайт[10]. Диний радикализмди жана экстремизмди алдын алуу боюнча Концепцияда бир катар иш-чаралар белгиленген. Алардын ичинде салттуу диндерди (суннит Ислам жана православ Христианчылык) колдоого алуу айтылган. 2015-жылы Концепцияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы иштелип чыгып, кабыл алынган. План 88ден ашуун механизмди камтыйт.

Жогоруда белгиленип кеткен дин чөйрөсүндөгү орчундуу маселелерди, жалпысынан аялдардын турмуш сапатынын начарлашын жана аялдар арасында радикалдашуу тобокелдигинин жаралышын эске алып, бул отчёт Кыргызстандын аймагында Ислам дининин кайра жаралуусу жана "жаңы" диндердин пайда болуусу көз карашынан алганда диндин социалдык жана гендердик кесепеттерин изилдөөгө умтулат.

Изилдөө натыйжалары Кыргызстанда Дин жөнүндө мыйзамга жаңы түзөтүүлөрдү киргизүү, диний экстремизди алдын алуу боюнча Улуттук стратегиянын долбоорун иштеп чыгуу, Гендердик теңдик боюнча Улуттук иш-аракеттери пла- нын даярдоо жана БУУнун Коопсуздук кеңешинин 1325-резолюциясын аткаруу боюнча жаңы Улуттук иш-аракеттер планын ишке ашыруу тууралуу талкуулардын натыйжасында саясий көз караштардан алганда маанилүү болуп турат.

Бул баяндама БУУнун Кыргыз Республикасындагы Аялдар түзүмү, Калк боюнча фонду жана Миграция боюнча эл аралык уюм менен биргеликте ишке ашырылган "Гендер коомдун кабыл алуусунда " аттуу жалпы улуттук изилдөө долбоорунун негизинде даярдалган. Аталган долбоорду ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жана алдыңкы улуттук изилдөө институттары,

7 2014-жылдын 14-ноябрындагы № 203 жарлыгы менен бекитилген.

8 Концепцияда берилген маалыматка ылайык, Кыргызстанда 80ден ашуун билим берүүчү исламдык диний мекеме иштейт.

9 Аныктама «Концепциянын негизги терминдери жана түшүнүктөрү" тиркемесинен (31 бет) алынган. Тиркемени төмөнкү шилтеме аркылуу окусаңыз болот: http://www.president.kg/files/docs/DIN_KONCEPCIYASY_2014.pdf

10 Ibid.

коомдук уюмдар жана башка министрликтер, ведомстволор колдоо көрсөткөн. Долбоор улуттук, общиналык жана коомдук деңгээлде маалыматтарды түзүү жана аялдар менен кыздар дуушар болушу мүмкүн болгон гендердик теңсиздик жана зордук көрсөтүү коркунучу тобокелдиктеринин негизги факторлорун аныктоо максатын көздөйт.

Изилдөөнүн жүрүшүндө маалыматтарды жыйноонун жана талдоонун сапаттык жана сандык ыкмалары колдонулду. Диний Компонент “Гендер коомдун кабыл алуусунда ” аттуу жалпы улуттук изилдөөнүн (GSPS) бештен бир бөлүгү болуп саналат. 2015-2016-жылы изилдөөчүлөрдүн башка тобу изилдөө иштеринин дизайнын иштеп чыгып, талаа изилдөө иштерин жүргүзүп, изилдөөнүн негизги маалымат базасын түзгөн. Чогултулган маалыматтарга аналитикалык талдоо жүргүзүп, биздин топ бул аналитикалык баяндаманы иштеп чыкты. Талдоонун негизги максаты - Кыргызстандагы диний жандануунун гендердик ролдорго, аялдардын укуктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө, коомдук биримдикке, өлкөдөгү коомдук биримдиктин жана туруктуу тынчтыктын сакталышына тийгизген таасирин толук жана ар тараптан илик- төө болуп саналат.

Баяндама төрт негизги бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдө Кыргызстандын аймагында ар кандай диний ишенимдердин түзүлүшү жана тарыхый өсүп-өнүгүшү тууралуу негизги адабияттык маалыматтар жана буга чейинки ишке ашырылган изилдөөлөр жөнүндө баяндалат.

Адабияттык талдоонун натыйжалары бул баяндаманын аналитикалык өзөгүн түзөт. Экинчи бөлүмдө колдонулган усулдар жана техникалар, аларды колдонуу түрү баяндалат. Андан соң баяндаманын теориялык өзөгүн түзгөн “диний копинг” жана “капитал” концепттеринин кыскача аныктамасы берилет. Мындан тышкары бөлүмдө диний жандануу менен аялдардын азат болушунун (эманципация) өз ара байланыштарынын өлкөдөгү тынчтыкка жана тынчтыкты куруу процесстерине тийгизген таасирлери боюнча концептуалдык түшүнүктөр баяндалат. Үчүнчү бөлүмдө мусулман топтогу респонденттер, анын ичинде динди карманган жана кармабаган аялдар, эркектер жана эксперттер менен жүргүзүлгөн маектешүүлөрдүн жана фокус-топтук маектердин жыйынтыктары берилет. Жыйынтыктар “диний копинг”, гендердик ролдор жана адамдык капитал концепттеринин призмасы аркылуу талкууланып баяндалат. Мындан тышкары, сандык жана сапаттык булактардан алынган маалыматтарды айкалаштыруу аркылуу бул бөлүмдө, коомдун диний радикализмди жана экстремизмди кабыл алуусу тууралуу баяндалат. Төртүнчү бөлүмдө башка диндерди карманган респонденттер, анын ичинде православ христиан, протестант, католик, бахаи, буддизм, кришнаизм жана теңирчилик диний ишенимдерин кармангандар менен маектешүүлөрдүн жыйынтыктары баяндалат. Акыркы бешинчи бөлүмдө, изилдөөдө алынган негизги натыйжалар жалпы теориялык негиздөөлөрдүн негизинде талкууну камтыйт. Ошондой эле, "аял-аманатташтыруу" жаңы теориялык түшүнүгү тууралуу изилдөөнүн гипотезалары баяндалат. Ушуну менен бирге бул бөлүмдө келтирилген жыйынтыктарга карата киргизилген сунуштарга да орун берилет.

# 1

# АДАБИЯТКА СЕРЕП

1

# АДАБИЯТКА СЕРЕП

Исламды кабыл алганга чейин кыргыздар арасында жергиликтүү элдик ишенимдер менен чырмалышкан ар түрдүү диний түшүнүктөр өкүм сүрүп турган. Алардын арасында өзгөчө ири орунду теңирчилик, тотемизм жана шаманчылык (шаманизм) диний түшүнүктөрү ээлеген (Табышалиева 2000; Рэдфорд 2011; Султанова 2011). Теңирчилик түшүнүгүнө байланыштуу Теңир Ата жана Умай Эне деген ишеним культтары кыргыздардын руханий турмушунда олуттуу роль ойноп келишкен. Теңир Ата - ааламдагы материялык жана материялык эмес түзүлүштөрдү башкарып турган жогорку кудай болуп саналса, Умай Эне үйдүн колдоочусу, балдардын төрөлүшүн жана алардын төрөлгөндөн кийинки убактарындагы ден соолугун жана бакубаттуулугун коргоп келген кудай катары таанылган (Султанова 2011: 2-3).

Кыргыздардын арасында кенири тараган эң алгачкы диний түшүнүктөрдүн бири болуп тотемизм түшүнүгүн белгилешибиз керек. Тотемдик түшүнүктөргө байланыштуу кыргыздар өздөрүн жаратылыштан бөлүп караган эмес, адамдар жана жандуу жаратылыш бир бүтүн нерсе катары кабылданган. Айрым кыргыз уруулары бугу, багыш, бөрү, үкү жана жору (тотемдик) жаныбарлардын аттары менен да аталып келген (Ашымов 2003: 134). Тотемизм менен катар кыргыздардын диний түшүнүктөрүндө шаманчылык көрүнүктүү орунду алып келген. Шаманисттик ишенимде адамды курчаган бардык нерселер, өсүмдүктөр, айбанаттар маанилүү роль ойногон. Мындан тышкары адамдын өмүрү менен өлүмүнө таасир тийгизип, оору-сыркоо чакырчу каардуу же ийгилик ыроолочу мээримдүү арбактарга ишеним күчтүү болгон.  Белгилей кетчү нерсе, теңирчилик, тотемдик жана шаманчылык диний түшүнүктөрү кийин пайда болгон Ислам динине адаптацияланып, бүгүнкү күнгө чейин алардын калдыктары сакталып келаткандыгы бир кыйла кызыгууну туудурат.

Исламдын Борбор Азияда алгачкы таралышы 751-жылы Талас суусунун боюндагы салгылашууда Аббасий халифатынын Тан (кытай) империясын жеңиши менен байланыштырылат. Анын артынан жергиликтүү башкаруучу элита жана жалпы калк жаңы динди кабыл ала баштаган (Хеят 2004; Алишева 2003; Рэдфорд 2011; Муглу 2016). Ислам Фергана өрөөнүндө тез жайылып, бирок көчмөн кыргыз жана казак урууларынын арасында Исламдын таралышы узак жана оор процесс болгон.

Көчмөн түрк урууларынын Исламды кабыл алуусунда накшибандия тарикатын жолдогон Суфий жамаатынын таасири чоң болгон. Буга суфизмдин элементтеринин мистикалык мүнөзү жана алардын жергиликтүү элдик ишенимдерге (айрыкча шаманчылык ишенимине) окшоштугу себеп болду. Андыктан көчмөн элдер тарабынан жакшы кабыл алынган (Абу Хасан 2002; Балчи 2010; Мырзабекова 2014). Изилдөөчүлөрдүн ырасташынча, Фергана өрөөнүндө жашаган түштүк кыргыз урууларынын жана өзбектердин арасында Ислам алда канча тереңирээк тамыр жайган болсо, түндүк кыргыз урууларынын арасында исламдаштыруу процесси 19-кылымга чейин созулган. Кыргыздардын жана өзбектердин арасында Исламдын кенири таралышы Исламга чейинки диний ишенимдерге күчтүү таасир тийгизген, бирок аларды толугу менен алмаштыра алган жок. Тескерисинче, исламдаштыруу процессинде Исламдын иделогиясы жана жөрөлгөлөрү белгилүү бир даражада байыркы диний ишенимдер менен айкалышып жашап турган (Хеят 2004: 277). Жыйынтыгында кыргыздардын салттуу Ислам диний көз карашына синкретизм мүнөздүү болуп калган.

Байыркы ишенимдер менен Ислам дининдеги жөрөлгөлөрдүн синкреттелишинин бирден бир натыйжасы болуп Кыргызстандын бүткүл аймагындагы касиеттүү ыйык жерлердин болушу жана бул сыяктуу жайларга адамдардын зыярат кылуусу эсептелинет. Көбүнчө мындай ыйык касиеттүү объекттер болуп улуу адамдардын көрүстөндөрү (мазарлар), ыйык тоолор, касиеттүү булактар жана шаркыратмалар эсептелет (ibid). Башка мисал – табибдер (шамандар), алар адамдын денесинен жинди кууп чыгаруу жөндөмдүүлүгүнө ээ деп эсептелинет. Умай энени аялдардын коргоочусу катары караган Теңир культу жарым-жартылай Мухаммед пайгамбардын аялы Айша энеге жана анын кызы Фатима энеге которулган (Султанова 2011: 3).

20-кылымдын башында большевиктер бийликке келген маалда азыркы Кыргызстандын аймагында Ислам жергиликтүү маданияттын ажыратылгыс элементи катары калыптанып, жуурулушуп калган. Жергиликтүү калк өздөрүн чын мусулман деп эсептешип, башка сырттан келген мусулман эмес адамдардан айырмаланып калышкан. Анткен менен жергиликтүү калк тарабынан атеисттик көз караштагы марксисттик-ленининдик идеологияга ачык карама-каршылык болгон эмес. Тескерисинче, Совет

бийлигинин башкаруучу таптын эл массаларын эксплуатациялоого мүмкүнчүлүк түзгөн капиталисттик түзүлүштү талкалоо, жергиликтүү аймактарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо деген ураандары жергиликтүү элдин кызыгуусун туудурган. Белгилей кетчү нерсе, Октябрь революциясынын алгачкы жылдарында Совет бийлигинин орнолушуна мусулман жадиддер колдоо көрсөткөн. Мындай кадамдарга алар Совет бий- лигин урматтагандыктан эмес, Ислам маселесин чечүү жана аны заманбап цивилизацияга ылайык реформалоо үчүн барышкан. Большевиктер жергиликтүү мусулман интеллектуалдарына кайрылууга мажбур болушкан. Анткени алар мусулман аймагында Исламга каршы согуш жүргүзүү мүм- күн эмес экенин түшүнүп турушкан (Султанова 2011; Дельщад 2003). 1917-жылы большевиктер Орусиянын жана Азиянын мусулмандарына тикелей кайрылып, Лениндин кайрылуусун таратышкан. Кайрылууда мындай деп айтылат: "Мечиттери жана сыйынуучу жайлары талкаланып, ишенимдери жана каада-салттары падышалар жана кугунтуктоочулары тарабынан талкаланып келген Орусиянын жана Чыгыштын бүткүл мусулман эмгекчилдери, мындан ары силердин ишенимиңер жана салтыңар, улуттук жана маданий мекемелериңер эркин жана кол тийгис деп жарыяланат. Силердин буга укугуңар бар". (алгач цитата орус тилинде Дельшад 2003: 166 келтирилген). Жадиддердин жана башка мусулман уюмдардын колдоосу совет бийлигинин Орто Азия регионунда толук кандуу орношуна жана бекемделүүсүнө чоң өбөлгө түзгөн. Бирок жадиддер большевиктерге аймакта совет бийлигин орнотууга жардам бергенден кийин, 20-кылымдын ортосунда большевиктер Исламга каршы чабуулга өтүп, муну айрым медреселерди жабуудан башташкан. Убакыт өтүп, бул толук чабуулга айланган: Ислам билим берүү мекемелери жана мечиттер талкаланган, Ислам диний интеллектуалдары басмырланган жана кыргыз алфавити арабдан латынга, андан соң кирилл арибине өткөрүлгөн (Халид 2003: 576-577). Бул Совет бийлигинин пан-исламдык кыймылга каршы күрөшүүдө маанилүү кадамы болгон.

Мындан соң И.В. Сталиндин буйругу менен Түркстан Автономдуу Советтик Социалисттик Республикасы жоюлуп, анын ордуна беш улуттук Советтик республика түзүлгөн (Өзбек ССР, Түркмөн ССР, Казак ССР, Тажик ССР жана Кыргыз ССР). Султанованын (2011:8) айтымында, мындай мамлекеттик түзүлүштүн максаты Орто Азиядагы мусулмандарды бөлүндүрүү жана динчилдерди жоготуу болгон. Ушул учурдан баштап Исламга каршы пропаганда (атеисттик пропаганда) иштери активдүү жүргүзүлө баштаган. Бардык жаңы түзүлгөн улуттук республикаларда атеизм расмий доктрина болуп жарыяланган. Ага ылайык, диний билим берүү мекемелер кыскарып, андан соң биротоло жоюлган. Ошону менен катар диний жөрөлгөлөргө тыюу салынып, бардык диний сыйынуучу үйлөр жана мекемелер жабылып же бузулган (Хейат 2004: 275; Акинер 2003: 97). Совет бийлигинин мындай репрессиялык иш-аракеттери Орто Азия регионунда мусулмандардын диний түзүлүшүн кескин начарлаткан. Муундар ортосундагы диний ордун басуучулук кескин жоготууга учураган (Акинер 2003: 98). Исламга каршы бар- дык репрессиялык чаралар жергиликтүү калктын кылымдардан бери келген каада-салттарын жана үрп-адаттарын бузуу максаты менен жүргүзүлгөн.

Советтик Кыргызстанда маданий ыңкылап карапайым калкка билим берип, аларды театр, балет, заманбап искусство жана поэзия менен тааныштырганы менен, ошол эле маалда кыргыздардын кылымдардан бери калыптанып келген үй-бүлө институту жана каада-салттары олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Коммунисттик партия ийгиликтүү карьера жасоого дарамети бар мүчөлөрүн орус же башка славяндарга үйлөнүүгө шыктандырып турган, натыйжада салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды кийинки муунга өткөрүп берүүгө бут тоскон. (Дельшад 2003: 120). Совет бийлиги аялдардын хижаб жана никаб кийгенине тыюу салып, аларды эркектер менен катар билим алууга, коом- дук өндүрүшкө жана саясий ишмердикке активдүү катышууга чакырган.  Акырындап аялдар хижаб жана никаб кийгенди токтотуп, кийинчерээк толу- гу менен жүздөрүн ачып, коомдук-саясий ишке жана өндүрүш ишине жигердүү тартыла баштаган (Delshad 2003: 120).

Буга карабастан совет мамлекети кыргыз коомун толугу менен дүниябий кыла тургандай дымагы болгон эмес жана адамдар алыскы айыл-кыштактарда турмушун Ислам баалуулуктарына ылайык жүргүзүп, майрамдары белгилеп, диний жөрөлгөлөрдү (үжүрө, нике, жаназа, сүннөт, курман айт, орозо айт) жүргүзүп келишкен (Акинер 2003; Халид 2003; Хеят 2004). Мамлекеттик органдардын билдирүүлөрүндө диний ишенимдердин али жок болбогону тууралуу дайыма айтылып турган, ошондуктан эмгекчилдердин массасында диний мүнөздөгү маанайды көзөмөлдөө же божомолдоо максатында Орто Азия жана Казакстан Мусулмандар Диний Башкармалыгы (САДУМ) түзүлгөн. Аталган башкармалыктын алдында ыкчам түрдө Ташкент жана Бухара шаарларында эки мусулмандар окуу жайы

(«Мир-Араб» Бухара медресеси жана Ташкент Ислам институту) ачылган (Халид 2003; Уолтерс 2014).

Акинердин (2003) ырасташынча, Совет бийлигинин дин аралашпаган мамлекеттик түзүм куруу шарттарында Орто Азия мусулмандарынын Исламга карата диний ишенимдери акырындык менен төмөндөп, анын баалуулугу көбүнчө маданий жана этникалык өзгөчөлүктөрүн (каада-салттарды кармануу) аныктоо менен чектелип калган (97-бет).  Пелкман (2007) да Совет бийлигинин улуттук саясаты Орто Азияда Исламды улуттук, этникалык жана маданий элементтери менен чыр- малышына алып келген, бул өз учурунда, Орто Азия республикаларында  “динсиз мусулмандардын” пайда болушуна алып келген деп белгилейт. Совет мезгили учурунда азербайжандар менен кыргыздардын Ислам динине карата болгон мамилелерин талдап чыгууда Хейат (2004) аларды “жүрөгү менен мусулман, бирок ой-жүгүртүүсү менен атеисттер” деген жыйынтыкка келген (275). Дильшад (2003) Ислам дининин советтик идеологиялар менен синкретизделишинин себептерин төмөндөгүдөй түшүндүрүп берет: Орто Азия мусулмандарынын арасында кеңири тараган ханафий мазхаб агымы диний ишенимдердин таптакыр жоголуп кетүүсүнө жол бербөө үчүн өз жолдоочуларына Жаххиля (наадандык) мезгилинде динди жашыруун тутууга уруксат берет (121-б.).

1991-жылы Советтер Союзунун кулашы жана эгемендүүлүктүн жарыяланышы менен Кыргызстанда, башка постсоветтик Азия республикаларындай эле, диндин кайра жаралуусу башталган. Башка багытта пайдаланылган мечиттер кайрадан колдонууга берилип, жаңылары ачылган; Меккеге зыярат кылуу жана мусулман өлкөлөрү менен дипломатиялык байланыштар калыбына келтирилген; жаңы медреселердин жана башка диний билим берүү демилгелеринин саны кескин өскөн, ал эми коомдо динчилдиктин белгилери көрүнө баштаган[11]. Исламдын кайра жаралуусунун жана чет өлкөлүк диний уюмдарга карата “ачык эшик” саясатынын натыйжасында Кыргызстанда дагы бир маанилүү көрүнүш байкалган – түрдүү Христиан конфессиялар жана башка диндер келип, кеңири жайыла баштаган.

Кыргызстанда диндин кайра жаралуу факторлорун түшүнүү максатында, бир нече илимий-изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Төмөндө бул изилдөөлөрдүн кыскача баяндамасы көрсөтүлгөн.

11 Айдаралиевдин баамында (2009), мусулман диний түзүмдөрүнүн саны 1946-жылы 20 болсо, 1989-жылы 36га жеткен, андан ары 2015-жылы 2 618ге чейин өскөн, 2030-жылы 6000ге чейин өсөт деп күтүлүүдө.

МакГлинчи (2009) постсоветтик Кыргызстандагы Ислам дининин кайрадан жандануусун жана анын тез таралышынын факторлорун Ислам кайра жаралуунун үч негизги теорияларына салыштырма талдоо жүргүзүү аркылуу анализдеген. Анын белгилөөсүндө, Исламды батыш маданиятына жооп катары же улуттук иденттешүү процесстерин негизи катары караган трансулуттук теориялар Кыргызстандын шартында колдонууга мүмкүн болгон эмес. Андыктан Кыргызстанда Исламдын тездик менен жандануусун түшүндүрө алышпайт. МакГлинчинин баамында, Кыргызстандагы Исламдын кайрадан жандануусу көбүнчө өлкөдөгү социалдык-экономикалык жана саясий кырдаалдын кескин түрдө начарлашы менен шартталган. Анын айтымында, кризистик кырдаалда кыргыз коомчулугунда руханий жакындыкка ээ болуу муктаждыктары илгерилеп, жарандардын динге кайра кайрылуусуна түрткү берген. Хейаттын (2004) айтымында да, постсоветтик мезгилдеги кеңири жайылган жумушсуздук, жакырчылык, паракорчулук жана калк арасындагы терең моралдык кризис сыяктуу терс көрүнүштөрдүн орун алышы Кыргызстанда Исламдын тездик менен жандануусуна түрткү болгон. Ошол эле маалда Пелкманс (2007) жана Балчи (2010) постсоветтик Борбор Азия өлкөлөрүндөй эле кыргыз мамлекети Ислам- ды улуттук иденттүүлүктү жана мамлекеттин леги- тимдүүлүгүн бекемдөө максатында улутту куруу аспабына айландырган дегенге макул.

Акырындап Ислам уюмдарынын саны кыйла өсүп, Ислам коомдук жашоонун негизги факторуна айланган. Бирок жергиликтүү жана эл аралык эксперттердин баамында, айрым диний уюмдар жашыруун түрдө радикалдуу жана экстремисттик маанайдагы иш-аракеттерди жүргүзүп, мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыгына коркунуч туудуруп, өтө кооптуу кырдаал жаратууда. Соңку кезде эркектер менен бирге радикалдуу диний агымдарга кыз-келиндердин жана аялдардын активдүү катышып жатканы байкалууда. Тилекке каршы Кыргызстандагы аялдардын арасындагы диний радикалдашуу боюнча талдоо жана изилдөө иштери салыштырмалуу аз.

Кризистерди алдын алуу боюнча эл аралык топтун 2009-жылы “Кыргызстан: аялдар жана алардын диний радикалдашуусу” деген баяндамасы жарыялаган. Анда Кыргызстандагы “Хизб-ут Тахрир” радикалдуу диний жабык партиясына аялдардын тартылуусу күч алып баратканы белгиленген. Баяндамада белгиленгендей, 2009-жылга карата Кыргызстанда аталган диний-экстремисттик уюмдун мүчөлүгүндө болжолу менен 2000ден 8000 ге аял турган (ICG,2009: 1-2). Баяндаманын

авторлорунун пикиринде, аялдардын “Хизб-ут Тахрир” уюмуна азгырылып кетишинин бир нече себеби бар. Биринчиси – тиешелүү бийлик органдарынын жана мамлекеттик институттардын кызкелиндердин жана аялдардын диний жана башка материалдык эмес турмуш-тиричилигине, керектөөсүнө, муктаждыгына шайкеш келүүчү атайын улуттук саясатты иштеп чыккан эмес (7-8-б). Экинчиден, Совет бийлигинин кулашынан кийин өлкөдөгү социалдык-экономикалык абалдын туруксуздугу менен аялдардын жашоо шарттары кескин түрдө начарлап кеткен. Оор абалдан чыгуу же үйдөгү зомбулуктан же салттуу топтордун социалдык кысымынан качуу аракетинде айрым аялдар диний уюмдардан колдоо издөөдө (8-б.). Мындай шартта улуттук мамлекет идеясын четке каккан «Хизб-ут Тахрир» өңдүү радикалдык уюмдар оор турмушка кабылган кыз-келиндерге жана аялдарга социалдык жактан колдоо көрсөтүү менен тымызын өз тарабына тартууда. (10-12-б). «Мутакалим» Аялдардын прогрессивдүү коомдук бирикмесинин төрайымы Жамал Фронтбек кызы диний-экстремисттик уюмдар кыз-келиндердин жана аялдардын оор абалынан, сабатсыздыгынан жана жакырчылыгынан пайдаланып, аларды өз катарына тартып жатканын белгилейт (Мутакалим 2017).[12] Анын баамында, мусулман аялдарынын кеңири катмарына атүгүл башталгыч диний билим берүү же конкреттүү аялдарга байланышкан маселелерди чечүү боюнча расмий каналдардын жоктугу кырдаалды ого бетер тереңдетти.

Учурда Кыргызстанда диний чөйрөдө бир нече мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар иш алып барат. Алардын бири – 1996-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу түзүлгөн Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы (ДИМК). ДИМК түзүлгөндөн бери бир нече жолу реформаланып, 2012-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карамагынан Кыргыз Республикасынын президентинин карамагына өткөрүлүп берген. ДИМК “диний чөйрөдө мамлекеттик саясатты калыптандыруу жана жүзөгө ашыруу боюнча иш жүргүзгөн жана дин жагында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын ишин координациялоочу Кыргыз Республикасынын борбордук органы болуп” эсептелинет. ДИМКтин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат: 1) диний уюмдардын иштерине мониторинг жүргүзүү жана алар менен өз ара аракеттенүү жана маалыматтык алмашуу: 2) мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, поликонфессиялык коомдун дөөлөттөрүн, принциптерин сактоо боюнча агартуу ишин жүргүзүү; 3) жарандардын укуктарына жана мыйзамдуу таламдарына, конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттик коопсуздукка зыян келтирген же коркунуч туудурган диний экстремисттик топтордун ишмердигин алдын алуу: 4) диний экстрмисттик уюмдардын ишмердигин алдын алуу жана каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик программаларды иштеп чыгууга катышуу ж.б. Агенттик өзүнүн артыкчылыктуу багыты катары гендер менен дин ортосундагы өз ара байланышты белгилебейт жана аялдардын муктаждыктарына багытталган атайын программаларды ишке ашырбайт.

Кыргызстанда диний чөйрөдө ДИМКтен тышкары дагы бир нече бейөкмөт уюмдар иш алып барууда. Алар: Кыргызстан мусулмандар диний башкармалыгы (же башкача айтканда муфтият)[14], диний билим берүү мекемелери (медреселер, университеттер, борборлор, ж.б.), диний коомдук уюмдар жана бирикмелер (Маликов 2010: 8). Бул уюмдардын ичинен эң ириси жана таасирдүүсү болуп муфтият эсептелинет. Муфтияттын негизги милдеттери болуп Кыргызстанда басылып чыккан жана колдонулган диний мазмундагы адабияттарга жана сереп жүргүзүү жана стандартташтыруу, Ислам мыйзамдарына байланышкан маселелердин юридикалык чечмеленишин берүү, жыл сайын Меккеге ажылыкка барууну уюштуруу жана координациялоо, шарият нормалары жана принциптери боюнча түшүндүрмө берүү, дааватчылардын иш-аракеттерине мониторинг жүргүзүү ж.б. саналат. Аялдардын радикалдашуусуна жана экстремисттик диний идеологияларды жайылтууда аялдардын ролунун активдешүүсүнө байланыштуу 2013-жылы муфтияттын алдында аялдар менен иштөө бөлүмү ачылган. Бирок каражаттын жетишсиздигинен улам аталган бөлүм бир жылга жетпей кайрадан жабылган. Аялдардын радикалдашуусу өлкө аймагында кеңири кулач жайып баратканын баса белгилөө менен, муфтияттын мындай чечими аялдардын арасындагы диний лидерлер, саясатчылар, аналитиктер жана эл аралык укук коргоочулар тарабынан катуу сынга алынган (ЭКТ 2016; УМА Ислам журналы 2017[15]; Мутакалим 2017[16]).

12 The full text of the online article is available under “Religia: zhenshiny vse bolshe radikalizirujutsia”, Mutakkalim, at: [http://www.mutakallim.kg/ru/publication/news/39] (29.05.2017)

13 Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө Жобо, 2012-ж. 23-март ПЖ № 71 http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/61761

14 "Что волнует женщин религиозных лидеров?” макаланы толугу менен төмөнкү шилтемени басып окуй аласыз: http://ummamag.kg/ru/articles/sore/940_chto_volnuet_zhenschin _religioznyhliderov

15 http://ummamag.kg/ru/articles/sore/940_chto_volnuet_zhenschin _religioznyhliderov

16 “Жамал Фронтбек кызы: «Мусулман аялдары өз билим деңгээлин жогорулатышы керек» макаланы толугу менен төмөнкү шилтемени басып окуй аласыз: [http://www.mutakallim.kg/ru/publication/news/38]

Жогоруда белгиленип кеткендей, Кыргызстанда эки дин агымы расмий түрдө салттуу дин статусу менен бекемделген. Алар сунниттик Ислам (суннит Исламынын ханафий мазхабы) жана православ Христиан (Орус православ чиркөөсү).

Кыргызстанда православ Христиан дининин тарыхы XVIII-XIX кылымдарда Орто Азияга Орусия империясынын кириши менен башталат[17] 2012-жылы православ дини Кыргызстанда пайда болгондугунун 140 жылдыгын белгиледи. Учурда Орус православ чиркөөсү Кыргызстандагы Христиан багытындагы диний уюмдардын ичинен эң ириси болуп эсептелинет. Азыркы мезгилде Кыргызстандын аймагында 49 чиркөө коому жана бир аялдар монастыры иштейт.

Мындан тышкары Кыргызстанда диний чөйрөдө көптөгөн бейөкмөт диний уюмдар активдүү иш алып барууда. 2000-жылдан тартып алардын саны кескин көбөйүп, 2000ден ашты (ЭКТ, 2017). Алардын арасында диний көз караштагы аялдар менен иш жүргүзүүчү атайын бир нече уюмдар да бар.  Аялдар менен иштеген диний бейөкмөт уюмдардын ичинен эң активдүүсү жана коомчулука кеңири белгилүүсү болуп «Мутакалим» Аялдардын прогрессивдүү коомдук бирикмеси саналат. Аталган бирикме 1999-жылы мусулман активист аялдардын демилгеси менен уюшулган. Бирикме Кыргызстандагы мусулман аялдардын укугун коргоо, билим деңгээлин көтөрүү жана лидерлик жаатында алардын иш-аракеттерин жакшыртуу боюнча маанилүү иш-аракеттерди алып барууда. Мындай иш-аракеттер аркылуу бирикме коомчулукта мусулман аялдын позитивдүү имиджин калыптандыруу максатын көздөйт.  Мындан тышкары бирикме эл аралык донорлор менен бирге аялдарга карата зордуксомбулукту жоюу, камактан чыккан аялдарды социалдык жактан реабилитациялоо, ВИЧ/СПИД менен ооруган аялдарга колдоо көрсөтүү, аялдардын укуктарын коргоо ж.б. иштерди жүргүзөт (Маликов 2010: 11). Бирикме Кыргызстанда мусулман аялдарга паспортко жоолукчан түшүү жана кыздардын мектепте жоолук салынуу маселелерин чечүүдө чоң роль ойногон.

Соңку жылдары Кыргызстанда “Мастурат Жамаат” деген аялдар диний кыймылынын активдешүүсү байкалууда (Мукарамова 2014). «Мастурат Жамаат» “Таблиги жамаат" уюмунун негизинде 1920-жылдары Индияда негизделип, Кыргызстанга 1990-жылдардын аягында келе баштаган. Учурда аталган кыймыл кыргыз мусулман аялдарынын арасында кеңири жайылууда (Насритдинов ж.б. 2014; Балчи 2010). Аталган жамаатка мүчө болгон аялдар махрамдарынын (күйөөсү, атасы, эркек бир тууганы же баласы) коштоосунда үч, 15 же 40 күндөп Кыргызстандын ар кайсы аймактарына дааватка чыгышып, башка аялдардын арасында Ислам динине үгүттөө иштерин жүргүзөт. Анткен менен мастурат аялдар диний жамааттын иш-аракеттеринин мусулман аялдардын үй-бүлөдөгү жана коомдогу абалына тийгизген таасири жөнүндө маалымат жетиштүү эмес.

Мусулман багытындагы диний уюмдар менен бирге 1990-жылдан тарта Кыргызстанда Христиан багытындагы уюмдардын саны да кескин өскөн. Жогоруда белгиленгендей, алардын ичинен динге ишенгендеринин жана диний объекттердин саны боюнча эң ириси болуп Орус Православ чиркөөсү саналат. Диний чөйрөдөгү мам- лекеттик саясаттын концепциясында (2014-2020- ж.ж.) келтирилген маалыматтарга ылайык, башка христиандык диний уюмдардын ичинен Кыргызстанда расмий түрдө: төрт католик, 50 баптист, 20 лютерандык, 56 «элүүнчүлөр», 31 «Жетинчи күндүн адвентисттери», 38 пресвитериан, 43 харизматикалык, 41 Иегова күбөлөрү, 18 башка христиан уюмдары, 26 чет элдик протестанттык миссия бар. Мындан тышкары Кыргызстанда бир жөөт жамааты, бир буддисттик жана 12 бахаи дининин жамааты расмий каттоодон өтүп, иш алып барууда (2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы, 2014, 14 б.)

Кыргызстанда православ, католик жана жөөт жамааттары тарыхый жана маданий мураска ээ болгону менен, жогоруда саналган диний конфессиялардын жана диндердин көпчүлүгү салыштырмалуу “жаңы” болуп эсептелинет. Кыргыздардын арасынан протестанттык агымга өтүү учурлары 1991-жылдардан тарта кеңири каттала баштады. Диний эксперттердин баамында, учурда протестанттык агымдын жолдоочуларынын саны болжолу менен 15 000ден 30 000ге чейин адамды түзөт (Насритдинов ж.б. 2014: 41; Рэдфорд 2011: 3; Пелкман 2007: 883).

17 Биринчи чиркөөлөр Орус империясынын аскер кызматкерлери үчүн убактылуу гана ачылган, кийинчерээ Орусиядан орус көчөрмандардын келиши менен чиркөөлөрдүн саны көбөйүп, Орус православ чиркөөсү туруктуу мүнөздө иш алып бара баштаган. Кыргызстандагы Орус православ чиркөөсүнүн тарыхы боюнча, И.Озмительдин “Православные епархии на территории Киргизии” (макалага шилтеме http://www.ctaj.elcat.kg/pdf_files/e001.pdf)  жана “История православия в Кыргызстане” (макалага шилтеме: http://cheloveknauka.com/istoriya-pravoslaviya-v-kyrgyzstane-hih-hh-vv) аттуу эмгектери менен таанышыңыз.

Мусулман кыргыздардын православ Христиан динине өтүүсүнө беш жыл бою кеңири социологиялык изилдөө жүргүзгөн Рэдфорд (2011) белгилегендей, репрезентативдик статистикалык сандардын жоктугуна карабастан, социалдык-демографиялык көрүнүштөр белгилүү болууда. Изилдөөгө ылайык, башка динге өткөн 424 адамдын 68% аялдар, 32% эркектер түзөт. Аймактын масштабынан алып караганда, башка динген өткөндөрдүн 63% шаардыктар, ал эми 32% элеттиктер түзөт. Рэдфорд (2011) жана Пелкман (2007) башка динге өткөндөрдүн басымдуу бөлүгүн түндүк аймактарынын, аны менен катар Чүй, Ысык-Көл облустарынын жана Бишкек шаарынын тургундары түзөөрүн аныкташты.

Пелкман (2006; 2007; 2010) эмне үчүн Кыргызстан чет элдик диний миссионерлер үчүн жагымдуу болгонун түшүндүргөн өз ара байланыштагы бир катар факторлорду келтирет. Биринчиден, Кыргызстанда айрыкча эгемендүүлүктүн алгачкы он жылында дин жаатындагы мамлекеттик саясат либералдуу мүнөздө болуп, чет элдик диний миссионерлердин иш-аракеттеринин жайылышына чоң түрткү берген. Экинчиден, Исламдын коомдук жана саясий турмушка таасиринин чектелүү болгонунан, жалпысынан Ислам тууралуу билим деңгээлинин төмөндүгүнөн улам посткоммунисттик мусулман жамааты менен иштөө жеңил болгон. Үчүнчүдөн, коммунисттик “атеисттер” менен протестанттык агымдын жолдоочулардын ортосундагы фундаменталдык айырмачылыктарга карабастан алардын маданиятка карата мамилеси абдан окшош болгон (2007: 882-883). Коммунисттердей эле евангелисттер да өз идеологиясын динди маданияттан ажыратуу аркылуу жайылтууга аракеттенишкен. Ошентип улуттук жана диний идентүүлүктөрдү айкалыштыруу менен Совет бийлигинин атеисттик саясаты байкабастыктан Кыргызстанда "маданий Исламдын" өсүшүнө салым кошкон деп айтууга болот. Рэдфорддун (2011) пикиринде, Христианчылыкты кабыл алууда, кыр- гыздар мурдагы кыргыз-мусулман идентүүлүктөрүн бузуп, Христиан баалуулуктарынын призмасы аркылуу өзүнүн кыргыз идентүүлүгүн кайра баамдоого, этникалык чек аралардын салттуу маркерлерин кабыл алышкан.

Мындай көрүнүштөр жергиликтүү саясатчылар, ошондой эле мусулман жана Христиан дин өкүлдөрү тарабынан терс кабылданууда (Пелкман 2006: 35). Алардын баамында, кыргыздардын идеологиялык жана диний белгилер боюнча айырмаланышы кыргыз коомунун биримдигине коркунуч туудурушу ыктымал (Насритдинов ж.б. 2014). Жергиликтүү маалымат каражаттарында чет элдик диний миссионерлер гипноз жана башка заманбап психологиялык ыкмалар же жалган маалыматтарды берип, адамдардын баштарын айлантып, акырындап өз катарларына тартууга аракеттенген уюмдар катары баяндалат (Макбриен ж.б. 2008: 95, Мурзахалилов 2004: 86).

Ушудан улам коомчулукта башка динге өткөн кыргыздарга карата терс пикирдеги көз караштар калыптанып, акырындап жергиликтүү жамааттар арасындагы ар кандай тирешүүлөргө жана көйгөйлөргө себеп болууда. Эксперттердин пикири боюнча, көбүнчө башка динге өткөндөр өз үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана туугандарынын айыптоосуна, кабыл албоосуна дуушар болушуп, үй-бүлө ичиндеги мамилелер начарлайт. Мындан тышкары алар жергиликтүү жамааттар тарабынан башка динге өткөн деп айыпталышып, ар кандай басмырлоого кабылгандыгы айтылган. Натыйжада башка динге өткөн кыргыздар менен жергиликтүү калк ортосунда ар кандай деңгээлдеги тирешүүлөр пайда болууда. Мындай тирешүүлөр акырындык менен башка динге өткөндөрдүн коомдук турмуштан четтелишине жана алардын укуктарынын, анын ичинде ызаат менен жерге берилүү укугунун бузулушуна алып келүүдө. Мисалы, Ислам динин карманган жергиликтүү тургундар башка динге өткөн маркумдун сөөгүн жергиликтүү мусулмандарга таандык көрүстөнгө коюлусуна каршы чыгууда. Өз каршылыктарын аныктоодо, жергиликтүү тургундар Кыргызстандын алгачкы муфтийи Кимсанбай ажы чыгарган фатвага [18] шилтеме кылышат.

Христиан топтору, ошондой эле укук коргоочулар муну башка динге өткөндөрдүн жарандык укуктарын тикелей бузуу катары баалап, өлкөдөгү диний чыңалууга көмөктөшкөнү үчүн Ислам лидерлерин айыптап келишет.

Кыргыздардын Христиан багытындагы диндерге өтүү (прозелитизм) маселеси аз изилденген. Пелкман (2006; 2007; 2010) кыргыз Христиандары тууралуу кеңири сын талдоо жүргүзгөн аз изилдөөчүлөрдүн бири болуп саналат. Ал Кыргызстандагы Христиан багытындагы миссионерлердин ишмердүүлүгүнүн үч логикалык принциптерин белгилейт: "Христианчылыкты де-руссификациялоо”, "кыргыз маданиятын де-исламдаштыруу" жана "Христианчылыкты

18 Биринчи муфтий Кимсанбай ажы, фатва чыгарып, башкадиндегилер мусулмандар менен бирге көмүлбөсүн деп билдирген.

кыргыздаштыруу" (2007: 885). Бул теориялык принциптерди жалпылап карасак, биринчиден, "Христианчылыкты де-руссификациялоо” негизи Христианчылыкты кабыл алган кыргыз улутундагы адамдарга улуттук өзгөчө белгилерге байланыштуу терс пикирлерге туруштук берүү үчүн өтө маанилүү болуп саналат. Экинчи принцип Исламдын ролун жана таасирин азайтуу менен, Исламды кыргыз маданиятынан ажыратууга багытталган иш-аракеттерди камтыйт. Ал эми үчүнчү принцип христианчылыкты кыргыз маданиятына интеграциялоого багытталган иш-аракеттерине негизделет.

Бул принциптерди иш жүзүнө ашырууда протестант миссионерлер ар түрдүү стратегияларды колдонуп, айрым учурларда ачык-айкын иш жүргүзгөн эмес (Пелкман 2009). Мисалы, 2008-жылы мамлекет тарабынан коомдук миссионердик иш- ке, расмий мамлекеттик каттоодон өтүүсүнө айрым бир чектөөлөрдү киргизгенден кийин айрым миссионерлер неолибералдык риториканы кабыл алып, өнүгүү максатында гуманитардык жардам көрсөтүү деген шылтоо менен иштерин улантышты.

Кыргызстандагы диний көп түрдүүлүктүн өнүгүүсүнүн жана калыптануусунун шартында теңирчилик – шамандык, анимисттик жана зоростристтик элементтерин бириктирген синкреттик ишеним – кайрадан жанданып, учурда мамлекеттин колдоосун издөөдө.[19] Белгилей кетүүчү нерсе, Ислам келгенге чейин теңирчилик түшүнүгү кыргыздарда гана эмес, байыркы түрк тилдүү элдердин баарында эле болгон. Анын негизги принциби бул ар бир адамдын айлана-чөйрө менен гармонияда жашоосу, андыктан ар бир адам Асман Теңирине, Күн Теңирине, Ай Теңирине, Жылдыз Теңирине, Жер Теңирине, Суу Теңи- рине, Тоо Теңирине, От Теңирине, Баба (арбактар) Теңирине, Кан (согуш) Теңирине табынуусу зарыл болгон. Учурда Кыргызстанда, теңирчилик уюмунун 50,000 чамалуу жолдоочусу бар, алардын арасында бир катар белгилүү саясатчылар, маданият жана кино ишмерлери да бар. Алардын бир катар аракеттерине карабастан, теңирчиликти дин катары расмий каттоо диний чыр-чатактын отун тутандырабы деген кооптонуудан улам Дин иштери боюнча комиссия аны каттоодон баш тартууда.[20] Бирок белгилей кетүүчү нерсе, теңирчиликтин айрым жолдоочулары теңирчиликти тек гана философиялык дүйнө тааным катары сыпатташат. Ал эми анын башка жолдоочулары өздөрүн теңирчилер эмес, бирок “узулмандар” (жарым-жартылай мусулмандар) деп таанышат. Узулмандар Исламдын айрым баалуулуктарын кабыл алып, бирок ошол эле учурда Исламда эркектерге узун сакал коюу жана аялдарга хижаб кийүү сыяктуу нормалары менен макул эмес. Анткен менен теңирчиликтин бардык жолдоочулары Ислам баалуулуктарын ордуна байыркы кыргыз маданиятын жана ата-бабаларынын салттуу ишенимин кайтаруу идеясын үгүттөшөт. Алардын пикиринде, Ислам салттары бөтөн араб маданиятынан келгендиктен кыргыздардын табигый чөйрөсү үчүн кабыл алынгыс болуп саналат.

19 “Кыргызстан аалам таануучулары теңирчиликти дин катары таанууну суранышууда” макаланы толугу менен төмөнкү шилтемеден таба аласыз:

20 ibid

Кыргызстандын Совет мезгилине чейинки, ошол маалдагы жана азыркы учурдагы диний ишенимдер тууралуу изилдөөлөр жана адабияттык маалыматтарды талдоодо, төмөндөгүдөй негизги боштуктар аныкталган:

- Кыргызстандын диний жагдайына тарыхый кайра түзүүлөр процесстеринин гендердик ролдорун түзүлүшүнө тийгизген таасири (Исламга чейинки - Ислам - учурдагы);
- Учурдагы диний жандануунун аялдардын мүмкүнчүлүктөрүнө, коомдук мобилдүүлүгүнө, адамдык капиталына тийгизген таасири;
- Коомдун аялдардын диний мобилдүүлүгүн кабыл алуусу (кайчылаш-диний көз караштардан);
- Секулярдык кыймылдардын өлкөдөгү көп түрдүү диний мейкиндиктин калыптанышына карата реакциясы, коркуу жана ыза болуу сезимдери;
- Диний чөйрөдөгү кайра түзүүлөрдүн улуттук, коомдук жана үй-бүлөлүк деңгээлде биримдиктин жана тынчтыктын калыптанышына жана өнүгүшүнө тийгизген кесепеттери менен таасирлери.

Мындан тышкары эмне үчүн аялдар экстремисттик идеологияларга тез азгырылат, согуш зоналарында аялдардын реалдуу ролу кандай, кандай коомдук-структуралык шарттар аялдардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн радикалдашуусуна түрткү берерин түшүнүү кеңири изил- дөө иштерин талап кылынат. Бул суроолорго так жооп алуу үчүн радикалдуу

идеяларга берилип, экстремист болуп кеткен аялдар менен кенен маектешүү талап кылынат. Бирок GSPS алкагында мындай мүмкүнчүлүк каралган эмес. Биз Кыргызстандагы аялдардын радикалдашуусу боюнча көп адабияттык маалымат бербейбиз, бирок айрым маалымат булактарга шилтеме берилет (шилтеме аркылуу).[21]

21 Аялдардын радикалдашуусу тууралуу көбүрөөк маалымат алуу үчүн төмөнкү булактарга кайрылыңыз:

Search for Common Ground: “Kyrgyzstan Publications on Freedom of Religion or Belief (FoRB)”
Search for Common Ground: “Key Messages and Media Channels of Youth Recruitment in Kyrgyzstan”
Search for Common Ground: “Review: Reducing Violent Religious Extremism and Promoting Peace in Kyrgyzstan and Central Asia”
Search for Common Ground: “Search – Kyrgyzstan publications on violent extremism”
Search for Common Ground: “Search – Kyrgyzstan publications on violent extremism”
OSCE (2013): “Women and Terrorist Radicalization Final Report”
Saferworld (2016): “Saferworld briefing: Radicalisation and extremism in Kyrgyzstan: Perceptions, dynamics and prevention”
International Crisis Group (2015): “Syria Calling: Radicalisation in Central Asia”
International Crisis Group (2016): “Kyrgyzstan: State Fragility and Radicalisation”
UN Women (2017): “The Roles of Women in Supporting, Joining, Intervening in, and Preventing Violent Extremism in Kyrgyzstan,” Women and Violent Extremism in Europe and Central Asia

# 2

# МЕТОДОЛОГИЯ ЖАНА ТЕОРИЯ

2

# МЕТОДОЛОГИЯ ЖАНА ТЕОРИЯ

Изилдөөнүн негизги максаты Кыргызстандагы диний кайра жаралуунун гендердик жана коомдук мамилелерге тийгизген таасирин салыштырмалуу кайчылаш- конфессионалдык жактан иликтөө болуп саналат. Изилдөөнүн конкреттүү суроолору төмөнкүлөрдөн турат:

- Диний кайра жаралуунун гендердик мамилелерге жана аялдардын үй- бүлөлүк, общиналык жана коомдук деңгээлдердеги ролуна жана мүмкүнчүлүктөрүнө кандай таасир тийгизет?
- Диний кайра жаралуунун контекстинде аялдар кантип өз ролдорун бөлүштүрүү боюнча чечимдерди кабыл алат?
- Диний кайра жаралуу социалдык бирдиктүүлүктүн жана туруктуу тынчтыктын сакталышына кандай таасир тийгизет?

Изилдөөнүн маалыматтык базасы көп өлчөмдөгү ар түрдүү материалдардан турат. Алар сапаттык жана сандык изилдөө ыкмаларды колдонуу аркылуу чогулган. Бул маалыматтарды топтоодо жана иштеп чыгууда ‘QUAL+quant’ талдоо ыкмасы колдонулган. Аталган ыкма сандык жана сапаттык маалыматтарды өз-өзүнчө талдоого жана салыштырууга мүмкүнчүлүк берди. Сапаттык маалыматтар негизинен ушул аналитикалык баяндамынын алкагында анализденген, ал эми сандык маалыматтар “Гендер коомдун кабыл алуусунда” аттуу изилдөө долбоорунан алынган. Изилдөө маалыматтары 2016-жылдын ичинде чогултулган.

“Гендер коомдун кабыл алуусунда” изилдөө долбоору регионалдык деңгээлде (жети дубан, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларында) жүргүзүлүп, 5960 үй кожолугун (15 жана андан жогору жаштагы 16,145 адамдын катышуусу менен) камтыган. Үй кожолуктарын изилдөөдө суроолор тизмеги пайдаланылган. Сурамжылоо беш бөлүктөн турган. Алар: аялдардын саясатка катышуусу, аялдардын экономикалык укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү, аялдарга карата зордук-зомбулук, аялдардын диний радикалдашуусу, миграция жана анын аялдарга тийгизген таасири. Маалыматтарды иштеп чыгуу борборлоштурулган түрдө жүргүзүлгөн.

Маалыматтарды киргизүү менен бирге алгачкы таблицаларды алуу үчүн статистикалык милдеттерди белгилөө боюнча иштер жүргүзүлгөн. Бардыгы болуп анкеталардын бардык бөлүктөрү боюнча 100дөн жогору аналитикалык таблица иштелип чыккан. Маалыматтарды киргизүү программасы адистештирилген CSPro топтомунда иштелип чыккан жана ал маалыматтарды арифметикалык жана логикалык жактан анализдөөгө мүмкүндүк берген. Маалыматтарды киргизүүдө, аларды иргөөдө жана талдоодо Улуттук статистика комитетинин адистери SPSS программасын колдонгон.

Изилдөөнүн сапаттык компоненти "БУУ-нун Аялдар" түзүмүнүн изилдөө тобу тарабынан 2016-жылы жүргүзүлгөн. Кыргызстандагы жалпы диний абалды аныктоо максатында изилдөө респонденттери бир нече чакан топторго бөлүнгөн. Алар: жалпы мусулман калк арасындагы аялдар, хижаб кийген мусулман аялдар, мигрант тажрыйбасы бар мусулман аялдар[22], мусулман диний аалымдар жана эксперттер, Исламдан башка диний агымдарга жаңыдан кирген аялдар, майда диний агымдарды жолдогон аялдар (православ, Христиан, иудаизм), майда диний агымдар боюнча эксперттер жана жалпы диний эксперттер. Маалыматтарды чогултууда 196 жарым-жартылай түзүмдөштүрүлгөн маектер жана 96 топтук талкуулоо (фокус-топтор) жүргүзүлгөн. Респонденттер төмөндөгүдөй диний ишенимдерди тутунганы боюнча бөлүштүрүлгөн: Ислам, православ Христиан, католик Христиан, протестанттык Христиан, бахаи, буддизм, кришнаизм жана теңирчилик. Ар бир изилдөө тобуна өзүнчө суроолор тизмеги пайдаланылган. Төмөнкү таблица респонденттердин репрезентативдүү тиз- мегин көрсөтөт:

22 A total of 22 hijabi women with international labour migration experience in Russia, Kazakhstan and the United Arab Emirates were examined as a distinct sub-group, based on the assumption that due to multi-faceted vulnerabilities and insecurities in the host and home country, migrant women can come under the influence of radical Islamic ideologies. The interview guidelines were correspondingly developed to examine structural factors influencing migrant vulnerabilities and insecurity in migration, and their gender dimension, female migrants’ perception of these, survival strategies and the possibility of encountering destructive ideologies.

ТАБЛИЦА 1

## Респонденттердин репрезентативдүү тизмеги

| | 1. Интервьюлар | Аялдар | Эркектер | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|
| 1.1 | Улуттук диний эксперттер | 8 | 2 | 10 |
| 1.2 | Мусулман диний эксперттер | 5 | 18 | 23 |
| 1.3 | Майда диний эксперттер | 7 | 8 | 15 |
| 1.4 | Жалпы мусулман калк арасындагы аялдар | 40 | 0 | 40 |
| 1.5 | Хижаб кийген мусулман аялдар | 22 | 0 | 22 |
| 1.6 | Эмгекчи-мигрант тажрыйбасы бар мусулман аялдар | 22 | 0 | 22 |
| 1.7 | Башка диний агымдарга кирген аялдар | 64 | 0 | 64 |
| | **Бардыгы** | 168 | 28 | 196 |
| | **2. Топтук талкулоо катышуучулар** | **Аялдар** | **Эркектер** | **Бардыгы** |
| 2.1 | Жалпы калк арасындагы эркектер жана аялдар (49 топтук талкулоо) | 220 | 110 | 330 |
| | **Бардыгы** | 388 | 138 | 526 |

Бул изилдөө отчетунун үстүндө иштеген топ кошумча талдоо жүргүзүү үчүн сандык жана сапаттык баштапкы маалыматтарды колдонгон. Аталган топ маалымат чогултуу инструменттерин иштеп чыгууга же баштапкы маалыматтарды чогултууга катышкан эмес. Чоң көлөмдөгү сапаттык маалыматтар MAXQDA сапаттык маалыматтарды талдоо программасынын жардамы менен талданган. Бул программанын жардамы менен чийки маалыматтар изилдөөнүн максаттарына ылайык тематикалык коддорго жана категорияларга бөлүнгөн соң талданган (Удо Кукартцдын методологиясынын негизинде). Сапаттуу натыйжалар негизги тематикалык категориялар боюнча бөлүнүп, андан соң сандык натыйжалар менен кайчылаш-текшерүү аркылуу ыраатуу түрдө иликтенген. Изилдөөнүн сапаттык жана сандык компоненттери өз ара байланышта болгону менен, колдонулган методологиялар бири-бири менен шайкеш келишпейт. Сапаттык компоненттин максаты диний кайра жаралуунун контекстинде коомдун гендердик ролдорду кабыл алуусун иликтөө болсо, сандык компонент мамлекет куруудагы Ислам жана светтик баалуулуктары арасындагы байланышты жана ошондой эле жалпы мусулман калк арасындагы диний радикалдашууну иликтөөгө басым коёт. Мындан тышкары эки компонент тандоо ыкмалары менен айырмаланат. Сапаттык компоненттин алкагында тандалма респонденттердин диний ишенимдери, жашаган жери боюнча жана ошондой эле жалпы калктын жана диний эксперттердин ой-пикирлери иликтөө максатында жүргүзүлгөн. Ал эми сандык компоненттин алкагында тандалма респонденттердин жашы, жынысы жана жашаган жери боюнча (шаар/айыл) гана жүргүзүлгөн. Бул факторлор изилдөө маалыматтарына кайчылаш-текшерүү жүргүзүүдө кыйынчылыктарды жараткан. Ошондуктан бул изилдөө негизги маалымат булагы катары сапаттык жыйынтыктарды пайдаланат.

Изилдөөнүн методологиялык негизин Кеннет Паргаменттин “диний копинг” (англ. religious coping) аттуу теориясы жана Пьер Бурдьенин “символикалык жана маданий капитал” жана “габитус” концепциялары түзгөн. Аталган теориялардын негизинде бул изилдөө диний кайра жаралуунун өлкөдө социалдык бирдиктүүлүктүн жана туруктуу тынчтыктын сакталышына тийгизген таасирин иликтөөгө багытталган.

Биринчиден, Паргаменттин “диний копинг” теориясы индивидуалдык жана коомдук деңгээлдерде диний жандануунү шарттаган факторлорду түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Бул

теорияга ылайык, күнүмдүк турмуштагы кыйынчылыктар менен күрөшүүдө же психологиялык жардам издөөдө адамдар көбүнчө ар түрдүү материалдык эмес копинг механизмдерин издей баштайт. Материалдык эмес копинг механизмдеринин ичинен диний баалуулуктар эң таасирлүү ролду ойнойт. Абу Райа жана Паргаменттин (2015) белгилөөсүндө, диний копинг ар кандай деңгээлде бардык эле диний ишенимдердин арасында кездешет. Паргаменттин (2000) баамында, айрыкча жашы улгайган адамдар, улуттук азчылык өкүлдөрү жана ошондой эле өмүргө коркунуч туудурган кризистерге дуушар болгон адамдар динге кайрылышат.

Коомдогу диндин ролу жөнүндөгү мурдагы концепциялардын негизинде, Паргамент диний копинг механизмдеринин төмөнкү беш негизги функцияларын белгилейт:

- Мазмун: дин адамдарга жашоонун мазмунун түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет (Клиффорд Гииртс, 1966);
- Көзөмөл: дин адамдарга турмуштагы кыйынчылыктар шартында көзөмөл сезимине жетишүүдө белгилүү бир ыкмаларды сунуш кылат (Эрик Фромм, 1950);
- Ыңгайлуулук: Кудайга жакын болуу менен дин адамдарга сооронууга мүмкүнчүлүк берет;
- Жакындашуу: дин башка адамдар менен жакын болуп, ошондой эле социалдык тилектештик жана жалпы идентүүлүк үчүн мүмкүнчүлүк берет (Эмиль Дюркхайм, 1915);
- Жашоо образынын өзгөрүүсү: дин адамдарга эски индивидуалдык баалуулук системаларынын өзгөртүүсүнө жана ошону менен жашоодогу жаңы баалуулук-маанилүүлүк маңыздарга жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Диний копинг концепциясы негизинен алгылыктуу көрүнүш катары кабыл алынат. Бирок бир катар психологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, диний копинг адамдарга жалпысынан пайдалуу таасир тийгизгени менен, кээ бир учурларда ал стресстин көлөмүнүн күчөшүнө алып келиши да мүмкүн (Паргамент 1997, 1998; Бьорк ж.б. 2007; Хеберт ж.б. 2009). Башка эмпирикалык изилдөө- лөр көрсөткөндөй, диний копинг механизмдери диний фундаментализм менен стресс башкаруу ортосунда алгылыктуу роль ойной алат (Ано ж.б, 2015). Диний копинг теориясына таянуу менен, бул изилдөө Кыргызстандыгы мусулман жана мусулман эмес аялдар арасындагы диний кыймылды изилдөөгө аракет кылат.

Экинчиден, аялдар арасындагы диний кыймылдын коомдогу гендердик ченемдерге, ролдорго жана мамилелерге тийгизген таасирин түшүнүү үчүн изилдөө Пьер Бурдьенин “капитал” концепциясына таянат. Аталган концепцияга ылайык, капиталдын үч түрү бар: маданий (билим көлөмү, академиялык даражасы, кесиптик сапаттары жана тажрыйбасы ж.б.), коомдук (жеке байланыштарга жана мамилелерге негизделген ресурстар) жана экономикалык (финансылык жана физикалык ресурстар). Бурдьенин белгилөөсүндө, капиталдын бул үч түрү өз ара тыгыз байланышта болуп, бири-бирине таасир тийгизип турат (Бурдье, 1986: 243). Мисалы, адам өзүнүн академиялык даражасын же кесиптик сапаттарын колдонуу аркылуу (маданий капиталын) жумушка орношо (экономикалык капитал) алат. Ошол эле учурда жеке байланыштарга жана мамилелерге негизделген ресурстар аркылуу адам кандайдыр бир маалыматка же көндүмдөргө ээ болуп өзүнүн маданий жана ошондой эле экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн жогорулата алат. Булардын баары адамдын габитусун – адамдын коомдогу ордун, жүрүм-турумун жана мүмкүнчүлүктөрүн аныктайт (Ашал, 2004: 26). Бурдьенин баамында, адамдар көбүнчө өз социалдык жүрүм-турумун жана баалуулуктарын жынысына жана жашаган жерине ылайыкташтырат (Бурдье, 2001: 55). Бул гендердик габитус түшүнүгүнө алып келет.

Бурдьенин гендердик габитус түшүнүгү жардамы менен кээ бир теоретиктер аялдардын социалдык жактан бекемделген “аял” ролдордун жана нормаларын кармануусун түшүндүрүүгө аракеттенет. Алардын талкууларынын негизги маңызы гендердик габитуска таянган аялдар билим алууда жана кесип тандоодо көбүнчө жыныстык белгиси боюнча чечим кабыл алышат. Айлык акысынын өлчөмү жана карьералык өсүү мүмкүнчүлүгү сыяктуу талаптар мындай аялдар тарабынан сейрек каралат. Бул коомдо аялдарды баш ийген абалга кептеген стереотиптүү ролдордун жана салттуу көз караштардын сакталуусуна жана алардын кийинки муундун улан-кыздарына өтүүсүнө өбөлгө түзөт.

Бул изилдөөнүн алкагында биз “гендердик габитус” – бул аялдардын жана эркектердин адамдык капиталынын ар кандай түрлөрүнө жеткиликтүү болушун гана аныктабай турганын, ошондой эле

алардын ролдорун, жоопкерчиликтерин жана аларга жүктөлгөн жөндөмдөрдү калыптандырат жана көбөйтөт деген аныктамага таянабыз. Патриархалдык коомдо капитал менен гендердик ролдорго карата мындай жеткиликтүүлүк эркектер аялдардан жогору турат деген түшүнүккө негизделген. Капиталга, ресурстарга жана мүмкүнчүлүктөргө жеткиликтүүлүктүн бирдей эместигинин макро жана микро деңгээлдеги тынчтыкка тийгизген таасирин түшүнүү абдан маанилүү болуп саналат.

Диний нормалар жана ишенимдердин негизинде аялдарга карата укук бузуу жана системалуу коомдук басмырлоо үй-бүлөлүк, жамааттык жана улуттук деңгээлде биримдиктин жана тынчтыктын сакталышына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Гендердик маселелер жана аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча атайын кеңешчинин кеңсеси (ОСАГИ) билдиргендей, тынчтыкты орнотуудагы гендердик мамиле аялдардын багыңкы абалы алардын системалуу түрдө бузулушуна алып келет деген аксиомага негизделет. Бул баяндамада биз диний нормалар менен шартталган гендердик габитустун макро жана микро деңгээлдеги тынчтыктын сакталышына, ошондой эле исламдашуунун жана башка диний агымдардын кулач жайышы коомчулуктун арасында туруктуу биримдиктин сакталышына тийгизген таасирин аныктоого аракеттендик.





*Жогорудан төмөн карай:*

*GSPS респонденти медресе мугалими болуп иштейт. Коомдук транспортто бара жаткан кези чагылдырылган.*
*© «БУУнун Аялдар» түзүмү/ Эльёр Нематов*

*GSPS респонденти сабактарында кыздрга диний негиздерди  гана  үйрөтпөстөн, жогорку билим алууну да үндөйт.*
*© «БУУнун Аялдар» түзүмү/ Эльёр Нематов*

3

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ МУСУЛМАН ТОП

3.1

# ДИНИЙ КОПИНГ

# ШҮГҮР, САБЫР ЖАНА АМАНАТ

Изилдөөнүн негизги суроосуна жооп берүүдөн мурда Кыргызстанда аялдардын динге кайрылуу жагдайларын иликтеп чыгуу зарыл. Ушуга байланыштуу динге кайрылууда аялдар өздөрүнүн ролдорун жана милдеттерин аныктоосун жана бөлүштүрүүсүн түшүнүү абдан маанилүү болуп саналат. Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, Кыргызстандагы динге кайрылган мусулман аялдардын эки кеңири жайылган тобу бар. Биринчиден, бул постсоветтик мезгилде динди катуу карманган үй-бүлөлөрдө тарбияланган жана бала кезинен Ислам баалуулуктарын карманган аялдар. Экинчиден, бул мурда динге ишенбеген, бирок жашоосунун белгилүү бир учурунда Ислам динине келген ар кандай курактагы аялдар. Көбүнчө мындай учурлар турмуштук оор кырдаалдар (үй-бүлө мүчөлөрүн жоготуу, катуу оору, бир коркунучтуу окуядан кийин аман калуу), үй-бүлөлүк абалынын өзгөрүшү (динди катуу карманган үй-бүлөгө келиши, ажырашуу, жесир калуу) жана башка татаал турмуштук тажрыйбалар менен мүнөздөлөт.

Мисалы, 55-60 жаш курактагы Чүй облусунда жашаган Заринанын[23] айтымында, ал жолдошу көз жумгандан кийин узак убакыт бою депрессияда болгон. Бир мусулман тууганын кеңеши боюнча ал Исламга кайрылып, Куранды үйрөнгөн. Исламга кайрылуу менен, Зарина жашоонун чыныгы мааниси, өлүм, тирилүү жана өлүмдөн кийинки жашоо жөнүндө көп ой жүгүртүп, акырындап депрессиядан арылган. Дагы бир мисал, Марина – мусулман эркекке турмушка чыккан орус улутундагы аял. Маринанын айтымында, ал Исламга бир нече жылдык байкоолордон улам өз каалоосу менен кайрылган. Анын айтымында, Ислам баалуулуктары ага жубайы, балдары жана кайната-кайненеси менен урмат-сый менен мамиле түзүүгө жана ошондой эле үй-бүлөлүк адеп-ахлактык жана коопсуз чөйрө курууга мүмкүнчүлүк берет:

> *“Жолдошум каза болгондон кийин менин динге кайрылуум чоң жардам болду. Ислам баалуулуктары жана Кудайга сыйынуу мага жашоомду өз колума алып, кайрадан нормалдуу жашаганга мүмкүнчүлүк берди. [...] Кочкор шаарчасында жашаган алыс тууганым мени исламга алып келди. Ал өзү имам болбосо да, мага Кудайга сыйынганды үйрөттү. Кудайга сыйынуу менен мен кадимкидей тынчып, ойлорум ордуна келе баштады. Балдарыма кайрадан көңүл буруп, аларды мурдагыдай тарбиялаганга кириштим. Ага чейин кыжырданып, отуруп алып эле ыйлай берчүмүн” (CH_12_Muslim_general: 40-50).*

> *«Мен мусулман кишиге турмушка чыккам. [...] Акырындык менен мен жолдошумдун үй-бүлөсүнүн жашоо-турмушун, бири-бирине болгон мамилелерин байкай баштадым. [...] Алардын бири-бирине ынактык жана сый менен мамиле кылуусу мага абдан жакты. [...] Мен 17 жашымда турмушка чыккам, үйлөнгөнүбүзгө мына 36 жыл болду. Альхамдулиллях! Мен турмушка чыкканга чейин Христиан болчумун. Жолдошум мени Исламды кабыл ал деп кыйнаган жок. Эч кимди зордоп Кудайга ишендире албайсың да, туурабы? Бул уу берип ичиргендей да. [...] » (CH_06_Muslim_hijabi_general: 38-44)*

Мусулман аялдардын арасында сабыр жана шүгүр деген түшүнүктөр кеңири таралган. Сабыр (Араб тилинен которгондо “чыдамдуулук”, “сабырдуулук” деген маанини берет) мусулман аялдарды оор кырдаалдарда чыдамдуу жана сабырдуу болууга үндөйт. Ал эми шүгүр (араб тилинен “ыраазычылык билдирүү” деген маанини берет) барчылыкта да, жокчулукта да Аллах Таала тарабынан берилген материалдык жана руханий баалуулуктарга ыраазычылык билдирүүгө үндөйт. Кыргызстандын шартында бул эки түшүнүк мусулман аялдарга социалдык жана экономикалык факторлордун таасири менен шартталган айрым жеке кыйынчылыктарды (үй-бүлөлүк кризистик учурлар, ажырашуу, ж.б.) жеңип чыгууда күч берди.

Ислам негизинен ажырашууга жол бергени менен, Ислам жубайларды ажырашуудан мурда чыдамкайлык жана сабырдуулук менен ортодогу келишпестиктерди чечип, үй-бүлөнү сактап калууга үндөйт. Бир катар аял-респонденттердин айтымында, сабыр кылып, дуба жасоо менен алар жолдошторунун аракечтигин, айтылган уят сөздөрүн жана зулумдугун кечирип, кайын журту менен келишпестиктерди жөнгө салышкан.

23 Респонденттердин аты-жөнү өзгөтүлгөн.

Ислам дининин баалуулуктарын жана ишенимдерин жетекчиликке алуу менен, мусулман аялдар калган үй-бүлө мүчөлөрү, жакын тууғандары жана тааныштары арасында Ислам баалуулуктарын жайылтууда жигердүү аракеттерди көрүп келүүдө. Бул коомчулукта кеңири тараган аялдар Ислам динин мажбур түрдө кабыл алууда деген көз караштарга карама-каршы келет. Төмөнкү маектешүүдөн үзүндүлөр Ислам дининин баалуулуктарын коомчулукка жайылтууда аялдардын ролу чоң экендигин аныктайт:

> *"Менин ата-энем билимсиз болчу. Диний көз караштарына байланыштуу алар мектепке барышкан эмес. Мен балдарыма Ислам дининин баалуулуктарын бекем кармоону, бир гана Аллахка сыйынып намаз окууну, анын каарынан коркуп башка бирөөнүн мүлкүн тартып албоону жана ошондой эле өздөрүнүн жана башкалардын аманатына этият болууну үйрөтүүгө аракеттенем. Менин оюмча аялдар Ислам дининин баалуулуктарын жайылтууда чоң ролду ойнойт. Аял – бул медресе. Аял – бул мектеп. Үй-бүлөдөгү ыймандын жана адеп-ахлактын калыптануусу толугу менен энелерден көз каранды деп ишенем. Анткени аталар көбүнчө үйдө боло бербейт, ошондуктан балдарды тарбиялоого алардын убактысы жок" (OS_30_Muslim_general: 70-70).*

> *"Аялдар динге тез берилет. Кудай аялдарды өтө түшүнүүчү жана акылдуу кылып жараткан деп ишенем. Дал ушул себептерден улам бала бакчаларда, мектептерде жана жогорку окуу жайларда көбүнчө аялдар иштейт. Аялдар табияттан таануучу жана үйрөтүүчү болуп жаралат. Көп кыргыз эркектери муну түшүнө бербейт. Ошондуктан алар аялдарына билим алууга же иштөөгө уруксат бербейт. Алардын ою боюнча аялдар үйдө эле отурушу керек. Динди катуу карманган айрым эркектер аялдарын коомчулуктан тап- такыр эле бөлүп салышат. Эгер аялдар туура диний билим алса, алар коомдо туура диний ишенимдерди жана принциптерди тарaтмак. Менин оюмча, аялдардын мамлекетибизде биримдикти сактоодо жана чыңдоодо ролу чоң!" (CH_06_Muslim_hijabi: 57-57)*

Бирок парадокс жагы да бар: үй-бүлөдө Ислам дининин баалуулуктарын жайылтуу менен катар аялдар өз үй-бүлөсүндө жана коомдо гендердик стереотиптердин таралышына жана үй-бүлөлүк жана гендердик ролдорду бөлүштүрүүдө патриархалдык адаттардын үстөмдүк болуусуна өбөлгө түзүүдө. Ыйык Куранда эркек менен аялдын ортосундагы рухий теңдик жана адилеттүүлүк жөнүндө айтылганы менен, экөөнүн табияты ар башка болгондуктан Аллах Таала аларга түрдүү социалдык ролдорду, укуктарды жана милдеттенмелерди белгилеген. Куранда, мисалы, эркек үй-бүлөнүн багуучусу, коргоочусу жана үй-бүлө башчысы деп белгиленген, андыктан ага үй-бүлөлүк маанилүү маселелерде бир тараптуу чечим кабыл алуу укугу ыйгарылган. Ал эми аялга үй тиричилигин жүргүзүү, бала багуу, тарбиялоо ж.б.у.с. милдеттер каралган. Исламда гендердик ролдордун мындай бөлүштүрүлүшү аялдарды каржылык, материалдык жана моралдык жактан көз каранды абалга коёт. Ушул себептен улам изилдөөнүн респонденттери белгилеп кеткендей, аялдар үй-бүлөдөгү өз ролун жана позицияларын аныктоодо аманат түшүнүгүнө шилтеме жасайт.

Аманат аялдарга үй-бүлөдө өз укуктарын жана таламдарын коргоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат деген түшүнүк учурда мусулман аялдардын арасында маанилүү орунду ээлейт. Белгилей кетчү нерсе, аманат принциптеринин практикада жүзөгө ашырылышы эркектер (күйөөлөрү) тарабынан да ал принциптердин маанилүүлүгүн таанууну, сыйлоону жана кабыл алууну талап кылат. Жубайлардын "бир тилде сүйлөшүүсү" жана бири-биринин талаптарын кабыл алуусу эки жактан тең нике жана үй-бүлө маселелерине тиешелүү диний этикалык нормаларды толугу менен жетекчиликке алуусун талап кылат. Көптөгөн мусулман аялдардын ички туюмунда, аманат принцибине таянуу аларды үй-бүлөдөгү өздөрүнүн материалдык жана руханий муктаждыктарын камсыз болуусунун кепилдигин берет. Дагы бир белгилей кетчү нерсе, аялдар диний нормалар аларга үй-бүлөдө туруктуу тынчтыкты жана ынтымакты сактоого жардам берет деп ишенишет:

> *"Биз эми урушпай калдык! [бардыгы күлөт]. Аялдар менен эркектер ортосундагы теңчилик тууралуу талаш-тартышыбызды токтотуп, биз бири-бирибизге кыйкырганды койдук! Эми биз бири-бирибиз менен жай маанайда сүйлөшөбүз" (FGD_47; 216-219)*

> *"Исламды кабыл алуудан мурун ал эл менен учурашчу эмес, улууларды такыр эле сыйлачу эмес. Атүгүл бир тууган эжесин да сыйлачу эмес. Азыр эми ал өзүнүн туугандарына, эжелерине, апасына сый-урмат менен мамиле жасайт" (FGD_48; 216-219)*

*“90-жылдары биздин шаарчабызда көп эле эркектер арак ичип, анан аялдарын көгала кылып эле кордошчу. Азыр тургундардын көбү Исламды кабыл алышкан, эми болсо көчөдөн бир дагы аракечти көрбөйсүң. Бардыгы эле тынч жашоодо!” (FGD_27; 4-4)*

*“Ал көп ичкендиктен биз мурун дайыма эле урушуп жүрчүк. Бир чоң уруштан кийин мен андан такыр эле кетип калгам. Кийинчерээк ал Исламды кабыл алгандан кийин менден кечирим сураганы келген. Ал ошондо «мени кечирип кой. Мен көп нерселерди түшүнбөптүрмүн» деп айткан. Биз кайрадан чогуу жашай баштадык. […] Андан бери 3-4 жыл өттү. Ал кадимкидей өзгөрүп кетти. Намаз окуганды үйрөндү. Мени менен жакшы сүйлөшүп, мени көбүрөөк уга баштады. Аны көрүп мен да динге кайрылдым. Мен эми Кудайдан балдарымдын бакубат келечегин суранам. Алардын атасындай болуп арак ичкенин каалабайм” (BA_09_Muslim_general: 172-177)*

Жогоруда белгиленгендей, Ислам дининин баалуулуктарына жана нормаларына таянуу менен аялдар да, эркектер да өздөрүнүн мурдагы (Исламга кайрылганга чейинки) жана азыркы жашоолорунда бир нерсени курмандыкка чалат. Тактап айтканда, Ислам нормалары үй-бүлөлүк көптөгөн маселелерге карата эркектер менен аялдар ортосундагы жүрүм-турумдун жана мамилелердин өзгөрүшүнө алып келет. Мисалы, үй-бүлө маселелерине тиешелүү диний этикалык нормалар аялдардын жеке социалдык жана эмгек рыногундагы мобилдүүлүгүнө бир катар чектөөлөрдү коет. Көбүрөөк динчил келген аялдардын социалдык мобилдүүлүгү төмөнүрөөк болот. Ислам диний нормаларын кабыл алууга чейинки турмушта алар туугандары жана достору менен жолугуу, коомдук иштерге катышуу, билим алуу же жумушка орношуу боюнча өз алдынча чечим кабыл ала алышса, азыр алар бир жакка барарда же кандайдыр бир маанилүү чечим кабыл аларда күйөөлөрүнүн уруксатын алууга тийиш. Эгер бара турган жер 90 км ашык аралыкта болсо, алар күйөөсүнүн же башка эркек тууганын узатуусунда гана бара алышат.

Мусулман аялдардын айтымында, көбүнчө мындай нормалар жашоо шарттарына дал келбей, бир топ ыңгайсыздыктарды жаратат. Мисалы, алыс жакка барарда аларды коштоп баруу үчүн күйөөлөрүнүн убактысы дайыма эле боло бербейт же болбосо үй-бүлөдө эки адамдык жол чыгымдарын төлөөгө каражат жетиштүү боло бербейт. Ушул себептерден улам айрым мусулман аялдар күйөөлөрү менен эпке келишип, Кыргызстандын ичинде өз алдынча кыдырууга мүмкүнчүлүк алышкан. Алардын айтымында, алар Кыргызстандан башка жакка барарда гана күйөөлөрүнүн же башка эркек же аял туугандарынын коштоосунда болууга тийиш. Ошол эле маалда айрым хижаб кийген аялдар экономикалык кыйынчылыктардан улам алар эч кимдин коштоосу жок Казакстанга же Орусияга эмгек миграциясына кетишип, бейтааныш (махрам эмес)[24] чөйрөдө жашоого жана иштөөгө аргасыз болгон:

*“[терең үшкүрүнүп] Албетте диний көз караштан алганда аялдын алыс жакка махрам жок барган туура эмес. Бирок менин эки эркек бир тууганым өздөрүнүн үй-бүлөлөрү бар болгондуктан мени коштой алышкан жок. Андыктан мен үй-бүлөмдөн жөн гана уруксат алып, өзүм жалгыз кеткенге аргасыз болдум. Мен иштеп, акча табышым керек болчу” (Бишкек_50; 52-66)*

*“Мен жалгыз бой эне болгондуктан өзүм жалгыз кеткем. Ал жактан мени агам тосуп алган […] Албетте мен ал жакка махрам менен барганым туура болмок, бирок тилекке кар- шы жагдай ошондой болуп калды […]” (ЖА_10; 44-47)*

*“Ал учурда биз абдан кыйналып турган элек. Жетишээрлик өлчөмдө тамак-аш жана кийим алганга да акча жок эле. Андан тышкары биз балдарыбызды да үйлөнтүшүбүз керек болчу. Мугалим болуп иштеп, мен айына 2000 сом тапчумун. Бул акча тамак-ашка да жетчү эмес. Ушул себептерден улам мен үй-бүлөмдү калтырып ал жакта мигрант болуп иштегенге аргасыз болгом. Бирок мен ал жактан да беш жолу намаз окуп жүрдүм. Ал жакта мен арабдар менен ашпозчу болуп иштечүмүн. Биздин карыздарыбыз да көп эле…” (ОШ_14_мигрант: 66-73)*

Мындан тышкары тиешелүү өзүнчө спорт жайларынын жоктугунан улам хижаб кийген мусулман респонденттер гендердик аралаш фитнес борборлорго, бассейндерге же стадиондорго бара албастыгын билдиришти. Анткен менен, аталган респонденттердин өздөрүнчө тийиштүү эс алуу иш-чараларын уюштуруу боюнча атайын аракеттерди жасашкан эмес.

24 «Махрам» – бул мусулман аялдар жакын тууганы болгон үчүн же нике аркылуу тууган болгон үчүн турмушка чыга албаган эркектердин категориясы (мисалы, атасы, чоң атасы, чоң-чоң атасы ж.б.; баласы, небереси, чөбөрөсү ж.б.; агасы же тайкеси, бөлөсү жана эжесинин баласы; энесинин күйөөсү, күйөөсүнүн атасы, чоң атасы, чоң-чоң атасы; ошондой эле күйөөсүнүн баласы, небереси, чөбөрөсү ж.б.). Тема тууралуу толук маалыматты бул жерден окуңуз: [https://islamqa.info/en/5538] (29.05.2017)

# 3.2 ЭЛ АРАЛЫК МИГРАЦИЯНЫН ШАРТТАРЫНДА АЯЛДАРДЫН ДИНЧИЛДИГИ

Хижаб кийген мусулман аялдар менен маектешүүлөрдөн алынган маалыматтар эл аралык миграциянын аялдардын динчилдигине таасири тууралуу бир өңчөй эмес тыянактарды көрсөткөн. 22 мигрант аялдын ичинен басымдуу көпчүлүгү Орусия Федерациясында эмгек мигранты катары иштеп келишкен, ал эми бир нечеси Бириккен Араб Эмираттарында жана Кувейтте окуп келишкен. Аялдар миграцияга кеткенге чейин эле Исламды ар кандай деңгээлдерде карманып келишкен: айрымдары көп жылдар бою күн сайын беш маал намаз окушуп, жыл сайын орозо кармашып жана куран менен хадистерди үйрөнүп келишсе, калгандары намаз окуганды жаңыдан үйрөнүшүп, жаңы эле хижаб кийишкен.

Орусия Федерациясында болуу (Кыргызстандан барган мигранттардын көпчүлүгү Орусияга акча табуу үчүн барат) мигрант аялдардын динчилдигине терс таасир этнени белгиленген. Интервьюга катышкан мигрант аялдардын айтымында, Орусиядагы иш шарттарына байланыштуу алар үзгүлтүксүз беш маал намаз окууга жана орозо тутууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Андан тышкары жашоо шарттарына байланыштуу (бир батирде ар кандай жыныстагы көп адам жашагандыктан) мигрант аялдар ижарага алынган үйлө- рүндө да намаз окууга же Кудайга сыйынууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес.

Күнүмдүк көйгөйлөр, жумуштагы стресс, өзүнө болгон ишенимдин жоктугу, убакыттын тардыгы ж.б. ушул сыяктуу шарттар мигрант аялдардын Орусияда көбүрөөк мөөнөткө калуусуна тоскоол болгон факторлор катары белгиленген. Кыргызстанга кайтып келгенден кийин мигрант аялдардын көбү диний ишенимдерин калыбына келтирүү үчүн бир топ аракеттерди жасап, өздөрүнүн динчилдигин жогорулатканын билдиришкен. Төмөндө экс-мигрант аялдар өздөрүнүн миграция учурундагы жана Кыргызстанга кайтып келгенден кийинки диний тажрыйбалары боюнча кыскача баяндайт:

> *"Орусияга кеткенге чейин мен намазды милдеттүү түрдө окуп жүрчүмүн. Ал жактан мен намаз окуганды токтоттум. […] Мен өзүмдөн сурачумун: 'Мен ал жактан кантип намаз окуй алам? Кантип даарат алам? […] Биз ижарага алган бөлмөдө 5-6 адам болуп жашачубуз. […] Кээде мен намаз окубай калганда өзүмдү аябай жаман сезчүмүн. Анан мен мекениме кайтып келгенден кийин кайрадан намаз окуйм деп убада кылгам. Ал эми азыр болсо, Кудайга шүгүр, мен намазды калтырбайм" (Чүй_15; 237-246)*

> *"[…] Орусияда жүргөндө Кыргызстанга кайтаарым менен намазды бузбай окуп, өзүмдүн диний ишенимдеримди жогорулатам деп өзүмө убада бергем. Мен Ислам жана анын баалуулуктары жөнүндө көбүрөөк билгим келген. Атүгүл баламды да мечитке алып барып, ал да Ислам жана анын баалуулуктары жөнүндө үйрөнөт деп каалагам. Орусияда бардыгы биз ойлогондой болгон жок" (ЖА_10; 151-151).*

> *"Чындыгында, менин диний ишенимдерим бул жакта жүргөндө күчтүүрөөк болчу. Эмне кылса болот, ал эми эмнеге тыюу салынганын билчүмүн. Миграцияда биз жөн гана алсыз адам сыяктуу болдук. Биз өзүбүздүн руханий дүйнөбүздү руханий ишенимдер менен азыктандырып турушубуз керек. Ал жакта диний азыктануу жок, биз акырындап ал жактагы орустарга окшоп калдык. Биз ал жакта намаз окуганыбызды токтоттук, атүгүл хижаб да кийбей калдык. Эми азыр, Кудайга шүгүр, менин диний тажрыйбам артууда". (Бишкек_51; 152-155)*

Анткен менен, айрым мигрант аялдардын билдирүүсүндө миграцияда болуу алардын динчилдигине аз же эч кандай таасир берген эмес. Алардын айтымында, алар миграция учурунда атайын мусулмандар иштеген же жетектеген ишканалардан жумуш таап, өздөрүнүн диний билим алуусун мурдагыдай эле улантып, диний ишенимдерин сактап келишкен. Сейрек учурларда алар жергиликтүү мечиттерде аялдар үчүн уюштурулган Куран, араб тили жана хадис боюнча курстарга да катышып турушкан.

## 3.3.
# ИСЛАМДЫН АЯЛДАРДЫН ПОТЕНЦИАЛЫНА (АДАМДЫК КАПИТАЛЫНА) ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

### Коммдук капитал

Ислам диний нормалары аялдардын коомдогу жүрүм-турум маданиятынын ченемдерин белгилүү бир багыттарда өнүгүүсүнө түрткү болот. Эгерде мусулман аялдар арасындагы өз ара байланыштарды өлчөмүнө жана мүнөзүнө жараша "жабык" жана "алсыз" деген категорияларга бөлүп карасак, биз бул эки категорияларды аялдардын динчилдиги жогорулаган сайын акырындык менен бир кыйла өзгөрүүлөргө дуушар болорун айтсак жөндүү болот. Мисалы, жабынган мусулман аялдар убакыттын өтүшү менен жакын достору, кесиптештери жана шериктери менен болгон өз ара мамилелери (жалпы бир кызыкчылыктардын жоктугунан же жүрүм-турум образдарынын айырмаланышынан улам) алыстап кеткенин айтышкан. Мындан тышкары мусулман аял респонденттер диний көз караштардан улам ар кандай ичимдик ичилүүчү же башка бейтааныш эркектер катышуучу жалпы салтанаттарга же коомдук жайларга барууну жактырбаганын билдиришкен. Айрымдары, атүгүл, өздөрүнүн динди карманбаган жакын досторун диний көз караштардан улам жагымсыз адаттардан жана жайлардан алыс камоого аракет кылышкан. Көбүнчө мындай аракеттер өз ара мамилелердин салкындашына жана алардын бири-биринен алыстап кетүүсүнө алып келген. Сурамжылоого катышкан мусулман аялдардын Исламды карманбаган мусулман же мусулман эмес тааныштары же достору менен өз ара мамилелери салкындап, акырындык менен "алсыз" категорияга көчүрүлгөн.

Ошол эле учурда, мусулман аял респонденттердин Ислам дининин эрежелери боюнча жашоолоруна багыт алуу максатында жергиликтүү мечитте же диний окуу жайларында динди бекем карманган башка мусулман аялдар менен байланыш түзүүгө аракет кылышат. Акырындык менен мындай байланыштар мусулман аялдардын арасында атайын общиналардын (мусулман эже-сиңдилер жамааттары) пайда болушуна алып келди. Шнайдердин (2004) айтымында, мындай жамааттар көбүнчө "биздики" жана "биздики эмес" деген түшүнүктөрдүн негизинде уюштурулат. Мындай жамааттарга мүчө болуу менен мусулман аялдар дин маселелери боюнча ишенимдүү маалымат алууну же адал (араб тилинен которгондо "шарият боюнча уруксат берилген" деген маанини берет) түшүнүгүнүн негизинде коопсуз ишкердик мамилелерди курууну көздөйт. Төмөнкүдө келтирилген цитаталар мындай мамилердин айрым үлгүлөрүн чагылдырат:

> *"Азыр көп эле кыздар арак ичишет, тамеки тартышат. Мен алардан алыс болууга аракеттенем. Туура досторду тандайм [...] Динди карманган аялдар, биринчиден, калп айтышпайт, сатышпайт. Муктаж болуп турганда жардам берип, өз тажрыйбалары менен бөлүшүүгө даяр". (ОШ_14_Жалпы мусулман аялдар)*

> *"Жамаатыбыздагы 60 аялдын баары мага өз үй-бүлөмдөй болуп калышты. Алардын арасында өзбек, дунган, казак жана кыргыз улуттарындагы аялдар бар... [...] Баарыбыз бир туугандайбыз. Алардын ичинен алтоо бул жашоодо жана андан кийинки жашоодо да эже-сиңди болуп алышкан. Алардын бирөө кыргыз эркекке турмушка чыккан ташкенттик өзбек улутундагы аял. Анын бул жакта туугандары же курбулары жок эле, андыктан ал көп капа болчу, ыйлачу. Анан ал менден эже болуп берүүмдү суранган, мен макул болгом. Азыр анын жолдошу да мени эже дейт, ал эми балдары болсо чоң апа дешет. Биз түбөлүккө бири-бирибизге эже-сиңди болдук". (СН_17_Хижаб_мусулман аялдар)*

Динди карманган мусулман аялдардын коомдук жана айрым бир жеке чөйрөлөрдө гендердик сеграциянын[25] болуусун каалаганы белгиленген.

25 Гендердик сегрегация – аялдар менен эркектердин "табигый" ролдорунун идеологиясынан келип чыккан жыныстык белгиси боюнча бөлүнүүсү

Алардын мындай көз караш аялдар менен эркектер бири-бирине азгырылбай, сабырдуулук жана такыбалык менен билим алышы, спорт менен машыгуусу жана башка коомдук иштерге катышуусу тийиш деген диний ишенимдери менен негизделет. Жеке чөйрөдө, мисалы, кээ бир үй-бүлөлөрдө ар кандай үй-бүлөлүк маарекелер жана аш-тойлор (үйлөнүү, сүннөткө отургузуу, сөөк коюу, ж.б.) маалында диний ишенимдерге ылайык эркектер менен аялдар ар башка бөлмөлөрдө отурушу керек. Мурда мындай Ислам нормалары менен шартталган салттар көбүнчө өлкөнүн түштүк аймактарында көп кездешчү. Ал эми акыркы он жыл аралыгында жалпы коомдук жашоодо исламдаштыруу процесстеринин кайрадан күчөшү менен катар мындай салттар азыркы учурда өлкөнүн түндүк аймактарында да арбын кездешүүдө.

Бирок мусулман аялдардын жана диний эксперттердин айтымында, Ислам нормалары менен шартталган гендердик сегрегация аялдардын социалдык маргиналдашуусу менен теңештирилбеши керек. Тескерисинче, диний эксперттердин белгилөөсүндө, коомдо диний өңүттөгү ири өзгөрүүлөр жүрүп жаткан учурда мусулман аялдардын өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна катышуусу зарыл. Алардын айтымында, ынтымактын негизинде коомдогу туруктуулукту жана тынчтыкты илгерилетүү максатында бардык мусулмандар, жынысына же башка абалына карабастан, саясий шайлоорго катышып мусулман талапкерлерге добуштарын бериши абзел. Айрыкча, аялдарга тиешелүү көйгөйлүү маселелер тууралуу туура коомдук пикир түзүүдө жана дегеле жалпы мусулман аялдардын пикирлерин билдирүүдө диний жактан да, светтик илим жактан да билимдүү мусулман аялдардын өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна жигердүү катышуусу өтө маанилүү экени белгиленген.

Бирок, иш жүзүндө, абал бир аз башкача. Мисалы, динди карманган мусулман аял респонденттердин басымдуу көпчүлүгү аялдардын коомдук-саясий турмушка натыйжалуу катышуусунун маанилүүлүгүн баса белгилешкен. Бирок иш жүзүндө алардын көпчүлүгү пассивдүү мүнөздө болушуп, коомдук жана үй-бүлөлүк бардык маанилүү маселелер боюнча күйөөлөрүнө алар үчүн чечим кабыл алууга жол беришет.

Болгону бир нече гана мусулман аял респонденттер (көбүнчө 40 жаштагы жана андан улуу аялдар) жамааттык жана коомдук иш-чараларга, кайрымдуулук долбоорлорго жана саясий кампанияларга катышканын билдиришкен. Бирок алардын бирөө да жергиликтүү же парламенттик шайлоолордо талапкер болуп катышкан эмес.

Ош шаарынын тургуну, хижаб кийген Каныкейдин айтымында, аялдардын саясатка катышуусуна тоскоол болгон бир нече диний себептер бар. Биринчиден, коомдук-саясий процесстерге катышуу аялдарга ашыкча оор жүк болуп, алардын үй-бүлөлүк функцияларын (балдарды багуу, башка үй-бүлө мүчөлөрүнө кам көрүү ж.б.) аткаруусуна тоскоолдук жаратышы мүмкүн. Экинчиден, саясатка катышуу мусулман аялдардын башка эркектер менен тирешкен мамиледе болуусун шарттайт. Бирок исламдык этикалык нормаларга ылайык мусулман аялдарга мындай мамиле жасоого тыюу салынат. Мындан тышкары, айрым диний аалымдардын белгилөөсүндө, ар кандай саясий интригалар жана ыплас саясатчылар менен иш алып баруу аялдардын "назик" жана "жумшак" табияты үчүн ашык өлчөмдөгү жүк болот. Төмөндө келтирилген цитатада диний аалым Чубак ажы Жалилов эмне себептен аялдар саясий кызматтардан алыс болушу керек экендигин түшүндүрүп берет:

> *"Исламда аялга мамлекет башчысы, сот же мэр болуп иштөөгө тыюу салынган. Бул тыюу аялдардын назик табиятын коргоо максаты менен шартталган. Башкаруучу аял бара-бара эркектей болуп калат. Ар кандай кылмышкерлерге карата өкүм чыгарган сот аял акырындап өз балдарына болгон мээримин жоготот. [...] Бирок бул Ислам аялдарды басмырлайт дегенди билдирбейт! Биз аялдарга сыртка чыгып, иштеп акча тапканга уруксат берсек, алар өздөрүн эркектей сезе баштайшат. Албетте, биз алардын назик табиятына ылайык, аларга урматсый, менен мамиле кылуубуз керек".*[26]

Жогоруда белгиленгендей, аялдардын коомдук-саясий турмушка катышуусуна болгон диний чектөөлөр аялдарды коргоо үчүн киргизилген. Жалпысынан аялдарга жамааттык деңгээлде коомдук-саясий процесстерге, кайрымдуулук жана аялдарга же балдарга

тиешелүү болгон коомдук иш-чараларга катышууга жол берилет. Анткен менен, мусулман аялдардын коомдук-саясий процесстерге катышуусу жергиликтүү контексттин алкагынан чыкпашы керек. Ал эми мусулман аялдардын улуттук деңгээлде коомдук-саясий процесстерге катышуусу көбүнчө аялдарды адеп-ахлактык, ден соолук жана үй-бүлөлүк жактан өздөрүнө өзү олуттуу зыян келтириши мүмкүн деген пикирлер мусулман аялдардын да, диний аалымдардын да арасында жок эмес.

## Маданий капитал

Интервьюга катышкан динди карманган мусулман респонденттер өздөрүнүн коомдук иштерге аралашуу деңгээлине жалпысынан ыраазы болгону менен, сапаттуу диний билим алуу мүмкүнчүлүктөрү чектелүү экенин билдиришкен. Мусулман респонденттердин жана көз карандысыз диний эксперттердин белгилөөсүндө, Куранда жана хадистерде диний билим алуу ар бир мусулман адамдын негизги милдеттеринин бири деп белгиленген. Андыктан, респонденттердин айтымында, ар бир чыныгы мусулман коомдо аялдар менен эркектер үчүн бирдей билим алуу мүмкүнчүлүктөрү камсыздалышы керек. Себеби, диний аалымдардын айтымында, аялдар да эркек сыяктуу эле Ислам шарияттарын жана ошондой эле Куранда белгиленген өздөрүнүн укуктарын жана милдеттерин толук түшүнүүгө жана билүүгө милдеттүү. Аялдардын билимдүү болуусу тиешелүү мыйзам ченемдеринде өз укуктарын коргоого жана коомдук жана ошондой эле жеке турмушта өз ролдорун жана милдеттерин туура бөлүштүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Диний эксперттердин пикири боюнча Исламда диний окуу менен жалпы дүйнө таануу бири-бири менен өз ара тыгыз байланышта каралат, бул бүткүл ааламдын жаратуучусу болгон Аллах Тааланын бардык кудуретин жакшыраак түшүнүүгө жардам берет.

Бирок бул белгиленген диний нормалар дайыма эле натыйжалуу түрдө жүзөгө аша бербейт. Эгерде теологиялык багыттагы бир катар жогорку окуу жайларда диний билим алуу мүмкүнчүлүктөрү аялдар үчүн жеткиликтүү деңгээлде болсо, орто диний окуу жайларда аялдардын билим алуу мүмкүнчүлүктөрү чектелген. Мисалы, расмий катталган 83 медресенин ичинен бир нечеси гана кыздарды жана аялдарды окууга кабыл алат. Жергиликтүү аймакта аялдар үчүн диний окуу жайлардын жоктугунан жана алардын ири шаарларда жайгашкан диний окуу жайларда окуу мүмкүнчүлүктөрү болбогондугунан улам аялдар атынча[27] устаздар тарабынан уюштурулган бейтариз диний окуу жайларында диний билим алууга мажбур болууда.

Атынча аялдардын айрымдарынын куранды тафсир окутуу менен катар хадис айтуу жана араб тилин үйрөтүү үчүн расмий диний билими бар болсо, алардын басымдуу көпчүлүгү өз алдынча хужра[28] бейтариз диний окуу жайларында диний билим алганы маалым. Совет мезгилинде мындай диний мектептер Борбор Азия өлкөлөрүндө көмүскө түзүлүп, аялдар арасында исламдык баалуулуктарын калыптандырып, кийинки муунга өткөрүп берүү үчүн уюштурулган.[29] Бирок азыркы мезгилдеги дин тутуу эркиндигинин контекстинде хужра жана башка расмий эмес (көбүнчө менчик үйлөрдө уюштурулган) диний окуу жайлары расмий катталган диний билим берүү мекемелери тарабынан чектелген кыздардын жана аялдардын диний билим алууга болгон керектөөлөрүн канааттандыруу максатында уюштурулууда.

Ошол эле учурда алыскы тоолуу аймактарда турган мусулман аялдар алардын айылдарында расмий жана бейрасмий окуу жайларынын жоктугуна наараздычылыктарын билдиришкен. Алардын айтымында, алар райондук же облустук борборлордо жайгашкан диний бирикмелер же медреселер тарабынан уюштурулган диний сабактарга такай катыша алышпайт. Алар жергиликтүү молдолордон аялдардын намазы, даарат алуу, жубайлык милдеттер, энелик жана

26 Чубак ажы Жалиловдун баяндамасы менен төмөнкү шилтемеден толугу менен тааныша аласыз: https://www.youtube.com/watch?v=-vfYysx4mHY (29.05.2017)

27 Атынча же атынбү - диний билими бар мусулман аял

28 Учурда коомдо хужра маселесинин айланасында көптөгөн курч талкуулар орун алууда. Биринчиден, өздөрүн атынча деп атаган аялдардын басымдуу көпчүлүгүнүн расмий “адис” дасыгы жок. Көп учурларда, алар жергиликтүү молдолордун же башка диниятчылардын энелери, аялдары же кыздары болуп чыгышат. Экинчиден, алардын диний билим берүү окуу программалары жана окутуу методикалары расмий түрдө бекитилген эмес, бул өз кезегинде окутуу учурунда жүргүзүлгөн идеологиялык баяндамалардын мүнөзү жөнүндө коомдук шектенүүнү жаратууда. Үчүнчүдөн, сурам-жылоого катышкан мамлекеттик диний кызматкерлердин жана эксперттердин атынчалардын так санын билбегени аныкталган. Укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн белгилөөсүндө, бирдиктүү системага алынбаган мындай бейтариз диний окуу жайлар экстремисттик-радикалдык идеяларды үгүттөп, аялдарды тыюу салынган диний уюмдарга кошулуусуна түрткү бериши ыктымал.

башка Исламда аялзатына таандык негизги маселелер жөнүндө сурагандан уялышат. Натыйжада алар диний билими бар аялдар менен бетме-бет жолугуп, аталган маселелер тууралуу сүйлөшүүнү каалашат. Сейрек учурларда алар шаарларда жайгашкан аялдардын медреселерине барып жана ошондой эле жеткиликтүү диний адабияттар жана Абдишүкүр ажы Нарматов жана Чубак ажы Жалилов диний аалымдардын тарабынан уюштурулган теле жана радио берүүлөр аркылуу өз диний билимин толуктоого жана кеңейтүүгө аракеттенишет. Төмөнкүдө келтирилген цитатада фокус-топтун катышуучусу (Ысык-Көл облусунун тургуну) өзүнүн шаарында араб тил боюнча окуу курстарын уюштуруудагы кыйынчылыктары тууралуу баяндайт:

> *“Биздин шаарда туура диний таалим-тарбия бере турган бир да диний билимдүү аял жок. Араб тилин жакшы билген бир да аял жок. Бир гана молдобуздун аялы бир аз арабча окуй алат. Молдо “менин аялыма кел, ал сени үйрөтөт” деп айткан. Мен анын аялына 4-5 жолу баргам. Анын төрт баласы бар, эң кичинеси бешикте, колу балдарынан бошобойт. Мени менен отура албайт. Мен молдого дагы бир жолу жолукканда “мен мындай жол менен үйрөнө албайм. Ал бир саатка биздикине өзү келип, бизге бир аз үйрөтүп кетсе жакшы болмок” деп айткам. Ошентип, биз Домбыттын имаратынан бир залды алып, акырындап араб тилин үйрөнө баштаганбыз. Башында биздин топто үч гана аял болчу, кийинчерээк 10-15 болду [...] Кийин биздин окутуучубуз кетип калды, анын ордуна айына 200 сомдон төлөп бир кызды таптык. [...] Акырындап биздин топто 20 аял чогулду. Кийинчерээк мен биздин шаарыбыздын мечитинен бир залды сурап алдым. Бирок ал залдын ичинде эч нерсе жок болчу, атүгүл жылуулук системасы да болгон эмес” (ЫК_34_Хижаб_аялдар; 86-90)*

Диндин мусулман аялдардын билим алуу аракеттерине тийгизген таасирин кароодон мурда биз сурамжылоого катышкан мусулман аялдардын светтик билим деңгээлин аныктап, андан соң аларды “динди кармангандар/карманбагандар”[30] жана “хижаб кийгендер/кийбегендер” топторго бөлүп кароону чечтик. 62 респонденттен турган тандалма топ боюнча жыштык бөлүштүрүүгө ылайык динди карманган мусулман аялдардын (45 аялдын ичинен 35и жана хижаб кийген аялдардын (27 аялдын ичинен 20сы) дээрлик төрттөн үч бөлүгү жогорку жана кесиптик орто билимге ээ болгону аныкталган. Улуттук көрсөткүчтөргө ылайык, жалпы калктын (15 жаштагы жана андан улуу) 23,1% жогорку жана кесиптик орто билимге ээ [31] (1-таблица). Эске алуучу нерсе, 1-таблицада берилген маалыматтар репрезентативдүү эмес.

30 Респонденттер өздөрүн "динди карманган мусулман" же "динди карманбаган мусулман” деп аныкташкан. “Намазга жыгылуу”, “Орозо тутуу”, “Куран окуу” жана “Ажылыкка баруу” динди кармануудагы негизги индикаторлор катары белгиленген.

31 КР Улуттук статистика комитети (2016): “Кыргыз Республикасынын социалдык тенденциялары 2011-2015”. Басылма менен төмөнкү шилтеме аркылуу тааныша аласыз: http://stat.kg/media/publicationarchive/e33fd335-4a99-46ca-9777-73448e2c9635.pdf (29.05.2017)

1-таблица. Бөлүштүрүү жыштыгы

**Билим деңгээли * Хижаб кийгендер / Хижаб кийбегендер (жыштык)**

| Билим деңгээли | | Хижаб кийген | Хижаб кийбеген | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|
| Жогорку билимдүү | | 15 | 17 | 32 |
| Орто билимдүү | | 7 | 6 | 13 |
| Кесиптик орто билимдүү | | 5 | 12 | 17 |
| Бардыгы | | 27 | 35 | 62 |

**Билим деңгээли * Динди кармангандар / Динди карманбагандар (жыштык)**

| Education | | Хижаб кийген | Хижаб кийбеген | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|
| Жогорку билимдүү | | 6 | 26 | 32 |
| Орто билимдүү | | 3 | 10 | 13 |
| Кесиптик орто билимдүү | | 8 | 9 | 17 |
| Бардыгы | | 17 | 45 | 62 |

Респонденттердин кесиптери боюнча бөлүп карасак, эки өзгөчөлүк пайда болот. Биринчиден, сурамжылоого катышкан аялдардын көбү Исламды эрте жана орто жаштагы куракта тартып кармана баштаган. Андыктан диний нормалар алардын светтик билим алуусуна жана ошондой эле кесип тандоосуна анчалык таасир тийгизген эмес деп айтууга болот. Исламды кабыл алгандан кийин, бирок алар өздөрүнүн кесипкөй ишмердүүлүгүн жана сапаттарын Исламдын нормаларына ылайык өзгөртүүгө аракеттенишет. Бирок респонденттердин көпчүлүгү аялдарга тийиштүү болгон кесиптерди (мисалы, саламаттык сактоо, билим берүү, коомдук кызматтар, экономика жана башкаруу, тигүү же ашпозчулук ж.б.у.с. кесиптер) тандашкан. Экинчиден, жаш мусулман аялдардын арасында медициналык жана мугалимдик адистиктерге ээ болуу өзгөчө популярдуу болгону аныкталган. Мусулман аялга кесип тандоодо жеке жөндөшыгы жана кызыгуусу менен катар Исламда аялдарга таандык ченемдердин дал келиши маанилүү экени белгиленген. Ислам нормаларына ылайык, мусулман аялдын кесиби коомчулук үчүн пайдалуу болуп, ошол эле маалда Ислам нормаларына карама-каршы келбеши керек. Дагы белгилей кетчү нерсе, диний нормалардан тышкары, мусулман аялдар кесип тандоодо эмгек рыногунун суроо-талаптарына, үй-бүлөсүнүн экономикалык абалына жана мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык карашат. Өзүнүн кесипкөй ишмердүүлүгүн диний нормаларга ылайыкташтырган мусулман аялдардын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири – Адия (Ысык-Көл облусунун тургуну 60-65 жаштагы жоолук салынган мусулман аял). Адия эки жогорку билимдин ээси: ал дарыгер жана мугалим. Адам денесинин түзүлүшү тууралуу Куран аяттарын окуп чыкандан кийин 40 жашында дарыгер-терапевт адистигине өтүп кеткен. Адиянын айтымында, мугалим жана дарыгер болуп эмгектенүү мусулман аялдар арасында абдан кадыр-барктуу жана коомдук пайдалуу иш болуп саналат.

## Экономикалык капитал

Пьер Бурдьенин “экономикалык капитал” концепциясына таянуу менен, бул бөлүм диний нормалардын аялдардын эмгек рыногуна кирүүсүнө жана катышуусуна тийгизген таасири тууралуу маалымат берет. Изилдөөнүн жыйынтыктарына ылайык, мусулман аялдардын эмгек рыногуна кирүүсү жана катышуусу жана аларды өз каржы ресурстарын башкаруусу тууралуу төмөнкү жоболор сунушталат:

- *“Исламда аялга күйөөсүнүн макулдугу менен сыртта иштөөгө уруксат берилет”. Аманат сактоочу (күйөөсү, атасы, эркек бир тууганы) бул укукту башка үй-бүлө мүчөлөрүнө ыйгарып же кайтарып алса болот. Кандай болгондо да, Исламда аялдар эркектердин эркине көнүүгө милдеттүү. Аял респонденттердин жашоо баяндамаларына ылайык, үч гана аялга иштөөгө уруксат*

*берилген эмес. Изилдөө учурунда аныктоого мүмкүн болгондой, хижаб кийген (27 аялдын ичинен 25и) жана динди карманган (45 аялдын ичинен 37си) аялдардын басымдуу көпчүлүгү үйдөн тышкары иш менен камсыз болушкан.*

*Мындай жагдай аял респонденттердин айтымында, алардын үй-бүлөсүн өз алдынча багуу (жалгыз бой энелер же күйөөлөрү оорукчан аялдар) муктаждыктары же күйөөлөрүнүн эмгек акысынын жетишсиздиги менен шартталган.*

2-таблица. Бөлүштүрүү жыштыгы

**Иш менен камсыз болуусу * Хижаб кийгендер / Хижаб кийбегендер**

| Иштөө | | Хижаб кийген | Хижаб кийбеген | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|
| Иштөөгө уруксат берилген эмес | | 0 | 3 | 3 |
| Иш менен камсыз болгон | | 25 | 25 | 50 |
| Иш менен камсыз болбогон (жумушсуз) | | 2 | 7 | 9 |
| Бардыгы | | 27 | 35 | 62 |

**Иш менен камсыз болуусу * Динди кармангандар / Динди карманбагандар**

| Education | | Динди карманбагандар | Динди кармангандар | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|
| Иштөөгө уруксат берилген эмес | | 2 | 1 | 3 |
| Иш менен камсыз болгон | | 13 | 37 | 50 |
| Иш менен камсыз болбогон (жумушсуз) | | 2 | 7 | 9 |
| Бардыгы | | 17 | 45 | 69 |

- *Эркектердин мансаптык жактан өсүү пландары аялдардыкынан жогору турат: аялдардан күйөөлөрүнүн мансаптык өсүшүнө бардык мүмкүн болгон жолдор менен колдоо көрсөтүүсү күтүлөт, зарыл болгон учурда, алар күйөөлөрүнүн пайдасына өз ээлеген кызматтарынан баш тартууга тийиш. Бирок ислам动 динде үй-бүлөнү багуу эркектин негизги милдети болгондуктан, мындай жагдайды мусулман аялдар кадыресе көрүнүш катары кабыл алышат.*

- *'Аялдар өз кирешелеринөздөрү башкарууга укуктуу': аялдар өз кирешелерин күйөөсүнө, кайын журтуна же өзүнүн ата-энесине берүүгө милдеттүү эмес, атүгүл алар каалоосу болбосо үй-бүлөсүнүн муктаждыктарына жумшоого да милдеттүү эмес. Бул эреже аялдардын кыймылдуу жана кыймылсыз мүлкүнө, буюмдарына жана үй-бүлөлүк белектерине (араб тилинде махр катары белгилүү) карата да колдонулат. Ислам дининде бул аялдардын ажырашуу, жесир же башка оор кырдаалдарда каржылык жактан көз карандысыздыгын камсыз кылуу максатында иштелип чыккан ченем катары эсептелинет.*

- *'Ар бир мусулман тыюу салынган (араб тилинде харам катары белгилүү) кыймыл-аракеттерден сактанууга парз': Ар бир мусулман Аллах Тааланын каарынан коркуп пара алуудан (же пара берүүдөн), уурулуктан жана башка адамдарга кайдыгерлик жана адилетсиз мамиле жасоодон алыс болгонун милдеттүү парз деп тааныйт. Респонденттердин басымдуу көпчүлүгү жергиликтүү эмгек рыногу толугу менен ислам принциптеринин негизинде калыптанышы зарыл деп билдиришкен. Мисалы, Наргизанын (20-25 жаштагы мусулман аял) айтымында, ал жергиликтүү компанияда бухгалтер болуп иштеп, карамагында болгон каражаттарды каттоо учурларында ар түрдүү азгырыктарга дуушар болгонун билдирген. Бирок Наргизага Исламда мындай кыймыл-аракеттерге тыюу салынганы жана*

*мыйзам алдында жоопкерчиликти унутпаганы аны компаниянын каражаттарын уурдоодон баш тартууга жардам берген.*

- *‘Мусулман аялдар өз акча каражаттарын үнөмдүү колдонгонду (сарптоону) билиши зарыл’: Исламда тамак-ашты, мал-мүлктү жана ошондой эле акча каражаттарды үнөмсүз же максатсыз сарптоого (араб тилинде исраф кылуу катары белгилүү) тыюу салынган. Респонденттер кымбат баалуу кийим-кече жана косметика сатып алуу, кымбат ресторандарда тамактанууну жана аш-тойлорду уюштуруу боюнча өз чыгымдарын кыйла кыскарткандарын өзгөчө сыймыктануу менен билдиришкен. Респонденттердин айтымында, башка адамдарга зулум келтирбей киреше алуу, тапкан кирешелерин үнөмдүү сарптоо жана дээрлик Исламда тыюу салынган кыймыл-аракеттерден алыс болуу мусулмандарды Жаратkандын ыраазычылыгына ээ кылат.*

Ислам нормалары динди орто жаштан ашкан куракта кабыл алган аялдардын (көпчүлүгү пенсиялык куракта) кесиптик ишмердүүлүгүнө анчалык таасирин тийгизбегени аныкталган. Бирок исламды эрте, орто куракта кабыл алган мусулман аялдардын арасында өзгөчө бир тенденцияны байкоого болот. Тактап айтканда, Исламды кабыл алгандан кийин бул курактык категориядагы мусулман аялдар эркектер үстөмдүк кылбаган, ийкемдүү иш графиги жана жумуш учурунда динге сыйынууга мүмкүнчүлүк берген башка жумуштарга өтүүгө аракеттенишет. Мисалы, Жумагүл (40-45 жаштагы жоолукчан мусулман аял) Исламды кабыл алгандан кийин эркектер үстөмдүк кылган жергиликтүү мамлекеттик администрациядагы абройлуу кызматынан кетип калган. Дагы бир мисал, Нуриза (жоолукчан мусулман аял) заманбап музыкага болгон күчтүү сүйүүсүнөн улам радиодо дижей болуп иштечү, бирок Исламды кабыл алгандан кийин ал жумушунан кетип калган. Азыр Нуриза жергиликтүү телевидениеде жөнөкөй жумушта иштейт.

Мусулман аялдар үчүн үйдөн тышкары жумушту диний ынанымдар менен айкалыштырууда жумуш учурунда намаз окуу мүмкүнчүлүгү маанилүү фактор болуп саналат. Адатта бул жетекчилик тарабынан тиешелүү уруксатты (макулдукту), сыйынуу үчүн атайын жайды жана убакытты талап кылат. Мындай шарттардын мүмкүн эместиги, мусулман аялдардын жумуш учурунда намазга жыгылууга мүмкүнчүлүк бар болгон башка жумуштарга өтүүгө же мүмкүн эмес же ылайыксыз учурларда, аларды такыр иштебей коюуга түртөт. Мындай көрүнүш иш менен камсыз болгон мусулман аялдардын арасында акырындык менен пайда болууда.

*“Мансаптык жактан өсүү ар бир адам үчүн абдан маанилүү деп ойлойм. Мен күйөөм айтты деп эле өзүмдүн жумушумду таштабайм. Мен да ал сыяктуу кызматыман көтөрүлгүм келет. Бул маселе боюнча биздин ортобузда кандайдыр бир пикир келишпестик бар болсо ... күйөөм бир жолу гана менин иштешиме каршы болгон... Мен Ислам университетин артыкчылык менен бүтүргөм, андан соң мага ал жерде мугалим болуп иштөө сунушталган. Ошондо күйөөм мага “сен жаңы гана төрөдүң. Кайда барасың? Махрамы жок ал жакка барып иштеп, сен күнөө кыласың. Сен акча тапканы баратасыңбы же эмне? Үйдө отур!” деп айткан. Ага мен мындай деп жооп бергем: "Кечиресиз, мен баланы эмгизип жатканда эле үйдө отурушум керек. Баланы багуу менин милдетим. Бирок кийин, балам бир аз торолгондо мен жумушка чыгам!”. Бактыга жараша, ал мени түшүнүп, макул болгон. Эгерде ошондо ал мага иштөөгө тыюу салса, анда эмне кылаарымды билмек эмесмин. Балким ажырашып кетмек белем. Айтор, азыр мен жумушума байланыштуу бир апталык иш сапары менен жүрөм” (Бишкек_04_хижаб: 110-110)*

*“Мен банкта менеджер болуп иштегем. Менин иш келишимим узартылбагандан кийин үч жыл бою медреседе окудум. Оор болгонуна карабастан мен ошол абалымды жеңил кабыл алып, жеңип чыгууга аракеттендим. Мен банк секторунда дээрлик 19 жыл иштегем. Мени хижаб кийгеним үчүн эле жумуштан кетиришкен! Башында абдан оор болду, бирок кийинчерээк бул менин тагдырым экенин түшүндүм. Бир канча убакыт өткөндөн кийин мен башка жумуш таптым, бул жолу мага хижаб кийгеним жардам болду! Мени жумушка алган жигиттер динди бекем карманган адамдар экен. Мен ал жакка бухгалтер болуп орношком. Андан тышкары мен бухгалтердик курстарга катышып сертификат алгам. Акыры мен жеңдим деп ишенем”. (ОШ_11_хижаб: 156-156)*

Бирок, жалпысынан алганда, мусулман аялдардын жумушка орношууда жана жумушка орношкондон кийин да ар кандай тоскоолдуктарга жана басмырлоолорго дуушар болушат. Бир катар суралган респонденттердин белгилөөсүндө

мындай басмырлоолор алардын хижаб кийип жүргөнүнө байланыштуу болду. Көбүнесе мамлекеттик ишканаларда, банктарда, кээде мектептерде жана медициналык мекемелерде хижаб кийип же жоолук салынган мусулман аялдарга түз жана кыйыр түрдө ар кандай кысым көрсөтүлгөнү, айрым учурларда аларга ачык эле хижаб кийүүгө тыюу салынганы белгиленген.

Бул мусулман аялдарга иштеген жеринен кетип, аялдардын диний ишенимдерине жана хижаб кийгенине карата толеранттуу болгон башка жумуштарга өтүүгө түртөт. Кээ бир мусулман аялдарга мындай жагдай иштеринен кетип, жеке чакан өндүрүштүк же соода бизнесин түзүп өз алдынча иштөөгө түрткү болот. Мисалы, Айпери (55-60 жаштагы жоолукчан мусулман аял) көп жылдар бою банк тармагында менеджер болуп иштеген. Ал Исламды кабыл алып, хижаб кийгенине байланыштуу банктын жетекчилиги аны менен келишимди узатпай койгон. Банктан кеткенден кийин Айпери жаңыдан бухгалтердик кесипти өздөштүрүп, эмгек акысы аз, бирок хижаб кийүүгө уруксат берген башка жумушка кирген. Айперинин окуясы жападан жалгыз учур эмес.

*Мисалы, биздин кошунанын кызы англис тил адистиги боюнча университетти аяктаган. Баары эле англис тил менен жакшы жумуш тапса болот деп айтышкан. Ал көп жумуштарга өтүнмө жиберген. Ал кызды адатта маектешүүгө чакырышат, бирок анын хижаб кийгенин көрүп жумушка алуудан баш тар- тышат". (Ысык-Көл\ФТК_31_ИК_ Балтабай_хижаб_аялдар: 178 - 180)*

*"Көп эле мектептерде кыздарга жоолук салынып барууга тыюу салынат. Мисалы, биздин айылда эки же үч кыз гана жоолукчан жүрөт. Мектепте аларга жоолук салынбагыла деп айтышат. Мектеп жетекчилери башка кыздар да булардан үлгү алып жоолук салына баштайт деп коркушат. Бирок алар бул кыздарга жоолук салбагыла деп айта алышпайт, туурабы? Менин кызым да Бишкекте университетте компьютердик технология боюнча окуган. Орус тилин, компьютерди жакшы билет. Ал "Билайнга" жумушка тапшырган. Алгач ал Ошто уюштурулган үч күндүк тренингге катышууга чакырылган. Тренинг учурунда кызыма хижабды башкача кийүүнү сунушташкан, бирок кызым баш тарткандан улам алар кызымды жумушка албай коюшкан.[...] Кийинчерээк кызым Бишкекке келип, Ислам университетине тапшырган. Азыр араб тилин үйрөнүп, мугалим болууну каалайт". (ФТК_43_ВА_Баткен_хижаб_аялдар)*

*"Учурда хижаб кийген аялдардын мамлекеттик мекемелерге жумушка кириши дээрлик мүмкүн эмес. Менимче, эгер мен хижаб кийсем, мен да татыктуу жумуш таба албайм. Мен намаз окубайм, хижаб кийбейм, анткени мен жумушсуз калуудан корком. Мен көп хижаб салынган кыздарды билем, алар университетти аяктагандан кийин жумушсуз жүрүшөт". (НА_11_Мусулман _ жалпы: 201-216)*

Акыркы жылдары аялдардын коомдук жайларда хижаб кийип жүрүү маселеси күнүмдүк жана коомдук жашоодо, атүгүл саясий чөйрөдө тез-тез талкууланган, талылуу маселелердин бирине айланды. Маселе боюнча коомчулуктун кызуу талкуусун жараткан белгилүү бир мисал – 2016-жылы мамлекет тарабынан колдоого алынган "Кайран элим, кайда баратабыз?" аттуу кампаниясы. Аталган кампаниянын алкагында бир тарабында салттуу кыргыз кийимчен аялдардын, ортосунда хижаб жана четинде паранжа кийип жүзүн толугу менен жаап алган аялдардын сүрөтү түшүрүлүп, алды жагына "Кайран элим, кайда баратабыз?!" деген жазуусу бар чоң көлөмдөгү баннерлер Бишкектин жана башка шаарлардын көчөлөрүндө илинген. Баннерлердин негизги идеологиялык мазмуну – динге жамынуу менен Кыргызстанда чоочун араб маданиятын, анын ичинде кийим маданиятын таңуулоого жол берөө[32].

Бул баннерлер коомчулукта кызуу талаш жараткан: айрымдар улуттук каада-салттарды сактоо үчүн бул өңдүү баннерлер зарыл деп баалашса, башкалары мындай маанидеги баннерлердин илинишине курч каршы пикирлерди айтышкан. Көп узабай бул баннерлерге жооп катары Бишкетин көчөлөрүндө окшош чакырык менен салттуу кыргыз кийимин кийген жана кыска юбка менен чолок шым кийген кыздардын сүрөтү түшүрүлгөн жаңы баннерлер пайда болгон. Мындай келишкис терс көз караштарды, Насритдинов ж.б. (2016) баамында эки башка, бирок бири-бири менен тыгыз байланышта болгон тараптан карап түшүнүүгө болот. Бир жагынан, бул аялдардын үстүнөн патриархалдык контролду орнотуу үчүн болгон күрөш. Ал эми экинчи жагынан алганда бул

32 Кененирээк маалымат менен төмөнкү шилтеме аркылуу таанышсаңыздар болот (29.05.2017): https://globalvoices.org/2016/07/29/kyrgyzstan-in-war-of-words-and-billboards-over-womens-clothing/

бул аялдардын кийим маданияты аркылуу шаар мейкиндиги үчүн секулярдык жана диний көз караштардын ортосундагы болгон карама-каршылыкты чагылдырат.

Бул жүйөнүн негизинде, изилдөө хижабды азыркы Кыргызстандын контекстинде аялдарга карата аздектөөчү сезимди калыптандыруучу символикалык байгерлик катары аныктайт. Коомдук жайда хижаб кийген аял автоматтуу түрдө Ислам дининин өкүлү катары таанылат, андыктан ар бир хижабчан аялдын мусулман аялга таандык жеткилең сыпаттарга жооп бериши талап кылынат. Тактап айтканда, үлгүлүү мусулман аял – бул улуттук этникалык элементтерди камтыган жарашыктуу, тыкан жана таза кийим кийген; кара түстөгү паранжанын ордуна хижаб кийген; акырын сүйлөгөн; тамеки тартпаган, арак ичпеген; ошондой эле бөтөн эркектер менен шектүү мамилелерде болбогон аял. Бул талаптарга жооп бербеген мусулман аял хижаб кийүү тартибин бузган болот, андыктан ага оң таасир этүү чарасы катары коомдук пикир жана уяткаруу жарыяланат.

Маекке катышкан респонденттердин көпчүлүгү (динди карманган да, карманбаган да мусулман аялдар) хижабды жөн гана мода катары же турмушка чыгуу максатында кийген кыз-келиндерге карата нааразычылыктарын билдиришкен. Алардын айтымында, хижабга байланыштуу ар бир "тескери көрүнүш" өлкөнүн бардык мусулмандарынын беделине шек келтириши мүмкүн. Хижаб кийген респонденттердин белгилөөсүндө, аялдардын хижаб кийүүсү турмуштук жагдайлар менен шартталганы же эркектер тарабынан мажбурланганы туура эмес. Алардын айтымында, хижаб кийүүнүн эң башкы себеби – бул парз.

# 3.4. КООМДУН ДИНИЙ РАДИКАЛДАШУУНУ КАБЫЛ АЛУУСУ

Бул бөлүмдө коомдун диний радикалдашууну кабыл алуусу боюнча чогулган сапаттык жана сандык жыйынтыктары кайчылаш-текшерүүнүн негизинде анализденет. Биринчиден, сандык маалыматардын негизги жыйынтыктарды аныкталат, андан соң алар ортосундагы окшоштуктар жана айырмачылыктарды аныктоо үчүн сапаттуу жыйынтыктар менен салыштырылып анализденет.

Сандык сурамжылоонун (5949 үй кожолугунан турган) дин боюнча компонентти[33] респонденттердин төмөнкү маселелер боюнча пикирлерин аныктоого багытталган: 1) өлкөдө исламдашуунун жана ар кандай диний агымдардын күч алышы; 2) мамлекеттик саясатта диндин ролу; жана 3) диний радикалдашуу. Тандоо респонденттердин жынысы, жашаган жери, жаш курагы, улуту жана билим деңгээли боюнча түзүлгөн. Тандоодо респонденттердин диний ишеними же динчилдик деңгээли аныкталбайт. Төмөнкү бөлүмдөрдө "Коомдун гендердик маселелердин кабыл алуусу: улуттук иликтөөнүн жыйынтыктары" изилдөөчүлүк басылмада (2016: 85-92) келтирилген сурамжылоонун негизги жыйынтыктары талкууланат.

33 For the detailed description of the survey methodology and analysis please refer to UNFPA (2016): "Gender in Society Perception Study: National Survey Results" p. 16-20, 85-92.

## Ислам жана секуляризм боюнча түшүнүктөр

Биринчиден, сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү (74 пайызы) "Дин жеке адамдын өзүнө гана таандык болууга тийиш, ал мамлекеттик саясатка таасирин тийгизбөөсү абзел" деген пикирде болушкан. Ошол эле учурда, респонденттердин төрттөн бир бөлүгү (аялдардын 18 пайызы жана эркектердин 19 пайызы) "Мамлекеттик саясат жарым-жартылай Ислам принциптерине таянуусу зарыл" жана аз гана бөлүгү (аялдардын 3 пайызы жана эркектердин 2 пайызы) "Мамлекеттик саясат толугу менен Ислам принциптеринин негизинде калыптануусу зарыл" деген пикирди карманышкан. Эгерде бул жыйынтыктарды респонденттердин негизги социалдык-демографиялык мүнөздөмөлөрү боюнча бөлүп карасак, бир нече кызыктуу

өзгөчөлүктөрдү байкоого болот. Мисалы, “Мамлекетте диндин ээлеген ролуна карата мамиле” жана “улуту” өзгөрмөлөрдүн арасында өз ара байланыш (-0,050 негативдүү корреляция) сезилээрлик деңгээлде экенин көрөбүз. Төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөндөй, орус улутундагы респонденттердин басымдуу көпчүлүгү (дээрлик 96.2 пайызы) динди мамлекеттик саясаттан ажыратуу пикирин колдошсо, ал эми өзбек, дунган, тажик улуттарындагы респонденттердин төрттөн бир бөлүгү (25 пайызы) Ислам принциптерин мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү болуусун каалашкан. Кыргыз улутундагы респонденттердин 20 пайыздан азы гана бул ырастаманы колдошкон. Демек кыргыз улутундагы респонденттерге караганда аталган үч аз сандагы улуттардын өкүлдөрү Ислам принциптери мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү болушу керек деген пикирди көбүрөөк карманат.

3-таблица:

**Исламдын мамлекеттик саясаттагы ролуна карата мамилеси боюнча респонденттердин улуттар боюнча пайыздык үлүшү**

| Төмөнкү үч ырастоонун ичинен кайсынысы сиздин коомдогу диндин ролу жөнүндө көз карашыңызды көбүрөөк билдирет? | Кыргыз | Өзбек | Орус | Дунган | Таджик | Башка | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Дин жеке иш катары болуп, мамлекеттик саясатка таасирин тийгизбеши керек | 77,4 | 68,4 | 96,2 | 65,4 | 73,3 | 74,0 | 77,5 |
| Ислам принциптери мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү болушу керек | 19,8 | 26,6 | 3,2 | 29,6 | 23,3 | 22,7 | 19,6 |
| Мамлекеттик саясат толугу менен Ислам принциптерине негизделиши керек | 2,8 | 4,9 | 0,7 | 4,9 | 3,3 | 3,3 | 3,0 |
| Бардыгы | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

## ПИРСОНДУН КОРРЕЛЯЦИЯ КОЭФФИЦИЕНТИ (PEARSON'S R)

**1. Төмөнкү үч ырастоонун ичинен кайсынысы сиздин коомдогу диндин ролу жөнүндө көз карашыңызды көбүрөөк билдирет?**
**2. УЛУТУ**

| | Төмөнкү үч ырастоонун ичинен кайсынысы сиздин коомдогу диндин ролу жөнүндө көз карашыңызды көбүрөөк билдирет? | Улуту |
|---|---|---|
| Төмөнкү үч ырастоонун ичинен кайсынысы сиздин коомдогу диндин ролу жөнүндө көз карашыңызды көбүрөөк билдирет? | | - 0,050 (p=0,0001) N=5949 |
| Улуту | - 0,050 (p=0,0001) N=5949 | |

P=значение; 2- хвост

“Мамлекетте диндин ээлеген ролуна карата мамиле” жана “билим деңгээли” өзгөрмөлөрдүн ортосунда да окшош өз ара байланыш (-0.052 күчтүү негативдүү корреляция[34]) белгиленет (4-таблица). Ошентип, билим деңгээли төмөн респонденттерге караганда билим деңгээли жогору респонденттер арасында “Мамлекеттик

34 Негативдүү байланыш – бул эгерде бир өзгөрмөнүн маанилүүлүгү жогорулаган сайын экинчи өзгөрмөнүн маанилүүлүгү төмөндөйт дегенди түшүндүрөт.

саясат жарым-жартылай же толугу менен Ислам принциптерине негизделиши керек” деген ырастама азыраак колдоого алынат деп айтууга болот.

Белгилей кетчү нерсе, динчилдиктин өсүшүнө алгылыктуу мамиле кылган респонденттердин көпчүлүгү (51.1 пайызы), “Исламдык диний баалуулуктар үй-бүлөнү бекемдөөгө жана балдарды туура тарбиялоого өбөлгө түзөт” деп болжолдошсо, респонденттердин калган жарымы (55.6 пайызы) “бул экстремизмдин күч алышына алып келет” деп болжолдошкон. Ошол эле учурда, респонденттердин 30 пайызы (аялдардын 27.6 пайызы жана эркектердин 30.4 пайызы) “Кудай берген Ислам мыйзамдары мамлекеттик мыйзамдан маанилуурөөк” деген пикирге макул болушкан. Респонденттердин 16.7 пайызы (аялдардын 15.5 пайызы жана эркектердин 18.4 пайызы) гана “мамлекеттик соттук жана укук коргоо ор- гандарына кайрылганча молдонун кеңешин угуп, шарияттын нормаларына таянуу зарыл” деп эсептешкен.

Келтирилген маалыматтардан улам сурамжылоого катышкан респонденттердин дээрлик жарымы (49,4 пайызы) өлкөдөгү динчилдиктин өсүшүнө алгылыктуу мамиле кылуу менен муну “бул эң жакшы жана нормалдуу көрүнүш” деп эсептешет, ал эми респонденттердин үчтөн бир бөлүгүнөн көбүрөгү (36.6 пайызы) мындай жагдай “коомчулукта сабырсыздыкка жана келишпестиктердин келип чыгышына алып келет” деп кооптонушат деп айтууга болот.

4-таблица:

**Исламдын мамлекеттик саясаттагы ролуна карата мамилеси боюнча респонденттердин билим деңгээли боюнча пайыздык үлүшү**

| Төмөнкү үч ырастоонун ичинен кайсынысы сиздин коомдогу диндин ролу жөнүндө көз карашыңызды көбүрөөк билдирет? | Негизги жалпы (1-9-класс) | Жалпы орто (1-11-класс) | Орто кесиптик | Жогорку кесиптик | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| Дин жеке иш катары болуп, мамлекеттик саясатка таасирин тийгизбеши керек | 71,3 | 76,6 | 80,6 | 78,0 | 77,5 |
| Ислам принциптери мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү болушу керек | 24,7 | 20,6 | 16,3 | 19,2 | 19,6 |
| Мамлекеттик саясат толугу менен Ислам принциптерине негизделиши керек | 3,9 | 2,8 | 3,1 | 2,7 | 3,0 |
| Бардыгы | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |

## ПИРСОНДУН КОРРЕЛЯЦИЯ КОЭФФИЦИЕНТИ (PEARSON'S R)

**1. Төмөнкү үч ырастоонун ичинен кайсынысы сиздин коомдогу диндин ролу жөнүндө көз карашыңызды көбүрөөк билдирет?**
**2. БИЛИМ ДЕҢГЭЭЛИ**

| | Төмөнкү үч ырастоонун ичинен кайсынысы сиздин коомдогу диндин ролу жөнүндө көз карашыңызды көбүрөөк билдирет? | Билим деңгээли |
|---|---|---|
| Төмөнкү үч ырастоонун ичинен кайсынысы сиздин коомдогу диндин ролу жөнүндө көз карашыңызды көбүрөөк билдирет? | | - 0,052 (p=0,0001) N=5949 |
| Билим деңгээли | - 0,052 (p=0,0001) N=5949 | |

P=значение; 2- хвост

Диний аалымдар, теологдор, серепчилер жана диний аял окутуучулар менен жүргүзүлгөн эксперттик интервьюлар жана ошондой эле динди практикалаган жана практикалабаган мусулман аялдар менен жүргүзүлгөн терең интервьюлар жана фокус-топтук талкуулоолордун натыйжасында алынган сапаттык маалыматтар ислам юриспруденциясынын Кыргызстандын мамлекеттик саясатына шайкештиги боюнча олуттуу кызыгууну көрсөткөн.

Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгүнүн пикири боюнча учурдагы мамлекеттик саясат жана укуктук тартип (режим) Ислам (шарият) мыйзамдарына каршы келбейт. Мындан тышкары мамлекет ар бир жаранга дин тутуу эркиндигин кепилдейт. Мамлекеттин мындай саясатын, сурамжылоого катышкандардын пикиринде, бардык кыргызстандык мусулмандар баалашы керек. Ислам ченемдери да Конституцияга карама-каршы келбеген, тек гана аны толуктоочу жана бүтүндөөчү катары кабыл алынат. Исламдык жана жарандык-укуктук ченемдер аралык байланышты талдоодо, диний эксперттер төмөнкүдөй Исламда белгиленген түшүнүктөргө шилтеме жасашкан: “фард” (милдеттүү), “важиб” (талап кылынган), “мустахаб” (пайдалуу), “мубах” (буйрук кылынбаган, бирок тыюу да салынбаган), “макрух” (жагымсыз), ж.б. Серепчилердин пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары тарабынан ар бир мусулманга парз болгон (фард) милдеттенмелерди (мисалы, сыйынуу, зыярат кылуу, мечитке баруу, диний билим алуу, диний кийим-кече кийүү) аткаруу үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Мындай жагдай кыргызстандык мусулмандар тарабынын “артыкчылык” катары кабыл алынышы керек, анткени кошуна өлкөлөрдө жашаган мусулмандардын мындай мүмкүнчүлүктөрү жетишсиз же дээрлик жокко эсе. Мындан улам, серепчилердин баамында, мамлекет тарабынан мусулмандарга ыйык Куранда белгиленген негизги жана милдеттүү ченемдери аткаруу үчүн жагымдуу шарттар түзүлгөндүктөн, динди карманган мусулмандар дагы өз кезегинде укуктук милдеттерди моюнуна алып, тийиштүү мыйзам ченемдерди аткаруусу абзел.

Бирок, айрым маселелер боюнча шарият менен жарандык мыйзамдар дал келишпеген учурларда мусулмандар колдонуудагы мыйзамдарга баш ийүүгө тийиш. Мисалы, Ошто бир молдо шариятка каршы келген жыныстык катнаш үчүн шарият өкүмү боюнча кылмышкерге өлүм жазасын берип же колун кесүү менен жазалоого чакырган. Бирок Кылмыш-жаза кодексинде мындай жаза каралган эмес. Ошол эле учурда диний серепчилер мыйзамдарды, саясатты жана буйруктарды иштеп чыгууда мыйзам чыгаруучу бийлик Ислам баалуулуктарын эске алуусу өлкө үчүн маанилүү болорун белгилешкен. Алардын айтымында, мындай каалоо жалпы калктын басымдуу көпчүлүгү Ислам динин карманганы үчүн эмес, Ислам дини коомдук адилеттүүлүккө, калыстыкка, плюрализмге жана тынчтыкка чакыруучу дин болгону үчүн ылайык болмок. Суралган аалымдардын билдирүүсүндө, мусулмандардын мыйзамдуулук жана адилеттүүлүк менен жүргүзүлгөн мамлекеттик саясатка баш ийүүсү Ыйык Куранда да айтылган:

> *“Оо, ыйман келтиргендер! Аллахка, пайгамбарга жана өзүңөрдөн болгон иш башчыңарга моюн сунгула. Кайсыл бир маселеде талашып калсаңар, эгерде Аллахка жана Акыретке ишенүүчү болсоңор ал маселени Аллахка жана Пайгамбарына кайтаргыла. Ушул (силер үчүн) жакшы жана эң абзел чечим”*
> *(Куран, Ниса сүрөөсү, 59-аят).*

Белгилүү дин аалымы Чубак ажы Жалилов Кыргыз Республикасынын Конституциясы ыйык Куранда жана хадистерде белгиленген адилеттүүлүк принцибинде негизделген, андыктан аны шарияттын жергиликтүү версиясы катары кабыл алынышы мүмкүн экенин айткан. Өзүнүн элге окулган лекцияларында ал жолдоочуларын өлкөнүн президентин жана мамлекеттик мыйзамдарды сыйлоого жана аткарууга үндөп, мамлекет тарабынан кепилденген дин эркиндиги үчүн Аллах Таалага шүгүр кылууга чакырат.


> *Биз президент өзү, спикер жана парламенттин башка 30 мүчөлөрү күндө намаз окуган, 250-300 000 адам Ак үйдүн алдында чыгып сыйынган өлкөдө жашап жатабыз. Биздин мамлекет – уникалдуу, кайталангыс мамлекет! [...] Конституцияда Кыргызстан светтик (секулярдык) мамлекет катары белгиленгенине карабастан, Кыргызстан - мусулман өлкө. Шарият боюнча жана Аллах Тааланын алдында Кыргызстан мусулмандардын өлкөсү болуп эсептелинет. Ислам эрежелери толугу менен жүзөгө ашырылбаса да, биз өз динибизди тутунууга эркиндигибиз бар. Кудайга шүгүр! 20 жылдык эгемендик тарыхыбызда бизде бир да жаман президент болгон эмес. Алардын баары динге карата жакшы мамиле кылышты". (Other Sources\Chubak_aji_Jalilov: 6 - 6)*

## Диний радикализм жана экстремизм маселелери

Мындан тышкары сурамжылоо респонденттердин диний радикализм жана экстремизм маселелерине карата мамилесин (кабыл алуусун), атап айтканда, респонденттердин Сирияга согушчул аракеттерге катышуу үчүн барып келген адамдар боюнча жеке маалыматы, тыюу салынган диний уюмдар тууралуу маалымат булактары жана экстремисттик уюмдун ишине катышкандыгы үчүн жоопкерчилик тууралуу маалым болуусун аныктоого багытталган.

Тилекке каршы, сурамжылоодо респонденттердин "диний экстремизм" жана "диний радикализм" терминдери боюнча жеке түшүнүктөрү аныкталган эмес. Ошентсе да бул ажырым сапаттык маалыматтар менен толукталышы мүмкүн. Төмөнкү тармактык диаграммада, биз ар бир төрт топтогу (диний эксперттер, аял респонденттер, эркек респонденттер жана миграцияда болуп келген аял респонденттер) респонденттердин мүнөздүү жооп категорияларын кластерлерге бөлүштүрүү аркылуу респонденттердин диний радикализм жана экстремизм тууралуу түшүнүгүн аныктоого аракет кылдык.

1-тармактык диаграмма




Маекке катышкан респонденттердин көпчүлүгү исламды бекем кармангандар да, карманбагандар да, диний радикализм жана экстремизмдин маанисин толук же жакшы түшүнбөгөнүн билдиришкен, айрымдары түшүндүрмө берүүдөн такыр эле баш тартышкан. Исламды диний радикалдашуунун контекстинде талкуулоо айрым респонденттердин кыжырдануусун туудурган. Исламды коргоодо, алар: "Ислам тынчтыкка, адилеттүүлүккө, сабырдуулукка үндөйт, анан кантип ал адам өлтүрүүлөрдү колдосун?", "Адамдар динди туура эмес түшүнгөндүктөн экстремисттик идеяларга берилип радикалдашууда" же "Ислам мусулман эместер тарабынан уюштурулган саясий жүрүштөрдүн курмандыгы болуп жатат" деген пикирлерди айтышкан. Катардагы мусулман респонденттерге караганда, маекке катышкан эксперттер бул маселе боюнча өз ой пикирлерин ачыгыраак билдиришкен. Алардын кээ бири диний радикалдашууну мусулман эркектердин сакал коюусу жана мечитке көп баруусу менен байланыштырса, башкалары диний радикалдашууну адамдардын такай сыйынуусун жана башкалардан өзгөчөлөнүп атайын диний кийим-кече кийүүсүн экстремисттик мүнөздөгү жүрүм-турум катары баалашкан. Айрымдары, атүгүл, Кыргызстандагы христиандык жана башка майда чет өлкөлүк миссионердик жамааттардын ишмердигин диний экстремисттик кыймылдар менен түз байланышта деп айтышкан. Ошол эле учурда, эксперттер ислам экстремизмге эч кандай тиешеси жок, тескерисинче ал экстремизмди ар дайым айыптаган дин экенин айтышкан. Бирок ар бир түшүнүктүн, идеологиянын (саясий, маданий

диний) жактоочулары сыяктуу эле, айрым мусулмандар ар кандай экстремисттик идеяларга берилип экстремисттик-террордук иш-аракеттерге барууда.

Эксперттердин пикиринде, экстремизм, радикализм жана терроризм маселелерин кандайдыр бир диндин алкагында талдоодон мурда адегенде бул терминдердин так маанилерин (өзгөчөлүктөрүн) жана өз ара байланыштарын аныктоо зарыл. Радикализм – бул саясий системаны түп-тамырынан бери өзгөртүүгө багытталган көз караштар жана аракеттердин жыйындысы. Бул коомго оң таасир тийгизгендей эле, терс да таасир тийгизиши мүмкүн. Кыргызстандагы акыркы саясий төңкөрүш, Америка Кошмо Штаттарында кулчулуктун жоюлушу жана Европа өлкөлөрүндөгү суфражисттик кыймылдын натыйжалуу аякталышы радикалдуу идеялардын позитивдүү кесепеттери катары белгиленген. Эксперттердин билдирүүсүндө, экстремисттик идеологияларды жайылтууда адатта жалпы коомдук коопсуздукка жана тартипке коркунуч туудуручу зомбулук иш-аракеттер колдонулат. Экстремизм да террордук ыкмаларды колдонуу менен жалпы калктын коопсуздугуна коркунуч келтирүүчү чектен чыккан иш-аракеттердин жыйындысы катары белгиленген. Эксперттердин айтымында, Кыргызстанда жогоруда белгиленген диний уюмдардын бардыгы бар. Мисал катары алар “Хизб-ут Тахрир”, “Жайшу-Махди”, “Акрамия”, “Ислам мамлекети” (ИМ), “Өзбекстан Ислам кыймылы” жана ошондой эле вахабиттик жана салафиттик топторду белгилешкен.

> *“Радикалдуу Ислам деген термин туура эмес. Биз бул терминдерди туура колдонушубуз керек. [...] Ислам радикализм, экстремизм жана терроризмге каршы турат. Бизде бир гана “Салафий” жана “Хизб-ут Тахрир” сыяктуу радикалдык-экстремисттик топтор бар. “Таблиги жамаат” уюмунун философиясында да радикалдуу элементтер кездешет. Радикализм деп айрым аялдар келип алып, башкаларды Исламды кабыл алууга мажбурлашын айтсак болот. Шарият боюнча исламды мажбурлоо, коркутуу же террор аркылуу кабыл алууга же алдыртууга тыюу салынган. Ар бир эркек жана аял динге өз ыктыяры жана ишеними аркылуу келиши керек. [...] Экстремизм бул кийинки этап. Бул, мисалы, башка мусулмандар аялдарга “Силер хижаб кийишиңер керек. Эгер кийбесенер, силер Аллах Тааланын эркине каршы чыккан болосуңар” деп ар кандай психологиялык кысымдарды көрсөткөнүн айтсак болот. Эгерде аялдар бул айткандардан кийин да хижаб кийүүнү каалабаса, анда алар “Силер Аллах Тааланын буйругун аткарбай жатасыңар. Андыктан силер мусулман эмессиңер. Силер каапырсыңар!” дешет. Бул чынында эле экстремисттик амал болуп эсептелинет”. (OS_31_experts: 164-166)*

> *“Биринчи кезекте биз радикализм жана экстремизм деп эмнени түшүнөрүбүздү аныктап алышыбыз керек. Радикализм – бул нейтралдуу термин. Ар бирибиз саясий, экономикалык же башка мүнөздөгү радикалдуу идеяларды карманышыбыз мүмкүн. Ар бир жөнөкөй адам, жок эле дегенде, бир нерсеге карата карама-каршы келген, радикалдуу көз караашта болуп келет. Бир нерсеге нааразы болуу же каршы туруу - бул табигый нерсе. Мисалы, пайгамбарыбыз азирети Мухаммед да радикалдуу кыймыл аракеттерди жасаган. Ал коомдук түзүлүштү, системаны өзгөрткөн. Бирок ал экстремист болгон эмес, эч качан зомбулук ыкмаларды колдонгон эмес. Сиз айырманы көрүп жатасызбы? Эгерде бир мусулман өзү аткарбаса да, бирок кандайдыр бир экстремисттик же зомбулук иш-аракеттерди колдогон болсо, ал экстремист болуп эсептелинет. Радикалдашкан адам – бул ар кандай радикалдуу идеяларды карманган адам. Балким ал өлкөдөгү саясий системаны өзгөрткүсү келет? Бизде эркиндик үчүн күрөшкөн революционерлердин бардыгы радикалдуу идеяларды карманып келишкен. Алардын арасында ошондой эле экстремисттик маанайдагы адамдар да болгон! Экстремисттер өз максаттарын ишке ашырууда террористтик ыкмаларды колдонушу мүмкүн. Биздин өлкөдөгү диний жагдайды талдап чыксак, биз кайсы диний уюм экстремисттик идеяларга жакын, кайсынысы жөн эле радикалдуу идеяларды карманган жана кайсынысы, чынында, террористтик иш-аракеттерди уюштурганын көрө алабыз. Бизде диний уюмдардын бардык түрлөрү бар”. (BISH_33_expert: 171-174)*

## Аялдардын радикалдашуусунун себептери

Эксперттик интервьюларга негизделген изилдөө жыйынтыктары аялдардын радикалдашуусуна жана алардын террордук (жихад) топторго кошулуусуна түрткү болгон себептер катары төмөнкүдөй үч негизги факторлорду аныктаган:

1) радикалдашкан күйөөлөрүнүн же башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн таасирлери;

2) коомдук адилетсиздик жана басмырлоо;

3) экономикалык кыйынчылыктар жана эл аралык эмгек миграция учурундагы расалык араздашуу.

Биринчи түрткү болгон фактор боюнча белгилеп кетчү нерсе, мусулман аялдардын диний сабатсыздыгы жана диний радикалдашуунун кесепеттери тууралуу маалыматтын жетишпегендиги алардын радикалдык-экстремисттик көз караштагы күйөөлөрү же башка үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан жүргүзүлгөн радикалдуу идеялардын пропагандасына туруштук бере алышпайт. Экстремисттик идеяларга берилип алар күйөөлөрүн артынан ээрчип согуш зоналарына барууга да даяр.

Бирок, кээ бир эксперттердин баамында, бардык эле учурда аялдар радикалдык-экстремисттик идеялардын жана алдамчылыктын курмандыгы болуп жатат деген туура эмес. Айрым аялдар Кыргызстандагы экстремисттик долбоорлорго эч кимдин мажбурлоосуз эле өз каалоолору менен активдүү катышып, алардын калк арасында жайылышына чоң салым кошуп жатышат. Эксперттердин айтымында, мындай экстремисттик долбоорлордо радикалдашкан аялдар эки конкреттүү милдетти аткарат. Биринчиден, динге берилген аялдардын ишмердиги коопсуздук кызматтары тарабынан көзөмөлдөнбөгөндүктөн, радикалдашкан аялдарга өз туугандары жана башка аялдар арасында пропаганда иште- рин жүргүзүү жана аларды азгыруу милдети жүктөлөт. Алар “хужра” сыяктуу аялдарга диний багытта таалим-тарбия берүүчү сабактарды же уюмдарды уюштуруп, ал жерде тыюу салынган диний-экстремисттик адабияттарды таркатып, тымызын өз катарларына тартууга басым жасашат. Көбүнчө мында жайларда “таалим-тарбия” алган аялдар күйөөлөрүн ээрчип согуш зоналарына барууга макул болушат.

Экинчи түрткү болгон фактор, аялдардын бала төрөө, таалим берүү жана тарбиялоо функцияларына байланыштуу, аялдардын экстремисттик идеологияны жайылтуудагы ролуна жана мүмкүнчүлүктөрүнө экстремисттик уюмдар тарабынан өзгөчө маани берилет. Эксперттердин айтымында, радикалдашкан аялдар өз балдарына таасир этүүгө жөндөмдүү келгендиктен алардын балдарын жана башка үй-бүлө мүчөлөрүн диний экстремисттик уюмдарга тартып кетүү оңой.

Эксперттердин билдирүүсүндө, акыркы он жыл ичинде Кыргызстанда аялдардын ар кандай диний экстремисттик уюмдарга кошулуп жаткан учурлары көбөйгөн. Бул, алардын баамында, аялдардын арасындагы динчилдиктин күч алышы менен диний сабатсыздыктын кесепетинен улам келип чыгууда.

> *“Эмне үчүн? Аялдар ишенимдүү булактардан дин тууралуу кененирээк маалымат алууну каалашат. Бирок аялдар үчүн хужраларда сапаттуу диний адабияттар жетишпейт, мечиттер аларга жеткиликтүү эмес. Анан аялдар каерден жана кантип диний маалымат ала алышат? Диний сабатсыздык жана сапаттуу диний билим алуу мүмкүндүгүнүн жоктугу акырындап аялдардын радикалдашуусуна алып келет. [...] Эгерде аялдардын катышуусундагы экстремисттик кылмыштар 2005-жылы 1% гана түзө турган болсо, бүгүнкү күндө бул көрсөткүч 20-25% түзөт. Мындай көрсөткүч бизди тынчсыздандырбай койбойт. Анткени экстремисттик-террористтик актыларды ишке ашырган аялдардын пайызы бүгүнкү күндө 7-8% түзөт. Мисалы, Ысык-Көл облусу боюнча аялдар экстремисттик иш-аракеттерге катышкандардын дээрлик 50% түзөт. Экстремисттик иш-аракеттерге мектеп окуучулары да тартылууда. Мугалим болуп иштеген аялдар, тилекке каршы, өз диний көз караштарын окуучу балдарга таңуулоодо”.*

Экинчи түрткү болгон фактор – жеке жана коомдук турмушта ар кандай басмырлоого дуушар болгон аялдар экстремисттердин интернет аркылуу жүргүзүлгөн азгырыктарына көбүрөөк кабылат. Эксперттердин айтымында, салттуу патриархалдык коомчулукта ажырашкан аялдар жана диний ишенимдерине карата ар кандай коомдук кодулоого дуушар болгон аялдар экстремисттик багыттагы уюмдардын социалдык тармактар аркылуу жүргүзүлгөн азгырыктарынын негизги бутасы болууда. Экстремисттер бул топтогу аялдарга туура нике менен үйлөнүүнү жана аларга урмат-сый менен, адилеттүү мамиле кылууну убада кылышып өз катарларына тартууда. Айрымдары мындай убадаларга ишенип, согуштук аракеттер жүрүп жаткан зоналарга барууга аракет жасашат.

> *“Мен Сириядан кайтып келген аялдардын видеого тартылган түшүндүрүүлөрүн иликтеп чыктым. Алар ал жакта сый-урматсыз,*

*бактысыз жана татаал шарттарда жашаганын айтышкан. Рекрутерлер аларга абдан көп нерселерди убада кылышканын, бирок алар ал жакка [Сирияга] келгенде кыялындагы жашоо заматта күлгө айланганын айтышкан. Алданып калганына өкүнүшүп, алар эптеп Кыргызстанга кайтып келишкен. Азыр эми алар башкаларды мындай жалган убадаларга азгырылбоого үндөп жатышат. Жалган убадалар менен экстремисттер аялдарды азгырууга аракеттенишет". (OS_Osh (mixed)\OS_31_Muslim_expert: 173 - 182)*

*"Биз аялдардын радикалдашуусунун себептерин талдап чыктык. Талдоо жыйынтыктарыбызга таянуу менен биз аялдардын радикалдашуусунун негизги себеби бул алардын "мусулман өлкөдө" жашоого болгон умтулуусу менен шартталган деп айтсак болот. Коомчулук тарабынан аялдардын хижаб кийүүсү коомдук коопсуздукка коркунуч туудурган көрүнүш катары кабыл алынат. Мындай жагдай алардын кыжырын келтирет. Алар "эмне үчүн көкүрөгү ачык жана кыска юбка кийген кыздар эмес, менин хижабым светтик түзүлүшкө коркунуч жараткан көрүнүш катары кабыл алынат?" деп сурашат. (BISH_33_expert: 133-133)*

Үчүнчү фактор боюнча белгилей кетсек, Сириядагы согуштук аракеттерге кошулган кыргыз жарандарынын (аялдардын да, эркектердин да) басымдуу көпчүлүгү радикалдуу диний идеяларга эмес, акчага азгырылган жарандар. Эксперттердин айтымында, экстремисттик рекрутерлер калктын социалдык жактан аярлуу катмарларына өзгөчө басым жасашат. Алар социалдык жактан аз камсыз болгон адамдарга "Ислам мамлекетти" адилеттүүлүк үчүн күрөшкөн уюм жана алар менен бирге күрөшкө чыккандарга ири акчалай сыйлык берилет деп алдашып, аларды Сириядагы согуштук аракеттерге тартууда. Эксперттердин билдирүүсүндө, ар кандай басмырлоолорго, адилетсиздикке жана расалык араздашууга чалынган жаш курактагы мигранттар да экстремисттик жана террордук кыймылдардын бутасы болууда. Материалдык колдоого алданып ал жакка барган кыргыз жаштары өз божомолдорунун жана курган системаларынын кыйрашы менен катар зор тобокелчиликке жана өлүмгө дуушар болууда. Эксперттердин айтымында, кеткендердин өтө азы гана Кыргызстанга кайрадан кайтып келишет, кайтып келген соң алар түрдүү психологиялык жана физикалык оорулар менен жабыркашат. Мындан тышкары коомчулук тарабынан алар террорчу болушу мүмкүн, коркунуч жаратышы ыктымал сыяктуу кодулоолорго туш болуп, акырындап коомдук турмуштан обочолонуп калууда. Эксперттер белгилегендей, согуштук аракеттер болуп жаткан зоналардан кайтып келгендерди реабилитациялоо жана коомго аралаштыруу максатын көз- дөгөн мамлекеттик программа азыркыга чейин иштелип чыга элек. Бирок "БУУ-нун Аялдар" түзүмү нүн Кыргызстандагы аялдар жана диний радикалдашуу тууралуу баяндамасында белгиленгендей, тийиштүү мамлекеттик органдар Сирия жана Ирактан кайтып келген жарандар менен психологдор, диний аалымдар жана түрмө кызматкерлери аркылуу иш алып барып, аларга кандайдыр бир деңгээлде колдоо көрсөтө баштаншты. Аталган баяндамада "Ислам мамлекети" террордук тобунун катарында согушкан эркектердин Кыргызстанда түрмөгө камалып чыккан аялдарына да психологиялык жана социалдык жактан жардам көрсөтүү абзел экени белгиленген ("БУУ-нун Аялдар" түзүмү 2017: 14).

*"Биз Кыргызстанда көптөгөн үй-бүлөлөр жакырчылыкта жашаарын унутпашыбыз керек. Алар жумуш таба алышпайт. 25-30 курактагы жаш адамга эмне керек? Албетте, акча! Ал өз алдынча турмуш курушу керек, үй жана унаа сатып алышы керек жана тойлорду өткөрүшү керек. Бирок акчанын жоктугунан мындай нерселерди кыла албайт. Андан кийин алар акча табуу үчүн Орусияга же Түркияга кетишет. Ал жакта аларга бардык эшиктер ачыктай сезилет! Эч ким ал жакта аларга тыюу салбайт. Ошентип, эркек болобу, аял болобу, ал жактан ары Сирияга кетип жатышат. Мен аларды Сирияга диний ишенимдерге же идеяларга берилип кетип жатышат деп айта албайм. Жок, биз андай диний кырдаалга жете элекпиз. Биз жихаддын маанисин түшүнбөйбүз. Биз атүгүл Ислам эмне экенин да билбейбиз. [...] Орусияда миграцияда жүргөн биздин жарандарыбыз эмнени көрүп жатышат? Депрессия, кодулоо, араздашуу ... скинхеддер. Ал жакта алар дайыма ар кандай кысымдарга кабылышат, андыктан алар тунук ой жүгүртө алышпайт. Ушундан улам алар рекрутерлердин азгырыктарына бат кабылышат..." (BISH_31_expert: 294-305)*

Бул бөлүмдө мусулман топтогу респонденттер боюнча изилдөө жыйынтыктары көрсөтүлгөн. Жыйынтыктар диний копинг, Исламдын гендердик ролдорго жана мамилелерге жана аялдардын коомдук, маданий жана экономикалык

капиталына тийгизген таасирин талдоо аркылуу алынган маалыматтарга таянат. Аманат концепциясына таянуу менен биз эмне себептерден Исламдагы патриархалдык ченемдер мусулман аялдарга жагымдуу келээрин жана Исламды кабыл алгандан кийин аялдардын жашоолору кандай сапаттуу өзгөрүүлөргө туш болгонун аныктай алдык. Андан соң биз бул өзгөрүүлөрдүн гендердик теңдик жана аялдардын укуктары  менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү маселелерине мүмкүн болгон кесепеттерин талкууладык. Жыйынтыктап айтканда, коомдун диний экстремизмди жана радикалдашууну кабыл алуусун аныктоодо биз сапаттык жана сандык маалыматтарды бириктирип иликтөөгө аракеттендик. Кайчылаш-текшерүү негизинде биз аялдардын радикалдашуусунун негизги себептерин аныктай алдык.





*Жогорудан төмөн карай:*

*GSPS респонденти жергиликтүү аялдар менен шеринеде отурган кези.*

*Мындай расмий эмес жолугушуулар аялдарга өздөрүнүн көйгөйлөрүн талкуулоого жана натыйжалуу чечимдерге келүүгө мүмкүнчүлүк берет. © «БУУнун Аялдар» түзүмү/ Эльёр Нематов*

*GSPS респонденти  намаз окуп жаткан кези. © «БУУнун Аялдар» түзүмү/ Эльёр Нематов*

# 4

# ИЗИЛДӨӨ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

## МАЙДА ДИНДЕР

# 4
# ИЗИЛДӨӨ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ
## МАЙДА ДИНДЕР

Эксперттердин айтымында, Совет бийлиги кулагандан кийин келип чыккан идеологиялык вакуум, калктын жаңы идеологиялык баалуулуктарга болгон муктаждыгы, салыштырмалуу жагымдуу укуктук чөйрө жана дин тутуу эркиндиги Кыргызстанда диний прозелитизмдин жайылышына жана жандуулугуна олуттуу өбөлгө түзгөн (Насритдинов ж.б 2014; Рэдфорд 2011; Пэлкмен 2007). Христиан дининин протестанттык багытындагы чет өлкөлүк конфессиялардын миссияларынын (Германия, АКШ, Түштүк Корея жана башка өлкөлөр), анын ичинде баптисттик, лютерандык, адвентисттик жана башка “элүүнчү күнчүлөрдүн” ишмердүүлүгү өзгөчө активдүү болгон. Христиан дининин универсалдык жобосуна жана Инжилдеги өкүмдөргө жетектелип, бул миссиялардын өкүлдөрү өзүн-өзү жөнгө салуучу жана маданий жактан биргелешкен жергиликтүү чиркөөлөрдү курууну көздөшкөн. Мындагы негизги максат – жергиликтүү чиркөөлөр аркылуу жергиликтүү калктын арасында андан ары евангелизациялоо процессин улантуу болуп саналган. Жергиликтүү шарттарга адаптацияланган христиандык доктриналарды калк арасында жайылтууда, чет өлкөлүк миссионерлер ар кандай прозелиттик, мисалы, көчөдө же үйлөрдүн эшиктерин тыкылдатып эл менен аңгемелешүү, материалдык жардам көрсөтүү, акысыз балдарга эс алуу лагерлерин уюштуруу, акысыз чет тил үйрөнүү окуу курстарын уюштуруу, ж.б.у.с. ыкмаларды колдонушкан.

Мындан сырткары мамлекеттин алгач динге кийлигишпөө позициясынын натыйжасында Кыргызстанда Мун Сан Мен Биригүү чиркөөсү, Кришна эл аралык аң-сезим коому, Махариши менеджмент мектеби, Кришна аң-сезими, Жаңы муун кыймылы сыяктуу дүйнөдө жаңы пайда болгон агымдардын өкүлчүлүктөрү пайда болгон. Бул диний агымдардын өкүлчүлүктөрү Кыргызстанда өз таасирлерин кеңейтүү үчүн негизинен Ислам дининин таасири азыраак болгон жана поликонфессиялдуу жана полиэтностук түндүк аймактарга басым жасашкан.

Бирок 2009-жылы “Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” жаңы мыйзамдын кабыл алынышы жана 2012-жылы бул мыйзамга өзгөртүүлөрдүн киргизилиши менен "салттуу эмес" мусулман, Христиан жана башка азчылык дин уюмдардын ишмердүүлүгүнө карата бир катар чектөөлөр киргизилген.

Эл аралык байкоочулар бул чектөөлөр жарандардын конфессиялык таандыгы боюнча басмырлоону жана кодулоону күчөтүү менен өлкөдөгү диний кырдаалга терс таасир тийгизиши мүмкүн экенин белгилешкен[35]. Норвегиялык “Форум 18” бейөкмөт уюмунун баяндамасына ылайык, 2009- жылкы мыйзам кабыл алынгандан бери бир дагы жаңы католик, протестант, Иегова күбөлөрү же Ахмадия жамааттары каттоого алынган эмес.Мыйзамга ылайык, каттоосу болмоюнча миссионердик же диний мүнөздөгү ишмердүүлүк жүргүзүүгө тыюу салынат.

Бул изилдөөдө биз адамдын башка динге өтүүсүнүн жеке себептерин, шарттарын жана анын кесепеттерин талдоого жана түшүнүүгө аракеттендик. Тактап айтканда, биз кандай факторлор аялдардын башка динге өтүүсүнө түрткү болоорун, аялдардын башка динге өтүүсү алардын маданий, коомдук жана экономикалык капиталына кандай таасир тийгизээрин жана аялдардын башка динге өтүүсү учурдагы конфессия аралык диалогго кандай таасир тийгизээрин аныктадык.

Протестанттык жана Христиандык агымындагы конфессиялардын өкүлдөрү катышкан 59 терең маектешүү жүргүзүлдү: 8 – православ христианчылык жолдоочулары, 2 – хришнаизм жолдоочулары, 3 – буддизм жолдоочулары, 2 – теңирчилик жолдоочулары жана 4 – бахаи жолдоочулары. Респонденттердин улуту боюнча катышы түрдүү (орус, немис, кыргыз жана аралаш) болгон. 15 респондент жогоруда белгиленген майда диний ишенимдеринде өсүп-тарбияланган болсо, калгандары башка диндерге кийин өткөндөр.

35 АКШнын Эл аралык дин эркиндиги боюнча комиссиясы (USCIRF), 2017-жылдагы баяндама, Кыргызстан: https://www.uscirf.gov/sites/default/files/Kyrgyzstan.2017.pdf

4.1

# ДИНИЙ КОПИНГ ЖАНА МАЙДА ДИНДЕР АРАСЫНДАГЫ ГЕНДЕРДИК РОЛДОРДУН БӨЛҮШТҮРҮЛҮШҮ

Рэдфорддун (2011; 2015) Кыргызстандагы диний прозелитизм тууралуу жүргүзгөн изилдөөсү боюнча, типтүү Христиан динин кабыл алган прозелит аял – бул 26-40 жаш курактагы, кесиптик же жогорку билими бар, ажырашкан жана Кыргызстандын түндүк аймагында шаар же кыштак жергесинде турган аял (2015: 31-33). Биздин изилдөөнүн маалыматтары да аялдар эркектерге караганда "жаңы" диндерди көбүрөөк чын көңүлү менен кабыл алышарын тастыктаган.  Мунун себеби, аялдар коомдук жана жеке турмуштагы ар кандай стресстик факторлорго жана турмуштук кыйынчылыктарга тезирээк дуушар болуп, тышкы булактардан психологиялык жардам жана социалдык колдоо издешет.

Маекке катышкан прозелит аялдардын көпчүлүгүнүн башка динге өтүүсү ар кандай оор турмуштук кырдаалдар, мисалы, жубайынын каза болушу, өздөрүнүн же жакын туугандарынын олуттуу дартка чалдыгышы, оор ажырашуу, материалдык көйгөйлөр сыяктуу факторлор менен шартталган. Моралдык жана социалдык колдоого болгон муктаждыгынан улам алар жаңы динге кызыгышып, кийин дитин коюшуп биротоло баш байлап кетишкен. Дин алардын тигил же бул топко жакындык же таандыктык сезимин берүү менен катар алардын моралдык муктаждыктарын канааттандырат жана жашоосуна үмүт берет. Натыйжада, дин аларга оор моралдык-психологиялык абалдан чыгууга өбөлгө түзөт. Самаранын Иисус Христос чиркөөсүнө кабыл алынган окуясы көптөгөн кыргыз прозелит аялдар үчүн типтүү:

> *“Мен өмүр бою жакырчылыкта жашагам. Жашоомдо деги бир бакубатчылыкты көргөн эмесмин. Менин жолдошум өтө аз акча тапчу жана аракеч болчу. Акчаны мен тапчумун. Менин айлыгымды тартып алчу. Мен каршы болсом, ал мени сабап жатып калчу. Мен андан ушунчалык көп азап тарттым! Акырында чыдай албай кеткем, анан мага бой тартып калган балдарым ажыраш деп айтышты. Мен аларды угуп, жолдошум менен ажыраштым. Балдарымды алып ата-энемдикине бардым, бирок ата-энеме менин балдарым көп жакпады. Эми бардык эле балдар ыйлайт, ызы-чуу салат эмеспи. Ата-энеме абдан жиним келген. Мен алардын колдоосуна абдан муктаж болгон учурда алар мени колдогон жок. Анын үстүнө жолдошумдун соккуларынын натыйжасында мен көптөгөн ооруларга чалдыктым, анын ичинде кан басымым көтөрүлүп, өнөкөт бронхит, ашказан жарасын таптым. Токтобогон баш оору, полиартрит! Мен ата-энемдин үйүнөн орун таба алган жокмун. Эптеп экинчи жолу турмушка чыктым, бирок көп узабай кайра ажырашып кеттим. […] Бир күнү мен онтоп төшөктө ооруп жатсам, уулум келинчеги менен келип, алар мен үчүн Кудайга сыйынсак болобу деп сурады. Мен макул болдум. Алар менин керебетимдин алдында тиленип, Жараткандан мага жардам берүүнү сурай баштады. Алар сыйынып бүткөндөн кийин мен өзүмдү жакшы сезе баштадым, моюнумдан кадимкидей оор жүктү алып салгандай эс алып калдым! Ошол учурда Кудай менин жүрөгүмө ишеним киргизди окшойт. Балам менен келиним мага алардын динине өтүүнү сунуш кылышты. Мен дароо эле макул болдум!” (OS_36_Christianity; 55-60 ж.к)*

Бирок, белгилей кетчү нерсе, прозелит аялдардын көпчүлүгү өздөрүн башка динди кабыл алган адамдар катары эсептешпейт. Мурда эч бир динди тутунбагандыктан, алар өздөрүн экс-мусулмандар же экс-православдар деп таанууну каалашпайт. Мындай позиция аларга коомчулуктун ар кандай “тепкисине” моралдык-психологиялык жактан туруштук берүүгө жардам берет.

Аз гана болгон прозелит аял респонденттер “салттуу” болгон Ислам же православ Христиан диндерин кеңири практикаланган үй-бүлөдө өсүп-тарбияланганын билдирген. Алар өздөрүн башка динге өтүүсүн мурдагы карманган диний ишенимдеринде рухий жактан канааттандырарлык жооп таппагандык жана рухий алыстагандык менен шартталган деп билдиришкен.

Христиан прозелит аялдардын көпчүлүгү алардын Христиан динине өтүүсүнүн негизги натыйжасы катары Кудайдын сүйүүсүнө жетүү менен катар өз жашоолорунда туруктуу гармонияга жетишүүгө жардам берди деп айтышкан.
Христиан динин башкаларды тең кабыл алуу жана аларды сүйүү багытында тарбиялоо доктринасы Чиркөө коомунун бекемделип, андан ары өсүп-өнүгүшүнө олуттуу салым кошуп келет. Мындан тышкары, чиркөө жамаатын сактоо жана өнүктүрүү максатында айрым чиркөө жетекчилери жергиликтүү жана чет элдик кайрымдуулук каражаттардан ар түрдүү жардам жана кайрымдуулук иш-чараларды уюштурат.

Респонденттер чет элдик миссиянын жетекчилери чиркөө жамааттын мүчөлөрүнө өз катарына калтыруу үчүн такай акча жана материалдык жардам берет деген пикирди четке кагышкан. Тескерисинче, алар тапкан кирешелеринин 10 пайызын чиркөө жамаатка берип турарын, бул каражаттар жамааттын күндөлүк чыгашаларын каржылоо жана кайрымдуулук иш-аракеттерди уюштуруу үчүн пайдаланыларын билдиришкен. Ал эми чет элден келген демөөрчүлүк каражаттар ири кайрымдуулук долбоорлорго, мисалы, балдардын жайкы эс алуу лагерлерин уюштуруу, карылар жана балдар үйлөрүнө, кризистик борборлорго ж.б. муктаж болгон коомдук уюмдарга жардам көрсөтүү боюнча иш-чараларды каржылоого багытталат. Көптөгөн жамааттар үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан жапа чеккен аялдарга моралдык колдоо көрсөтүү менен катар акысыз юридикалык кызматтарды да сунушталары белгиленген.

Прозелит аялдардын айтымында, бир баалуулуктар системасынан экинчи баалуулуктар системасына өтүү аларга көп деле ыңгайсыздыктарды жараткан эмес. Жалпысынан баштапкы баалуулуктар чөйрөсү алардын жаңы ролдору, менен шайкеш келет. Башкача айтканда, алардын башка динге өтүсү алар үчүн аз гана айырмачылыктар менен, бир патриархалдык гендердик системадан экинчи патриархалдык гендердик системага өткөндөй болуп саналат.

Христиан прозелит аялдар үчүн алардын гендердик ролдору “Ар бир аялдын башында бир эркек турат; ар бир эркектин башында Иса пайгамбар турат; ал эми Иса пайгамбардын башында Кудай турат” деген аксиоманын негизинде бөлүштүрүлөт. Бул аксиомага ылайык, аял иерархиянын төмөнкү баскычында турат. Ошол эле учурда Кудайдын алдында эркектер да, аялдар да бирдей укуктарга ээ, бирок аял менен эркектин ортосундагы бир катар физиологиялык жана психологиялык айырмачылыктарга байланыштуу аларга ар түрдүү диний жоопкерчилик-милдеттер жүктөлгөн. Эркектер аялдарга караганда күчтүүрөөк, кыйынчылыктарга карата чыдамкайлуу, оор басырыктуу жана эрктүү келгендиктен ага үй-бүлөнү багуу жана коргоо милдети жүктөлгөн. Аялдар физиологиялык жана психологиялык жактан назик жана алсыз болгондуктан аларга бала багуу, тарбиялоо жана үй жумуштарын жасоо милдеттери жүктөлгөн. Эркектин аялына, балдарынын энеси жана зайып катары, урмат-сый менен мамиле кылуусу, анын укуктарын сыйлоосу жана чечим кабыл алууда аны менен акылдашуусу талап кылынганы менен, аял күйөөсүнүн айтканына дайыма баш ийүү керек. Эгерде аял күйөөсү тарабынан зомбулукка же адилетсиз мамилеге кабылган болсо, ал мындай учурду өз алдынча жеңип чыгуу керек же Кудайдан жардам суроо керек.

Харе Кришна агымынын гендердик философиясы аялдар жаш баладай алсыз жана назик келет, андыктан алар дайыма эркектердин коргоосуна муктаж деген ишенимге негизделет. Аялды коргоо милдети бала куракта атасы менен башталат, андан соң орто жаш куракта күйөөсү менен уланат, кары-картаң куракта бул милдет эрезеге жеткен эркек балдарына өткөрүлүп берет.
Хришна общинасында бардык аялдар “эне” катары каралат, андыктан аларга дайыма урмат, ызат, сый менен мамиле кылуу керектиги айтылат. Жолдоочуларга аялдарды сексуалдык каалоо аракетинин предмети катары кароо тыюу салынат. Ушуга байланыштуу Кришнанын жолдоочулары так гендердик-бөлүштүрүлгөн сыйынуу, тамактануу жана жашоо эрежелерин карманышат. Эгерде рухий өсүшкө эркектер целибат аркылуу жете алат деп айтылган болсо, аялдар күйөөлөрү менен рухий жана жыныстык мамилелерде болуу аркылуу рухий өсүшкө жете алат деп айтылган. Бул аялдарга кийинки жашоолорунда эркек болуп төрөлгөнгө жардам берет деп айтылган. Белгилей кетчү нерсе, хришнаиттердин кайрадан жаралуу философиясы буддистердин философиясына окшош. Хришнаиттик да, буддисттик да философияларда аялдар кийинки жашоосунда эркек болуп жаралуу менен чыныгы күчкө жана даанышмандыкка жете алат деп айтылат.

Буддизмди кабыл алган респонденттин айтымында, гендердик теңчилик тууралуу түшүнүк Буддизмде дээрлик эле жок. Буддизмде эркектер менен аялдар байыркы кытай философиясына таандык Инь жана Янь (кара жана ак) экилтик катары кабылданат.

Ушуга ылайык, аял менен эркек бири-бирине көз каранды, өз ара таасир этүүчү жана өз ара байланышкан күчтөр катары каралат. Белгилей кетчү нерсе, Буддизмде аялдар кумардануунун жана азаптын булагы болуп кабылданат, бирок буга карабастан айрым учурларда аларга монах болууга уруксат берилет.

Бахаи агымынын гендердик идеологиясы жогоруда айтылган эркектер басымдуулук кылган гендердик системалардан кескин айырмаланып турат. Бахаи ишенимин кабыл алган респонденттер билдиргендей, физиологиялык айырмачылыктарга карабастан аялдар менен эркектер ортосундагы рухий жана социалдык теңдик Бахаизмдин негизги принциптеринин бири болуп саналат. Бахаи ишениминде, эркектер жана аялдар бир куштун эки канаты сыңары бири-биринен ажырагыс болуп каралат. Куштун бир канаты кыска же алсыз болсо, куш алыска уча албайт.

Бахаи жолдоочуларынын баамында, дүйнөдөгү гендердик теңсиздик аялдардын билим деңгээлинин жана коомдук-экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн жетишсиздигинен келип чыгууда. Жашоонун бардык чөйрөлөрүндө гендердик балансты сактоодо жана жалпы бакубатчылыкка жетүүдө, аялдардын билим алуусу, илимге жана искусствого активдүү аралашуусу жана ошондой эле эркектер менен катар саясий процесстерге катышуусу зарыл. Бахаи ишениминин жолдоочуларынын бири Бахаизмдеги гендердик теңчилик жана аялдардын укуктарын коргоо боюнча принциптери аны абдан кубандырарын билдирген:

> *“Этностук, расалык жана диний аралык биримдик жана теңдик принциби – Бахаизмдин эң негизги принциптеринин бири. Бахаи окууларына ылайык, бул нерсеге эркектер жана аялдар ортосундагы теңдикти камсыздоо аркылуу гана жетсе болот. Бирок бул принцип эркектер менен аялдар бирдей иш-милдеттерди аткаруу керек дегенди билдирбейт. Албетте, үй-бүлөнү багуу жана коргоо боюнча милдеттер негизинен эркектерге жүктөлгөн, бирок аялдар да бул милдеттерди бөлүштүрүп аткарса болот. Ошол эле учурда, аялдар бала багуу, тарбиялоо жана үй жумуштары менен алек болот, бирок эркектер да аялдардын бул милдеттерин бөлүшүп аларга жардам бериши күтүлөт. Бахаизмде мындай деп айтылат: эгерде сиз бир эле балаңызга билим берүүгө мүмкүнчүлүгүңүз болсо, анда кызыңызга билим бериңиз, анткени кызыңыз кийинки муунуду тарбиялат. [...] Бул айтуу биздин жаныбыздын жынысы жок, биз өлгөндө биз денебизди бул жакка калтырып, ал жактан Кудай менен жаныбыз менен эле жолугабыз дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан, аялдар менен эркектердин ортосунда теңдик болушу керек” (Bishkek_10_Bahai; 100-108)*

Ошол эле багытта, теңирчилер да гендердик теңдикти сактоо принциби теңирчиликте маанилүү орунду ээлерин билдиришкен. Алардын айтымында, Исламга чейин эле бул принцип байыркы көчмөн кыргыз маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуп келген. Теңирчилик философиясына ылайык, адам баласына өмүр берген да, өмүрүн алган да – бул бир гана табият. Андыктан, теңирчилер аял менен эркектин укуктары бирдей, милдеттери башка деп эсептешкен. Эркектер физиологиялык жактан күчтүүрөөк болгондуктан, аларга аң уулоого чыгып, азык таап, үй-бүлө багуу милдеттери жүктөлгөн. Ал эми аялдар табияттан мээримдүү жана баамчыл келгендиктен аларга бала тарбиялоо жана коргоо милдеттери жүктөлгөн. Табият айлана-чөйрөдө теңдемдин сакталышын камсыздагандыктан эркектин аялдан жана ошондой эле аялдын эркектен жогору болуусуна жол бербейт деген түшүнүк теңирчилердин арасында кеңири жайылган.

4.2

# ПРОЗЕЛИТИЗМДИН АЯЛДАРДЫН АДАМДЫК КАПИТАЛЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

Маекке катышкан прозелит аялдардын көпчүлүгү алардын башка динге өткөнү жалпыга маалым болгондон кийин коомчулук тарабынан тике жана кыйыр басмырлоого дуушар болушканын белгилешкен. Кыйыр басмырлоо прозелит аялдардын мурдагы жакын тааныштары жана достору менен болгон байланыштары начарлап, акырындап жокко чыкканы менен мүнөздөлгөн болсо, тике басмырлоо аларга карата коомчулук тарабынан салттуу баалуулуктарын тануу же чыккынчылык кылды деген ачык айыптоолор менен мүнөздөлгөн. Айрым прозелит аялдардын достору алардын башка динге өтүшүн "убактылуу башаламандык", "өзүн-өзү алдоочулук" же "бөтөн нерсеге азгырылгандык" деп айтышып, атүгүл өлгөндө аларга жергиликтүү көрүстөндөн орун берилбейт деп коркутушуп, аларды жаңы кабыл алган диндеринен чыгарууга аракеттенишкен.

Бирок алар чиркөө жамааттары тарабынан мындай кысымдарга тек гана сабырдуулук, боорукердик жана кечиримдүүлүк менен жооп берип, акырындык менен кысым кылгандардын жүрөктөрүн багындырууга түшүндүрмө алышканын айтышкан. Чындыгында убакыттын өтүшү менен, айрым прозелит аялдардын айтымында, алардын мурдагы кээ бир тааныштары жана достору алардын башка динге өтүүсү коопту эмес экенин түшүнүшүп, акырындык менен алардын мамилелери мурдагы калыбына келгенин айтышкан.

Прозелит аялдар жокко чыккан мурдагы байланыштарын ордуна жаңы чиркөө жамааттары менен жакын болуп, кандайдыр бир бирдиктүү топко таандыктык сезимге ээ болуусу аларга тышкы жагымсыз көрүнүштөргө туруштук берүүгө жардам бергенин билдиришкен. Көпчүлүк прозелит аялдар алардын жаңыдан түптөлгөн коомдук капиталы көлөмү жана сапаты жагынан алардын мурдагы байланыштарына караганда артыкчылык кылганын айтышкан. Мындай "артыкчылыкты" үч негизги түргө бөлүүгө болот: психо-эмоционалдык, маалыматтык жана каржылык-материалдык. Биринчиден, чиркөө жамааттардын тажрыйбалуу мүчөлөрү жаңыдан келген мүчөлөргө акыл-насаат иретинде кеп-кеңештери айтышып, тажрыйбалары менен бөлүшүп, аларга башка динге өткөндөн кийин пайда болуучу депрессиядан арылууга жана чиркөө жамаатына тез жана эркин аралашууга жардам беришет. Экинчиден, көпчүлүк чиркөө жамааттар муктаж болгон жамаат мүчөлөрүнө чиркөөнүн өз каражаттарынан жана чет элдик кайрымдуулук каражаттардан материалдык жана акчалай жардам беришет. Мындан тышкары айрым чиркөөлөр өз жамаат мүчөлөрүнө ишке орношуу, үй-бүлө куруу жана билим алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат менен камсыз кылышат.

Белгилей кетчү нерсе, мамлекет тарабынан коомдук жайларда же жеке үйлөрдү кыдырып жарандарды башка динге үгүттөөгө, анын ичинде үгүт белгилери бар маалыматтык материалдарды таратууга тыюу салынган. Демек салттуу эмес диний уюмдар жана жамааттар өздөрүнүн маалыматтык жана башка окуу материалдарын өз чиркөө мүчөлөрүнүн жеке байланыштары аркылуу гана тарата алышат. Андыктан көпчүлүк майда чиркөөлөр үчүн чиркөө ичиндеги мамилердин сапатын сактоо менен катар жамаат мүчө- лөрүнүн биргелешкен иш-аракеттерин күчөтүү абдан маанилүү болуп саналат.

Айыл жеринде же этникалык жактан бир түрдүү аймактарда жашаган протестанттыкты кабыл алган прозелиттер шаар жеринде турган протестант прозелиттерге караганда көбүрөөк басмырлоого дуушар болушат. Айыл жергелеринде прозелит жамаатынын өлчөмү салыштырмалуу аз болгондуктан улам айылдык прозелиттер жеткиликтүү колдоого алынган эмес, аларга карата социалдык-багыттоочу иш-чаралар жүргүзүлгөн эмес. Андыктан алардын мурдагы коомдук мамилелерден обочолонушу алар үчүн өзгөчө кыйын болгон. Алар менен бирге алардын жакын үй-бүлө мүчөлөрү да ар кандай коомдук стигмага жана басмырлоого кабылгандыгы маалым болгон. Башка адамдар прозелиттерди коомдук-маданий майрамдарга чакырууну токтотушкан, коомдук жыйындарда аларга сөз берүүгө каршы болушкан, атүгүл алардын үй-бүлө мүчөлөрү менен нике куруудан баш тартышкан. Мындай жагдай прозелиттер үчүн психологиялык жактан өтө кыйын

болгон. Төмөндөгү цитаталар айылдык прозелит аялдардын протестанттыкты кабыл алгандан кийинки коомдук тажрыйбаларын баяндайт:

> *“Мага дайыма айтчу “Токтот! Сен өлгөндө, алар сени көмбөйт!” Мен болсо жада калса итти да өлгөндөн кийин сасып кетпесин деп көмүшөт деп жооп берчүмүн. Мен өлгөндө жаным денемден бөлүнүп кетет, андан кийин менин денем эмне болгону мага анча маанилүү эмес. Мен жөнүндө кабатыр болбо. Мен өлсөм сөөгүм эптеп бир жерге коюлат. Мени ойлогончо, сен өз жашооң жөнүндө ойлон. [...] Ал тургай менин бир туугандарым да мени жек көрө баштады! Менин балдарым да мени акылынан айнып калган деп ойлошот! [...] Мага алар канчалык каршы болсо, өздөрү ошончолук көп кыйынчылыкка дуушар болушту. Мага абдан катуу каршы болгон кызым төрөт учурунда көп кыйналды”. (OS_25_Jesus_Christ)*

> *“Биздин Библияда жакындарыбыз бизге душман болуп калат деп айтылат. Биз зулумдукка дуушар болдук деп айта албайм. Албетте, жок! Бирок мен жакын туугандарым мени такыр түшүнүшпөдү: “Ал баптист болуп калды! Ал өз ишенимин сатып кетти!" дешти. Бирок биз баары бир өз жакындарыбыз үчүн сыйынабыз. Алар биз менен мамиле кургусу келбейт, бирок биз аларга бара беребиз, аларга Кудайдын сөзүн жеткирүүгө умтулабыз. [...] Күйөөмдүн достору жана туугандары да бизди жак- тырбай: "Капыр! Баптист! Еретик!” деп айтышкан”. (Talas_13_Baptism)*

Прозелиттер менен жергиликтүү жамааттар ортосундагы мамилелер прозелиттерди каза болгондо жерге берүү маселесинен улам начарлап, кризистик абалга жеткен. Ислам жана православ Христиан диндерин карманган жергиликтүү тургундардын арасында башка динди карманган маркумдун сөөгүн мусулмандарга же православ Христиандарга таандык көрүстөнгө коюлушу Кудайдын каарын пайда кылат, андыктан ар бир дин өкүлү каза болгондо өздөрүнө тиешелүү көрүстөнгө коюлушу тийиш деген пикирлер кеңири жайылган. Мындан тышкары башка динди карманган маркумдарды жергиликтүү көрүстөнгө коюлусуна каршы чыгууда жергиликтүү тургундар Кыргызстандын алгачкы муфтийи чыгарган фатвага [36] шилтеме кылышат. Ушудан улам айрым үй-бүлөлөр, өзгөчө кыргыз улутундагылар, өздөрүнүн көз жумган жакын туугандарын ата-бабалары коюлган көрүстөнгө коюу максатында алардын чыныгы диний ишенимдерин жергиликтүү тургундардан жашырууга мажбур болушууда. Айрым учурларда, прозелиттердин мусулман туугандары аларды Ислам эрежелери (сүннөт) боюнча жерге коюулушун каалашат. Аларга, өз ишенимдеринен улам, жакындарын Христиандарга таандык көрүстөндөргө коюлушу уят кылуучу жана жол берилбөөчү нерсе болуп эсептелинет.

Көп улуттуу жана көп конфессиялуу келген Бишкек шаарында жана Чүй облусунда прозелиттерге байланыштуу көрүстөн маселеси көп көтөрүлбөйт. Ал эми айыл жерлерде, жогоруда белгиленген себептерден улам, бул маселе көптөгөн чыр-чатактардын булагына айланган. Чыр-чатактарды чечүү үчүн айрым расмий түрдө катталган чиркөөлөр жергиликтүү бийликтерге өздөрүнүн (жергиликтүү жолдоочулары үчүн) көрүстөн үчүн жер тилкелерин бөлүп берүү тууралуу сунуш киргизишүүдө, башкалары болсо көрүстөн үчүн жер тилкелерин сатып алуу үчүн каржы ресурстарын бөлүштүрүүдө.

Диний эксперттердин айтымында, башка динге өткөн жарандардын басымдуу көпчүлүгү орто куракта болгондуктан көрүстөн маселеси али өз апогеясына жете элек. Бирок жакынкы келечекте бул маселе коомдук ынтымакка олуттуу залакасын тийгизүүчү конфессиялар аралык ири жаңжалдарга алып келиши мүмкүн.

Аялдардын башка диндерге өтүүсү алардын маданий жана экономикалык капиталына көп таасир тийгизбегени аныкталган. Тактап айтканда, мисалы, светтик негизде билим алууда аларга эч кандай диний чектөөлөр коюлбаганы белгиленген. Кесиптик билим алууда алардын көбү өз кызыкчылыктары жана ата-энелеринин финансылык мүмкүнчүлүктөрү менен каалоолорун эске алган. Айрымдары акчадан кыйналгандыктан, дагы башка жүйөлүү жеке себептерден улам орто мектепти аяктагандан кийин окууларын уланта албай калышкан.

Шаарда жана шаарга жакын жайгашкан аймактарда жашаган прозелит аялдар ар жума сайын чиркөө кызматкерлери уюштурган дин таанытуучу сабактарга үзгүлтүксүз катышып турушат. Мындан тышкары алар атайын чакырылган чет өлкөлүк дарсчылардын семинарларына жана ошондой эле Алматы шаарында жайгашкан диний мектепте (орус. Библейская школа) өткөрүлчү ар кандай

36 Биринчи муфтий Кимсанбай ажы фатва чыгарып, башка диндегилер мусулмандар менен бирге көмүлбөсүн деп билдирген.

диний курстарга катышып келишет. Ал эми айыл жеринде жашаган прозелит аялдар жергиликтүү пасторлор, тийиштүү адабияттар жана интернет аркылуу өз диний билимин жана дүйнө таанымын толуктоого жана кеңейтүүгө аракеттенишет.

Мындан тышкары аялдардын башка динге өтүүсү алардын ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүнө, үй-бүлөлүк ресурстарга ээ болуусуна жана башкаруу жөндөмдүүлүктөрүнө көп деле таасир тийгизбегени маалым болгон. Ошондой болсо дагы, белгилей кетчү нерсе, айрым прозелит аялдар диний көз караштарына туура келбеген алкоголдук ичимдиктер сатылуучу, кумар оюндары өткөрүлүүчү, бойдон алдыруучу жерлерде иштөөдөн баш тартышат. Мусулман аялдар сыяктуу эле протестанттыкты кабыл алган прозелит аялдар күйөөлөрүнүн кызматтан жогорулашына артыкчылык беришет, зарыл болсо өз мансаптарынан да баш тартууга даяр. Прозелит аялдардын эмгек акысы түз үй-бүлөлүк бюджетке бөлүнүп, ар кандай үй-бүлөлүк чыгымдарга сарпталат.

Прозелит аялдардын динди кабыл алгандан кийин керектөө адаттары кыйла өзгөргөн. Мурда ар кандай кымбат баалуу буюмдарга, алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге сарпталган акчасын азыр алар кайрымдуулук иштерге жана өз жамаатындагы муктаж болгон адамдарга материалдык колдоо көрсөтүүгө жумшайт. Прозелит аялдардын тапкан кирешесинин 10 пайызын чиркөө жамаатынын муктаждыгына жумшаганы алардын Кудайды жана анын кабарын чын жүрөктөн кабыл алганын билдирет. Белгилей кетчү нерсе, көпчүлүк прозелит аялдар алардын чиркөө жамаатына жумшалган бардык каражаттары күтүлбөгөн мол баталар менен кайра аларга кайрылып келет деп ишенишет.

> *"Мен динге келгенде бала чагыман бери эч нерсем жок эле. Ага чейин мен Бишкектеги үйүмдү тарттырып жибергем. Туугандарым алып коюшкан. Кийин мал-мүлкүмөн да ажырадым. Балама акча керек болчу. Мен бардык нерседен ажырагам. Биз эч нерсебиз жок калганбыз. [...] Бир жолу мен Бишкектеги Түштүк Чиркөөнүн жыйынына баргам. Сиз ал чиркөөнү билесизби? Ал 10-микрорайондо жайгашкан. Жок, 11-микрорайондо экен. Биз кызмат өтүп жатканбыз, үрөн себишибиз керек эле. Жанымда 1000 сомдой эле бар болчу. Башка акчам жок эле. Жолдошум бир нерсе сатып ал деп берген акча эле. Акчамды берип койсом, анда мен эч нерсе сатып ала алмак эмесмин. Бирок мага Кудай бер дегенде бердим. Эки-үч айдан кийин биздин үйгө бейтааныш адам келип, бизге ай сайын 16 000 сомдон бере баштады! CH_09_Christianity)*

Протестанттык эмгек этика кирешелүү жана ийгиликтүү болуш үчүн көп күч-аракет жумшоо керек деген принципке негизделет. Бул принципти айрым прозелит аялдардын эмгекке карата болгон мамилесинен айкын көрүүгө болот. Бул принципке ылайык, дени сак адамдын жакырчылыкта жашоосу жеке өзүнүн күнөөсү болуп саналат, андыктан ага карата эч кандай аёо сезими болбошу керек. Ар бир ишенген адам кесипке ээ болуп, жумушка орношуп, өз үй-бүлөсүн бакубат жашоо менен камсыз кылуусу абзел. Өзүнүн "Протестанттык этика жана капитализмдин маңызы" аттуу белгилүү философиялык эсселердин жыйнагында (1904-05), немис социологу жана философу Макс Вебер протестанттык эмгек этикасы батыш өлкөлөрүнүн экономикалык жактан өнүгүүсүнө жана капитализмдин орношуна алып келген деп айткан.

> *"Кудай биздин ийгиликтүү болушубузду каалайт. Ал бизди жакшы иштерди кылуу менен чыныгы жашоого татыктуу болуш үчүн жараткан. Бул [философия] биз үчүн абдан маанилүү. Эгерде биз материалдык жактан кантип ийгиликке жетээрибизди билсек, биз сөзсүз өзүбүздүн эже-сиңдилербиз менен бөлүшөбүз, аларга жардам беребиз. Аялдар материалдык жактан көз карандысыз, ийгиликтүү болушу үчүн аларды ар кандай иштерди алып кетүүгө окутуш керек. Бул Кудайдын сөзү! Бул өтө маанилүү, абдан жакшы насаат. [...] Сен ийгиликтүү жана бай болгонуңду башкалар көрөт. Бул Кудай силерге ырайымын төгүп жатканынын далили. Сен болсо барып башкаларга Кудай сага ырайымын төгүп, акылмандык менен иш кылууга жол ачты деп айтасың. Башкалар көрүп: "Эмне үчүн мен да мындай ийгиликке жетише албайм?" деп сурайт. [...] Биздин чиркөө мүчөлөрү абдан эмгекчил жана мээнеткеч келишет. Акылы, аракети жана Кудайдын ырайымы жок алардын чөнтөгүнө бир тыйын да акча түшпөйт". (TA_13_Baptist_general: 137-156)*

## 4.3

# ПРОЗЕЛИТТЕРДИН СЕКУЛЯРИЗМДИ ЖАНА ИСЛАМДЫ КАБЫЛ АЛУУСУ

**Прозелиттик диний топтордун өкүлдөрүнүн Кыргызстандагы секулярдык мамлекеттик түзүлүш жана алардын диний ишенимдеринин секулярдык жарандык мыйзамдарга шайкештиги тууралуу эки ача пикирди жараткан.**

Биринчи пикир боюнча, мусулман респонденттер сыяктуу эле протестанттык Христиан динин тутунган респонденттер Кудайдын мыйзамын (буйруктарын) жарандык мыйзамдардан жогору коюшкан. Ошентсе да эгерде жарандык мыйзамдар алардын дин тутуу эркиндигин чектебесе, анда алар бул мыйзамдарды сыйлоону жана аткарууну туура деп эсептешкен. Эгерде, жарандык мыйзамдар алардын диний укуктарын жана милдеттерин жүзөгө ашырууга (чиркөөгө баруу, сыйынуу же диний майрамдарды белгилөө, ж.б.у.с.) тыюу салына турган болсо, анда алар бул мыйзамдарга баш ийбейт. Бирок прозелиттер Кыргызстандагы дин тутуу эркиндиги салыштырмалуу жогорку деңгээлде камсыздалган деп баалашып, бийлик жетекчилер мындан ары да адилеттүүлүк, толеранттуулук жана акылмандык менен иш жүргүзөт деп үмүт кылышат. Дагы белгилей кетчү нерсе, протестанттык чиркөөлөр өлкөнүн экономикалык жактан гүлдөп-өсүшү, тынчтыктын жана биримдиктин бекемделиши үчүн күн сайын жүргүзүлчү атайын сыйынуу кампаниясын баштаган. Православ Христиан динин тутунгандар да жарандык мыйзамдарга жана колдонуудагы ченемдерге баш ийүүнүн зарылдыгын ырасташкан. Христиан багытындагы диндерди тутунган респонденттер бийликке баш ийүү зарылдыгы Ыйык Китепте да айтылган деп белгилешкен:


*“Ар бир адам жогорку бийликке баш ийсин; анткени Кудайдан болбогон бийлик жок, бар болгон бийликтин баарын Кудай койгон” (Римдиктер 13:1)*

*“Бүт боордоштукту сүйгүлө. Кудайдан корккула. Императорду урматтагыла” (Петр 2:17)*

*“Аларга бийликке баш ийүүнү, тил алчаак болуунy, бардык жакшы иштерге даяр болууну эскерткиле [...]” (Титке 3:1)*

Экинчиден, жогоруда белгиленген прозелит респонденттерден айырмаланып, Бахаи жана Кришнаизм ишенимдерин тутунган респонденттер мамлекеттик саясатка жана коомдук башкарууга аралашпоо принцибин катуу карманышкан. Кришнаиттер өздөрүн коомдук турмушка катышуусун мүмкүн болушунча азайтууну же болбосо, алардын ишенимдерине шайкеш келген гана саясий системага катышууну каалашса, бахаилер коомдук-саясий темаларды талкуулоодон жана өкмөттү сынга алуудан алыс болууну каалашат. Бахаи ишенимин тутунган респонденттердин айтымында, коомдук-саясий иштерге кандайдыр бир деңгээлде катышуу алардын адеп-ахлактык жана руханий жактан өсүшүнө тоскоолдук жаратат. Төмөнкү тармактык диаграммада биз ар кандай диний багыттагы прозелит респонденттердин секуляризм тууралуу көз караштарын көрсөтүүгө аракеттендик.

Code Group Network 2



Изилдөөнүн жыйынтыктары салттуу мусулман чөйрөдө жашабаган же мурда Исламды бекем карманган мусулмандар менен тыгыз байланышта болбогон прозелиттер Ислам жана мусулмандар тууралуу терс көз караштарда болгонун көрсөткөн. Алардын жеке кабыл алуусунда, Ислам аялдардын укуктарын эзген, аларды басмырлап, эркектерге караганда төмөн абалга койгон шовинисттик дин. Алардын арасында Исламда аялдар жабынып жүрүүгө мажбурланышат, күйөөсүнүн жана кайненесинин талабы боюнча көп бала төрөшөт жана ошондой эле күйөөсүнүн катаал мамилесине, зомбулугуна жана көп аял алуусуна кыңк этпей чыдоого аргасыз болушат деген жалпыланган түшүнбөстүк орун алат. Мындай түшүнбөстүк негизинен мусулмандар менен болгон жеке тажрыйбаларга эмес, бирок ар кандай тастыкталбаган имиш сөздөргө жана стереотиптерге негизделгени маалым болгон.

Бирок динди карманган мусулмандар менен тыгыз байланышта болгон прозелиттер Ислам менен алардын диндеринин ортосунда окшош принциптер көп экенин белгилешкен. Бул аялдардын коомдогу жана үй-бүлөдөгү ордуна зор маани берүү, ата-энеге, улууларга, бийликтегилерге урмат-сый көрсөтүү, ошондой эле башка диндердин өкүлдөрүнө сабырдуу жана толеранттуу мамиле жасоо. Төмөндө Бишкекте, Таласта жана Ошто жашаган протестант, буддизм, теңирчилик, православ Христиан диндерин кабыл алган прозелиттер менен болгон маектерден үзүндүлөр берилет. Бул үзүндүлөрдө алардын Ислам жана мусулмандар тууралуу пикирлерин баяндайт:

> *“Чындыгында, исламда аялдар бирдей статуска ээ [Христиан дин]. Аялдар менен эркектер бири-бири менен өнөктөш мамиледе болуп, бири-бирине жардам беришет. Мен Куранды орус тилинде окуп чыктым. Куран аялдарга карата оң көз караште да болуп, жылуу мамиле жасоого чакырат; аялдар менен эркектер бирдей даражага коюлган. […] Биздин өзбек кошуналарыбыз бар, абдан жакшы мусулман үй-бүлө. […] Биз абдан жакын болгондуктан, атүгүл корообуздун арасын кичинекей эшик бөлүп турат. Ал эшик дайыма ачык! Мен алардын жашоосун көрүп турам. Алар күнүнө беш маал намаз окушат. […] Бир жолу мен алардын үйүнө барып калгам, ошондо мен өзбек күйөөсү жана үйдүн коргоочусу эч уялбай эле аялына камыр жууруганга жардам берип жатканын көрдүм. Андан кийин ал аялы башка иш менен алек болуп жатканда, акырын казанды мешке коюп тамак жасай баштаган”. (OS_44_Orthodox_general)*

> *“Мен мусулман үй-бүлөлөрдө аял экинчи сорттогу адамдай сыяктуу дасторконго башкалар менен чогуу отура албайт, чай куюп гана отурат деп уккам. Кандайдыр бир күнөөкөр адамдай, анын сүйлөөгө укугу жок. Бизде мындай жок”. (TA_13_Baptist_general)*

> *“Башка диндерден айырмаланган Ислам… Мен бул жерде бир жаман сөз айткым келип турат. Мүмкүнбү? [күлүп]. Ислам бул […] сексизмдин жана шовинизмдин үлүшүн камтыган дин”. (BISH_15_Buddhist_general)*

> *“Исламда аялдарга телеберүүлөрдү көрүүгө жана чогулуштарга катышууга тыюу салынган. Аял үйдө гана отуруп, балдарын багып, тарбиялашы керек. Атүгүл аялга билим алууга уруксат берилбейт”. (BISH_39_Tengrian_general)*

Бул пикирлерди мунун алдындагы бөлүмдөрдө Исламдагы гендердик ченемдер жана бул ченемдердин аялдардын “адамдык” капиталына тийгизген таасири тууралуу маалыматтар менен салыштырып чыксак, биз Кыргызстандагы башка диндердин өкүлдөрүнүн Исламды кабыл алуусу негативдүү тенденцияда калыптанууда деп айтсак болот.

Бул жерде негизги дискурс бир тараптан мусулман аялдарды алсыз, жабыркаган катмар катары көрсөткөн. Экинчи тараптан Исламдын образын дегуманизациялаган терс көрүнүштөргө негизделген. Өздөрүнүн көз карашын, позициясын коргоодо, сынчылар адатта медиада жайылган диний-экстремисттик жана террорчулук иш-аракеттер тууралуу маалыматтарга жана ар кандай тастыкталбаган имиш сөздөргө таянышат.

Башкаларга карата “Өзүн кыргызмын же өзбекмин деп таануу - өзүн мусулман деп таанууга барабар” деген бир жактуу түшүнүк көптөгөн прозелиттердин арасында кеңири жайылган. Ошол эле учурда прозелиттер өздөрүнүн башка динге кайрылуусун аныктоодо бул түшүнүктү кабыл алышпайт. Ошону менен бирге, көптөгөн прозелиттер прозелит эмес үй-бүлөлөрдөгү аялдарга карата зордук-зомбулукту, кыйноолорду, кыз уурдоону жана башка ушул сыяктуу терс көрүнүштөрдү исламга ылайык келбесе да ага таандык деп көрсөтүүгө аракет кылышат. Көпчүлүк прозелиттердин Исламды мындай терс кабыл алуусу коомдук куугунтуктардын (остракизм) жана мусулман кошуналары тарабынан болгон диний басмырлоолордун натыйжасында келип чыгышы мүмкүн деп айтсак болот.

Бул бөлүмдө биз аялдардын кандай шарттарда жана жагдайларда башка динге өткөнүн, андан кийин өз жамааттарында кандай кабыл алынганын, ошондой эле алар кантип өз диний көз караштарын системалаштырганын иликтеп чыктык. Биз аялдардын башка динге өтүүсүнүн алардын коомдук, маданий жана экономикалык капиталына тийгизген таасирин жана алардын гендердик ролдорду жана маселелерди кабыл алуусун анализдеп чыктык. Мындан тышкары биз алардын мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, светтик принциптерге карата мамилелерин, ошондой эле бул принциптердин алардын диний ишенимдери менен шайкештиги же карама-каршылыгы жөнүндөгү түшүнүктөрүн талдап чыктык. Бул бөлүмдө салттуу эмес майда диний агымдардын өкүлдөрүнүн Ислам жана Исламдагы аялдардын орду тууралуу пикирлери да аныкталган.

# КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАР

5

# КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАР

Кыргызстандагы 1990-ж.ж. саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өзгөрүүлөр өлкөдө диний чөйрөнүн кескин өзгөрүшүнө алып келген. Кыска мезгилдин ичинде өлкөдө көп конфессиялуу мейкиндик калыптанып, диний уюмдардын саны кыйла көбөйгөн. 2000-жылдардан тартып өлкөдө мурда белгисиз болуп келген мусулман, Христиан жана протестанттык багыттардагы жаңы агымдар жана чет өлкөлүк конфессиялардын миссиялары пайда болгон. Алардын ар тараптуу жана активдүү ишмердүүлүгүнүн натыйжасында алардын катарына кошулган кыргыз жарандардын, анын ичинде аялдардын саны кыйла көбөйгөн.

Микро-месо-макро алкактык талдоо (анализ) ыкмасын колдонуу менен, бул изилдөөнүн алкагында биз аялдар арасындагы динчилдиктин күч алышы алардын жеке жана коомдук жашоо-турмушу менен катар өлкөдөгү коомдук биримдиктин жана тынчтыктын сакталышына тийгизген таасирин талдап чыктык. Натыйжада төмөнкүдөй корутундуларга келдик:

Аялдардын динчилдиги жеке жана коомдук доменде гендердик габитустун калыптанышына түрткү берет, бул болсо өз кезегинде консервативдик гендердик стереотиптердин жана патриархалдык гендердик мамилелердин андан ары сакталышына жана натыйжалуу өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Дин аялдардын жеке жашоосунда кандайдыр бир кеңеш берүүчү же сооротуучу күч катары оң таасир бериши мүмкүн. Ошол эле учурда коомчулукта ар түрдүү диний көз караштардын калыптанышы жана алардын тымызын күч алышы өлкөдөгү коомдук биримдикти жана туруктуу тынчтыкты сактоодо, аялдардын укуктарын коргоодо жана гендердик теңчиликти орнотууда айрым бир тоскоолдуктарды жаратууда.

Изилдөөнүн жыйынтыктарына жана жүргүзүлгөн байкоолордун натыйжаларына таянып, биз аялдардын динге копинг механизм катары кайрылуусун түшүндүрүүдө - “аялдардын аманатташтыруу” аттуу жаңы концепцияны сунуш кылабыз. Бул концепцияга ылайык, аялдар толугу менен күйөө- лөрүнүн каржылык, физикалык жана моралдык камкордугуна өтүүгө өз каалоолору менен дилгир. Аманат аялдарга үй-бүлөдө өз укуктарын жана таламдарын коргоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу менен катар аларга үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан, ошондой эле үй-бүлөлүк милдеттеринин (каржылык жактан камсыздоо, балдарды багуу жана тарбиялоо, ж.б.у.с.) түйшүгүнөн арылууга жардам берет.

Аялдарга динди бекем карманган эркекке турмушка чыгуу жана үй-бүлөлүк жашоодо диний принциптерге жетектелүү үй-бүлөлүк сый-урматка, кадыр-баркка, камкордукка жана колдоого ээ болууга өбөлгө болот. Бирок аманаттын шарттарын кабыл алуу менен, аялдар өз ыктыяры менен өздөрүнүн физикалык мобилдүүлүгүн (алыс жакка махрам жок барбай), ошондой эле билим алуу, кесип тандоо, жумушка орношуу жана мансаптык өсүү (күйөөлөрүнүн мансаптык өсүшүнө артыкчылык берип) мүмкүнчүлүктөрүн чектейт.

Динчил аялдар өз турмушунда гендердик габитусту тек гана калыптандырбастан аны андан ары өздөштүрүшүп кайталап чагылдырышат. Муну менен аялдар билинбестен өздөрүнүн ресурстарга жетүү жана чечим кабыл алуу укуктук мүмкүнчүлүктөрүнүн төмөндөшүнө өбөлгө түзүшөт. Натыйжада алар эркектер үстөмдүк кылган коомдук түзүлүштүн сакталышына жана бекемделишине салым кошушат.

Эгерде биз аялдардын аманат түшүнүгүн кабыл алууга түрткү берүүчү чыныгы себептерин карасак, биз аялдарга карата үй-бүлөдөгү ар кандай зордук-зомбулуктан жана гендердик кодулоодон коргонуу чараларынын системасынын жоктугун көрөбүз. Андыктан аманат түшүнүгү аялдарга эки жактуу таасирин тийгизет деп айтсак болот: 1) аялдардын жеке турмуштагы кызыкчылыктарын дароо канааттандыруучу жана 2) аялдардын жалпы укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн чектөөчү.

Төмөндө изилдөөнүн жалпы жыйынтыктары жана изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча аныкталган маселелерди чечүү үчүн бир катар сунуштар келтирилет:

### Диний копинг:

- Мусулман, Христиан жана Христиан-эмес диндерди карманган аялдардын көпчүлүгүнүн динге кайрылуусу окшош траекторияда болгон. Тактап айтканда, көпчүлүк аялдардын динге кайрылуусу оор турмуштук кырдаалдар, мисалы,

үй-бүлө мүчөлөрүнүн каза болушу, өздөрүнүн же жакын туугандарынын олуттуу ооруга чалдыгышы, ажырашуу, материалдык көйгөйлөр, ж.б. татаал турмуштук тажрыйбалар менен мүнөздөлөт. Моралдык жана социалдык колдоого болгон муктаждыгынан улам алар динге кайрылышкан.

- Бардык динде аялдар Кудайдын сөзүн таратуудагы "маанилүү агент" болуп эсептелет, анткени аялдар эркектерге караганда өз динине бүт үй-бүлөсүн (күйөөсүн, балдарын, ата-энесин, бир туугандарын) тартууга жөндөмдүү келишет. Үй-бүлөлүк жашоодо диний нормаларга жетектелүү аялдарга өз үй-бүлө ролдорун жана милдеттерин натыйжалуу бөлүштүрүүгө жана күйөөлөрүнөн аларга урмат-сый менен мамиле кылуусун талап кылууга мүмкүндүк берет. Дин аялдарга "үй-бүлөлүк тынчтыкты жана ынтымакты сактоого", "үй-бүлөлүк бакубат жашоо жана моралдык канааттануу алууга" жана "күйөөсү, кайын журту менен өз ара урмат-сый мамиледе болууга" жардам берет.

- Бирок парадокс жагдай бар, үй-бүлөлүк жашоодо диний нормаларга таянуу менен аялдар патриархалдык үй-бүлөлүк мамилелердин бекемделишине түрткү берет. Эгер мусулман аялдар тууралуу айтсак, айрым мусулман аялдар өз ыктыяры менен өздөрүнүн айрым эркиндиктеринен (өз алдынча жолго чыгуу, экономикалык катышуу, ж.б.) баш тартышат. Динчил аялдардын ишениминде, гендердик теңчилик – бул аялдардын жана эркектердин жарандык мыйзамдар алдындагы теңдиги эмес, бирок тек гана Кудайдын алдындагы теңдиги. Кудайдын алдында эркектер да, аялдар да бирдей укуктарга ээ, бирок бул дүйнөдөгү жашоодо аларга ар башка жоопкерчилик-милдеттер жүктөлгөн. Эркектерге үй- бүлөнү багуу жана коргоо милдети жүктөлгөн болсо, аялдар бала багуу, тарбиялоо жана үй жумуштарын жасоо милдеттери жүктөлгөн.

- Прозелиттердин арасында аялдардын үлүшү эркектерге караганда бир кыйла көп. Бул аялдардын тышкы таасирлерге жана стресстик факторлорго көбүрөөк дуушар болуусу, турмуштук көйгөйлөрдү чечүүнүн альтернативдүү мүмкүнчүлүктөрдүн жана ресурстардын чектелүү болуусу менен түшүндүрүлөт. Мурда эч бир динди тутунбагандыктан, прозелиттердин көпчүлүгү өздөрүн башка динди кабыл алган адамдар катары эсептешпейт. Алар "Кыргыз/өзбек болуу – мусулман болууга барабар" деген диний идентүүлүктү четке кагуу менен өздөрүнүн "кыргыздыктын" Исламга байланышпаган тарыхый тамырлары менен байланышын чыңдайт.

### Аялдардын адамдык капиталы:

- Дин аялдардын коомдук капиталына олуттуу таасир тийгизет. Аялдардын динчилдигинин жогорулашы менен алардын коомдук байланыштары да кескин өзгөрүүлөргө дуушар болот. Диний ишенимдерге жетектелүү менен, алар спирт ичимдиктери ичилген, ушак кептер айтылган жана бейтааныш эркектер болуучу коомдук жерлерге кошулуусун чектешкен. Натыйжада, динчил аялдардын динге кайрылуусуна чейин болгон жеке жана коомдук байланыштары начарлап кеткен. Көбүнчө Христиан багытындагы диндерге өткөн аялдар жакындары тарабынан "улуттук баалуулуктарды четке какты" же "динден кайтты" деген айыптоолорго туш болуп, натыйжада алар- дын жакын (үй-бүлөлүк) байланыштары начарлап же такыр эле жокко чыккан. Айыл жеринде жашаган прозелиттер жана алардын жакын үй-бүлө мүчөлөрү коомчулук тарабынан ар кандай басмырлоого жана стигмага көп дуушар болушуп, натыйжада алар коомдук турмуштан четтеп калышат.

- Бирок прозелиттер өз чиркөө жамааттары аркылуу өздөрүнүн начарлап кеткен же дээрлик бузулган мурдагы байланыштарынын ордун натыйжалуу толукташат. Айрым прозелиттер алардын жаңы байланыштары көлөмү жана сапаты жагынан алардын мурдагы байланыштарына караганда артыкчылык кылганын белгилешкен. Прозелиттердин чиркөө жамааттары аркылуу түптөлгөн жаңы коомдук капиталы психо-эмоционалдык, маалыматтык жана каржылык-материалдык түрлөргө бөлүнөт. Тышкы кысымдарга туруштук берүүдө айрым чиркөөлөр үчүн ички чиркөө жамаат мамилелердин сапатын сактоо абдан маанилүү болуп саналат. Мусулмандык жамааттарда ички жамааттык мамилелердин өрчүшү мусулман эже-сиңди топтордун пайда болушуна алып келиши мүмкүн.

- Аялдардын Исламдан башка диндерге өтүүсү алардын маданий жана экономикалык капиталына көп таасир тийгизбегени белгиленген. Ал эми мусулман аялдардын динге кайрылуусу алардын жашоосуна терең издерди калтырган. Исламда билим алуу ар бир мусулмандын парзы. Ушундан улам мусулман аялдарга эркектер менен бирдей диний жана светтик кесиптик билим алуу укугу ыроолонгон. Изилдөөнүн натыйжалары көрсөткөндөй, суралган мусулман аял респонденттердин басымдуу көпчүлүгү светтик орто же жогорку кесиптик билимге ээ болгон, бирок алардын дин жаатында сапаттуу билим алуу

мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгон. Андыктан аялдар расмий диний билими жок башка мусулман аялдар тарабынан уюштурулган бейтариз диний окуу жайларында диний билим алууга мажбур болууда. Бирок мамлекеттик сертификатка ээ эмес диний окуу жайлардын ишмердүүлүгү коомчулуктун арасында шектенүүлөрдү жаратууда. Коомчулуктун пикиринде, бирдиктүү мамлекеттик системага алынбаган бейтариз диний окуу жайлар аялдардын арасында экстремисттик-радикалдык идеяларды үгүттөп, аларга тыюу салынган диний уюмдарга кошулуусуна түрткү бериши ыктымал.

- Мусулман аялдардын эмгек рыногуна кирүүсү жана катышуусу “аялдын үйдөн тышкары иштөө укугу күйөөсү тарабынан бекитилүүгө жатат”, "аялдар күйөөсүнүн кызматтан көтөрүлүү мүмкүнчүлүктөрүнө артыкчылык берилиши керек”, “аялдар аялзатына тиешелүү болгон гана жумуштарда иштөөгө тийиш” деген принциптерге негизделет. Ошол эле учурда ар кандай диний ишенимдер аялдарды каржы ресурстарды үнөмдөп пайдаланууга, майрамдарга жана тойлорго ысырап кылбоого жана кайрымдуулук же диний иш-чараларга жумшоого үндөшөт.

- Дин аялдардын коомдук турмушка катышуусуна көп деле таасир тийгизбегендей. Ар кандай диндерди карманган аялдар мурдагыдай эле коомдук чогулуштарга жана талкууларга, шайлоолорго (шайлоочу катары) катышууларын улантууда. Бир гана бахаи агымын жолдогон аялдар өздөрүнүн ар кандай саясий процесстерге жана талкууларга катышуусун минималдаштырган. Мусулман аялдардын коомдук турмушка катышуусу негизинен коомдук адептүүлүк, кайрымдуулук, балдардын жана аялдардын маселелерине байланыштуу иш-чараларды камтыйт. Мусулман аялдардын коомдук турмушка катышуусу бул иш-чаралардын алкагынан чыгып кетиши алардын адеп-ахлактык жүрүм-турумуна, үй-бүлөсүнүн биримдигине жана рухий коопсуздугуна кедергисин тийгизиши ыктымал.

### Диний радикализмди кабыл алуусу:

- Катардагы мусулман жарандардын арасында “диний радикализм” жана “диний экстремизм” боюнча так аныкталган аныкталган түшүнүктөр жок. Исламды диний радикалдашуунун контекстинде талкулоо айрым суралган мусулман респонденттердин кыжырдануусун туудурган. Исламды коргоодо алар: “Ислам тынчтыкка, адилеттүүлүккө, сабырдуулукка үндөйт, анан кантип ал адам өлтүрүүлөрдү колдосун?”, “Адамдар динди туура эмес түшүнгөндүктөн экстремисттик идеяларга берилип радикалдашууда”, же “Ислам мусулман эместер тарабынан уюштурулган саясий жүрүштөрдүн курмандыгы болуп жатат” деген пикирлерди айтышкан.

- Катардагы мусулман респонденттерге караганда, суралган эксперттер “диний радикализм” жана “диний экстремизм” боюнча пикирлерин ачыгыраак билдиришкен. Эксперттер Ислам экстремизмге эч кандай тиешеси жок, тескерисинче, ал экстремизмди ар дайым айыптаган дин экенин белгилешкен. Алардын пикиринде, ар бир түшүнүктүн же идеологиянын (саясий, маданий же диний) жактоочулары сыяктуу эле, айрым мусулмандар ар кандай диний экстремисттик идеяларга берилип экстремисттик-террордук иш-аракеттерге барышат. Алардын берген аныктамасына ылайык, радикализм – бул кыска мезгилдин ичинде саясий системаны түп-тамырынан бери өзгөртүүгө багытталган көз караштардын жана аракеттердин жыйындысы. Радикализм коомго оң да, терс да таасир тийгизиши мүмкүн. Экстремизм – бул ар кандай террордук ыкмаларды колдонуу менен жалпы калктын коопсуздугуна коркунуч келтирүүчү чектен чыккан иш-аракеттердин жыйындысы катары белгиленген.

- Изилдөө жыйынтыктары аялдардын радикалдашуусунун жана алардын террордук (жихад) топторго кошулуусуна түрткү болгон себептер катары үч негизги факторлорду аныктаган. Алар: 1) радикалдашкан күйөөлөрүнүн же башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн таасирлери; 2) коомдук адилетсиздик жана басмырлоо; 3) экономикалык кыйынчылыктар жана эл аралык эмгек миграция учурундагы расалык араздашуу.

- Мусулман аялдар радикалдык идеялардын курмандыгы да, активдүү колдоочусу да болушат. Диний жактан сабатсыздыгынан жана диний радикалдашуунун кесепеттери тууралуу маалыматтын жетишпегендигинен улам айрым мусулман аялдар радикалдык-экстремисттик көз караштагы күйөөлөрү же башка үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан жүргүзүлгөн радикалдуу идеялардын пропагандасына туруштук бере алышпай ар кандай экстремисттик топтордун катарларына кошулууда. Жихадга чыгып Исламдык халифатты негиздөө ар бир мусулмандын милдети деген экстремисттик идеяларга берилип, аялдар күйөөлөрүн артынан ээрчип согуш жүргөн аймактарга барууга макул болушат.

- Акыркы он жылдын ичинде Кыргызстанда экстремисттик иш-аракеттерге тиешеси бар

аялдардын саны кыйла көбөйгөн. Эксперттердин пикиринде, мындай тенденция аялдардын арасындагы динчилдиктин күч алышы жана аялдар үчүн сапаттуу диний окуу жайлардын жетишсиздигинин натыйжасында келип чыгууда. Эксперттердин баамында, радикалдашкан аялдар эки конкреттүү милдеттерди аткарат: аялдардын арасында радикалдуу идеологияларды жайылтуу менен аларды экстремисттик уюмдардын иш-аракеттерине тартуу жана балдарын кичинесинен радикалдуу идеологияларга тарбиялоо.

- Коомдук жана жеке жашоо-турмушта ар кандай басмырлоого дуушар болгон аялдар экстремисттердин интернет аркылуу жүргүзүлгөн үгүтүнө көбүрөөк алданат. Салттуу патриархалдык коомчулукта ажырашкан аялдар жана диний ишенимдердине карата ар кандай коомдук кодулоого дуушар болгон аялдар экстремисттик багыттагы уюмдардын социалдык тармактар аркылуу жүргүзүлгөн азгырыктарынын негизги бутасы болууда. Экстремисттер бул топтогу аялдарга туура нике менен үйлөнүүнү жана аларга урмат-сый менен адилеттүү мамиле кылууну убада кылышып өз катарларына тартууда.

- Айрым эксперттер диний радикалдашуу менен эмгек миграциянын ортосунда түздөн-түз байланыш бар деп белгилешкен. Алардын билдирүүсүндө, ар кандай басмырлоолорго, адилетсиздикке жана расалык араздашууга чалынган мигранттар экстремисттик жана террордук кыймылдардын бутасы болууда. Бирок мындай пикир изилдөөнүн жыйынтыктары аркылуу далилденген эмес.

### Коомдук биримдикке жана тынчтыкка тийгизген таасири:

- Жогоруда белгиленгендей, жеке жана коомдук доменде гендердик габитусту калыптандыруу менен динчил аялдар эркектер үстөмдүк кылган коомдук түзүлүштүн сакталышына жана бекемделишине өбөлгө түзөт. Динчил аялдар өздөрүнүн ресурстарга жетүү мүмкүнчүлүктөрүн чектөө менен башийген абалга коёт. Аялдардын мындай абалы мындан ары аялдардын коомдук, экономикалык жана саясий турмушка катышуусуна, чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Муну менен катар, аялдардын тынчтыкты курууга жана коопсуздукту бекемдөөгө катышуусу дагы чектелип калышы мүмкүн. Натыжайда аялдардын коомдук-экономикалык мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу жана мамлекеттик жана жана мамлекеттик жана мамлекеттик эмес кызмат көрсөтүүлөргө жетүүдөгү укуктары тийиштүү деңгээлде сакталбай калышы ыктымал.

- Эмгек чөйрөсүндө, айрыкча жумушка орношууда хижаб кийген мусулман аялдар жана прозелит аялдар басмырлоого көп дуушар болушат. Хижаб кийген мусулман аялдардан аны чечип, ордуна кызматтык кийимди кийүү талап кылынат. Айрым учурларда жумушка ийгиликтүү орношууда хижаб кийбөө керектүү шарт катары белгиленет. Ар кандай башкаруучулук талаптардан улам прозелит аялдар да өз жумуш орундарын таштап кетүүгө аргасыз болот. Диний белгилер боюнча жаатчылык: 1) коомчулуктун ашкере диндешүүгө карата кооптонуусу, 2) коомдун хижабды аялдардын укуктарын чектеген символу катары кабыл алуусу жана 3) радикализм жана терроризм тууралуу эл аралык дискурстун жайы- лышы менен түшүндүрүлөт. Жамынган мусулман жана прозелит аялдардын эмгек рыногуна катышуусунун чектелиши алардын арасында таарыныч же капалык сезимдерин пайда кылып, айрым учурларда алардын радикалдуу агымдарга кошулуусуна түрткү бериши мүмкүн.

- Үй-бүлөлүк турмушта дин жана диний эрежелер жубайлар ортосундагы ынтымакты жана биримдикти бекемдөөгө оң таасирин тийгизип, өз ара араздашууларды зордук-зомбулуксуз чечүүгө өбөлгө түзөт. Мындан тышкары, дин аялдарга материалдык кыйынчылыктарды сабырдуулук менен жеңүүгө дем берет. Каражатты үнөмдөөдө динчил аялдар үй-бүлөлүк чыгымдарды кыскартууга аракеттенишет. Жалпысынан алганда динчил аялдар өз жеке турмушуна канааттанганын белгилешкен.

- Соңку жылдарда прозелиттер менен жергиликтүү жамааттар ортосундагы тирешүүлөрдүн тереңдеши коомчулукта ар кандай диний чыр-чатактардын жана кагылышуулардын пайда болуусуна себепчи болууда. Тактап айтканда, диний чырчатактар башка динге өткөн адам көз жумганда аны кайсы мүрзөгө коюу маселесинен келип чыгып, учурда курч абалга жеткен. Ислам жана православ Христиан диндерин карманган жарандар башка динди карманган маркумдун сөөгүн мусулмандарга же православ Христиандарга таандык көрүстөнгө коюлушу Кудайга жакпайт дешип, башка динди карманган маркумдарды алардын диндерине таандык көрүстөнгө коюлусуна каршы чыгууда. Маселенин актуалдуулугуна карабастан, жоопкерчиликтүү мамлекеттик органдар ушул күнгө чейин расмий чечим кабыл ала элек. Диний эксперттердин

пикиринде, башка динге өткөн жарандардын басымдуу көпчүлүгү орто куракта болгондуктан көрүстөн маселеси али өз апогеясына жете элек, бирок жакынкы келечекте бул маселе оор кесепеттерге алып келиши ыктымал.

- Исламды карманган мусулмандар менен тыгыз байланышта болбогон прозелиттер Ислам жана мусулмандар тууралуу терс көз караштарда болушат. Алардын жеке кабыл алуусунда, Ислам аялдардын укуктарын эзген, ар бир мүмкүнчүлүктө аларды басмырлап, эркектерге караганда төмөндөтүлгөн абалда койгон сексисттик-шовинисттик дин. Бирок, мусулмандар менен жеке байланышта болгон же чиркөө жетекчилери тарабынан диний толеранттуулукка үндөлгөн прозелиттер ислам менен өз диндерин ортосундагы окшоштуктарды аныктоого аракеттенишет.

- Кыргызстанда көп түрдүү диний ишенимдердин калыптануусу жана өнүгүүсү мамлекеттик бийликтин жана жүргүзүлүп жаткан саясаттын бирдиктүүлүгүнө шек келтирбейт. Бул мамлекеттик саясаттын түрдүү диний ишенимдерге толеранттуу мамиледе болушу менен түшүндүрүлөт. Бардык ыйык жазууларда коомдун ооматы үчүн натыйжалуу иш-чара көрүп жаткан бийликти урматтоо керектиги айтылган. Бирок бийлик дин туткандардын диний укуктарын жана милдеттерин жүзөгө ашырууга (чиркөөгө баруу, сыйынуу же диний майрамдарды белгилөө, ж.б.у.с.) тыюу сала турган болсо, анда алар бийликке баш ийбөөгө тийиш.

Динчил аялдардын жарандык укуктарын камсыздоо менен катар алардын чечим кабыл алуу жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн максималдуу түрдө кеңейтүү үчүн, биз изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй сунуштарды иштеп чыктык. Изилдөөнүн маалыматтары тастыктагандай, дин гендердик теңчиликти жана коомдук биримдикти бекемдөөдө маанилүү роль ойношу мүмкүн. Бул үчүн динди кармангандардын ара- сындагы диний сабатсыздыкты жоюу (сапаттуу диний окуу программаларды уюштуруу аркылуу) жана диний, конфессиялар жана этностор аралык диалогду жүргүзүү үчүн шарттардын түзүлүүсү зарыл. Бул максатта, биз төмөндө Кыргызстандын бийлик органдарына БУУ жана башка эл аралык уюмдар тарабынан колдоого алынган сунуштарды беребиз:

**- Аялдардын аманатташуунун жагымдуулугун жана терс таасирин төмөндөтүү:**

*a) Аялдардын аманатташуусу, негизинен, аялдардын үй-бүлөдөгү зомбулуктан коргонууга болгон муктаждыктары менен шарттангандыктан аялдарга карата зордук-зомбулуктун алдын-алуу боюнча колдонуудагы мыйзам чараларын күчөтүү жана жүзөгө ашыруу боюнча чечимдерди даярдоо.*

*b) Аялдардын аманатташуунун гендердик теңчиликке жана аялдардын мүмкүнчүлүктөрүнө тийгизген терс таасирин азайтуу үчүн биз тиешелүү мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана эл аралык уюмдарга атайын максаттуу топ катары мусулман аялдар менен иш алып барып, аларды: 1) эркектер үстөмдүк кылуучу адистиктер боюнча (мисалы, илим, технология, инженерия, математика, ишкердик жана башкаруу) жогорку билим алууга, 2) бул адистиктер боюнча жумушка орношууга (жумуштун бардык жеңилдиктери жана иш шарттарын пайдаланууга кесиптик даярдыктан жана кайра даярдоодон өтүү программаларын уюштуруу,каржылык колдоо механизмдерин киргизүү аркылуу) жана 3) коомдук-саясий турмуштун бардык чөйрөсүндө (жергиликтүү, республикалык деңгээлде) жигердүү катышууга көмөк көрсөтүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгууну сунуштайбыз. Мындан тышкары биз аялдардын билим алуудагы жана кесип тандоодогу укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо максатында ата-энелер, мугалимдер жана жаштар арасында маалымдоо жана түшүндүрүү иш-чараларын уюштурууну сунуштайбыз.*

**- Аялдардын сапаттуу диний билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу:**
Мусулман аялдардын мамлекеттик лицензиясы бар диний окуу жайлардын диний билим алуу мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелүү болгондугун эске алуу менен, Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгына жана Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясына иштеп турган исламдык окуу жайлардын негизинде аялдар үчүн диний окууларды уюштуруу мүмкүнчүлүктөрүн карап көрүү сунушталат. Бул сунуштун эң башкы максаты - аялдардын диний билимди көмүскөдө алышын азайтуу жана алардын диний радикалдык жана экстремисттик багыттарга кирип кетүүсүнүн алдын алуу болуп саналат.

**- Аялдар үчүн сыйынуу жайларды (бөлмөлөрдү) камсыздоо:**
Көптөгөн мусулман аялдар экономикалык жактан кыйла активдүү болуп үйдөн тышкары жумуштарда иштей турганын, бирок аларга жумуштагы милдеттерин диний милдеттери менен (намаз окуу) айкалыштырууда кыйла кыйынчылыктарга дуушар болорун эске алуу менен, биз коомдук жайларда негизделген намазканаларда жана мечиттерде аялдар үчүн сыйынуу жайларын (бөлмөлөрүн) камсыздоону сунуштайбыз. Изилдөөнүн маалыматтары тастыктагандай, мусулман аялдарга иш-милдеттерин диний милдеттери менен айкалыштыруу үчүн ыңгайлуу шарттардын камсыз болушу аларга эмгек рынокко натыйжалуу катышууга жана мансаптык жактан өсүүгө мүмкүндүк берет.

**- Мусулмандар дин башкармалыгынын иш-аракеттерине тартуу:**
Башка диндерди тутунган динчил аялдарга караганда, мусулман аялдардын дин жана диний жөрөлгөлөр тууралуу жеткиликтүү маалымат алуу же талкууларга катышуу мүмкүнчүлүктөрү кыйла чектелген. Айрыкча айыл жергесинде жашаган мусулман аялдар Исламда аялзатына таандык негизги маселелер (мисалы, аялдардын намазы, даарат алуу, жубайлык милдеттер, энелик милдеттер, ж.б.) жөнүндө толук маалымат ала алышпайт, аялдарга таандык талкууларга катыша алышпайт. Натыйжада мусулман аялдар өздөрүн мусулман коомчулугунан четтеп калгандай сезишет. Мусулман аялдарды мусулман коомчулугуна тартуу максатында, биз Мусулмандар дин башкармалыгына караштуу аялдар менен иш алып барган бөлүмдү кайра ачылышын сунуштайбыз. Бул бө- лүм мусулман аялдардын укуктарын коргоодо, аларга юридикалык колдоо көрсөтүүдө, диний билим жана маалыматтар менен камсыз болууда жана коомдук талкууларда мусулман аялдардын кызыкчылыктарын жактоодо керектүү аянтча болуп бермек.

**- Ислам тууралуу оң коомдук пикирди калыптандыруу:**
Исламга жана жамынган мусулман аялдарга карата оң коомдук пикирди калыптандыруу үчүн биз дин аалымдарына мечиттерде, Ислам бор-борлоруна, медреселерде коомчулук үчүн атайын ачык эшик күндөрүн уюштурууну, ошондой эле Исламдагы аялдардын чыныгы абалы, укуктары жана милдеттери тууралуу атайын дарстарды жана тегерек столдорду өткөрүүнү сунуштайбыз. Мындан тышкары өлкөдө дин аралык ынтымакты сактоого жана дин тутунгандардын, анын ичинде мусулман жана протестант прозелит аялдардын диний ишенимдерин урматтоого, бардык массалык маалымат каражаттарын ар кандай диний темадага маселелерди чагылдырууда калыс жана бейтарап болууга чакырабыз.

**- Диндер аралык диалог:**
Калк арасында диндер аралык араздашууну, диний чыдамсыздыкты, дин тутуу жана диний ынаным жүйөлөрү боюнча басмырлоону пропагандалоого жана алардын көрүнүштөрүнө бөгөт коюу максатында өлкөдөгү иштеп жаткан бардык диний конфессиялардын арасында өз ара түшүнүүчүлүк жана диалогду орнотуу жана бекемдөө өтө зарыл болуп эсептелинет. Мындай диалогдор ар бир диндин алкагында дин аалымдары тарабынан өз жолдоочуларына, айрыкча аял жолдоочуларына башка диндер (негизги принциптери, жөрөлгөлөрү, окшош жактары) жөнүндө түшүндүрмө берүүсү жана өз ара урматтоого үгүттөөсү менен башталып, конфессиялардын дин өкүлдөрү ортосунда үзгүлтүксүз жолугушуулары менен коштолушу мүмкүн. Ар бир кыргыз жараны, айрыкча өзүн мусулманмын деп тааныган жаран Кыргызстан ар бир жаранга дин тутуу эркиндиги кепилденген көп конфессиялуу мамлекет, андыктан бардык конфессиялар мыйзам алдында бирдей болуп, кандайдыр бир динди туткан адам же адамдар тобу болсо, башка диндин өкүлдөрүнө салыштырганда артыкчылыкка ээ болбошу керек экенин түшүнүүсү жана кабыл алуусу өзгөчө маанилүү болуп саналат.

**- Прозелиттердин өлгөндөн кийин ызат менен жерге берилүү укугун коргоо:**
Кыргыз Өкмөтү прозелиттерге байланыштуу көрүстөн маселеси туура багытта тез арада чечилбесе, анда ал жакынкы келечекте оор кесепеттерге алып келээрин түшүнүүсү зарыл. Эгерде башка ишенимге өткөн жарандар туугандарынын бейитине жакын көмүлүүнү каалашаса, бийлик бул каалоону сыйлап, аларга жеткиликтүү аймакта жер тилкелерин бөлүп бериши керек. Мындан тышкары жергиликтүү жамааттар арасында ар бир жаранга дин тутуу эркиндиги боюнча мамлекеттик кепилдиктер берилгени жана ошондой эле диний кастыкты, жек көрүүчүлүктү козутууга байланышкан аракеттер үчүн жоопкерчиликтер тууралуу маалымдоо жана түшүндүрүү иш-чаралардын уюштурулуусу зарыл.

**- Дин тутуу эркиндигине болгон укукту ишке ашыруу:**
Кыргызстанда көп түрдүү диний ишенимдердин калыптануусу жана өнүгүүсү мамлекеттин светтик мүнөздөгү саясий түзүлүшүнө жана башкаруу

системасына шек келтирбейт. Бул ар бир жаранга дин тутуу жана ынаным эркиндиктин кепилдениши менен түшүндүрүлөт. Кыргыз Өкмөтүнө мындан ары ар бир жарандын дин тутуу эркиндигине болгон укугун коргоо, 2009-жылы кабыл алынган Дин жөнүндө мыйзамды кайрадан карап чыгып, майда диний уюмдардын расмий каттоодон өтүү тартибин жеңилдетүү, ошондой эле 'салттуу эмес' диндерге карата 'басмырлоочу мыйзам долбоорлорун' киргизбөө багытында иш алып барууну сунуштайбыз.

**- Диний экстремизмди алдын алуу жана согуштук аракеттер болуп жаткан зоналардан кайтып келгендерди реабилитациялоо жана коомго аралаштыруу:**
Биз Кыргыз Өкмөтүн Муфтият, жергиликтүү жана эл аралык уюмдар менен биргеликте диний экстремизмди алдын алуу жана Сириядан кайтып келген жарандарды реабилитациялоо жана коомго аралаштыруу боюнча комплекстүү программаны иштеп чыгууга жана ишке ашырууга чакырабыз.

Программанын алкагында төмөнкү тапшырмаларды аткаруу зарыл: 1) кайтып келгендердин андан ары радикалдашуусуна жол бербөө, 2) алардын коомдук турмушка аралашуу мүмкүнчүлүгүн жеңилдетүү жана 3) жергиликтүү деңгээлде диний экстремисттик идеялардын жайылышына түрткү берүү боюнча атайын чараларды көрүү. Мындан тышкары бул программа Сириядан кай- тып келгендердин аялдарын да реабилитациялоо жана коомго аралаштыруу боюнча иш-чараларды камтышы зарыл.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


АБАШИН, Сергей (2006): “Ислам нормаларынын логикасы: Борбор Азиядагы диний чыр-чатактар” (англ.тилинде): Central Asian Survey 25(3): 267-286

АБАШИН, Сергей (2014): “Жамгыр үчүн тиленүү: Советтик жаран жана мусулман болуу” (англ. тилинде): Journal of Islamic Studies 25 (2): 178–200

АБУ ХАСАН, M.N. (2002): “Кыргызстандын аймагында Ислам дининин таралышы VII-X кк. (орус тилинде): Вестник КРСУ No.4, UDK 4.3 (575.2) (04)

АЙДАРАЛИЕВ, А. (2016): “Кыргыз Республикасындага диний уюмдар”, UDK 29 (575.2)

АКИНЕР, Ширин (2003): “Постсоветтик Борбор Азияда Исламдын саясатталышы”, (англ. тилинде): Religion, State & Society, Vol. 31, No. 2

АЛТАФ, Сафа (2014): “Мусулман аялдар жана Борбор Азияда Исламдын кайра жандануусу: Совет жана постсоветтик мезгилдерде”, (англ. тилинде): IIslam and Muslim Societies: A Social Science Journal Vol. 7, шилтемеси: *http://www.muslimsocieties.org/Vol7_2/Role_of_Muslim_Women_in_the_Islamic_Revival_of_Central_Asia.pdf (29.05.2017)*

АШАЛ, Венди (2004): “Патриархалдык коом: гендердик өнүктүрүү маселелери”, (англ. тилинде): Studies in Social and Political Thought, 9/2, pp. 21-39

АШЫМОВ, Данияр (2003): “Кыргыздардын диний ишеними”, (англ. тилинде): Religion, State & Society, Vol. 31, No. 2

Balci, Bayram (2010): “Борбор Азияда “Таблиги жааматтын” жайылышы. (англ. тилинде): Лоурелл М ж.б. “China and India in Central Asia, a new ‘great game’?” New York, Palgrave Macmillan

БЬОРК, Джефри жана Турман, Джон. (2007): “Жашоодогу негативдүү көрүнүштөр, Диний Копингдин позитивдүү жана негативдүү таасири жана психологиялык эффекти”, (англ. тилинде): Journal for the Scientific Study of Religion Vol. 46, No. 2: 159-167

БУРДЬЕ, Пьер (1986): “Капиталдын түрлөрү”, (англ. тилинде): Handbook of Theory and Research for the Sociology of Education, Лондон, Greenwood Press, pp. 241-258

БУРДЬЕ, Пьер (2001): “Эркектин үстөмдүгү”, Ричард Найс (котор.), Кэмбридж, Polity Press

БОРБИЕВА, Нур О'Нил (2012): “Мусулман аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү” Independent Religious Fellowships in the Kyrgyz Republic”, in: Slavic Review 71 (2): 288-307

РЭДФОРД, Девид (2015): “Диний иденттүүлүк жана коомдук өзгөрүүлөр: Мусулман коомунда Христианчылыкка өтүү”, New York, Routledge

ДЕЛЬЩАД, Ф. (2003): “Секуляризм и Ислам в Центральной Азии: Идеологическое соперничество и религиозные конфликты в Центральной Азии”, (орус тилинде): Национальные и языковые процессы в Центральной Азии: История и Современность, Информационная Бюллетень, 13: 113-133

ФАНОН, Франц (2000): “Кыргыз аялдарынын коомдук жана саясий статусу: Советтер Союзунун тарыхый мурасы жана Посткоммунисттик Кыргызстандагы негативдүү тенденциялар”, (англ. тилинде): International Journal of Central Asian Studies, Volume 5

ФАТХИ, Хабиба (1997): “Атынчалар: Борбор Азиялык Исламдагы белгисиз клерк- аялдар”, (англ. тилинде),: Central Asian Survey 16 (1): 27-43

ФАТХИ, Хабиба (2006): “Өзбекстан: Гендер, Ислам жана коомдук кайра түзүүлөр” Islam, and Social Change in Uzbekistan”, (англ. тилинде): Central Asian Survey 25 (3): 303-317

ХИЗЕРШОУ, Джон жана Монтгомери, Девид (2014): “Борбор Азия республикаларындагы постсоветтик радикалдашуунун мифи”, Chatham House. Шилтемеси: [www.chathamhouse.org/publication/myth-post-soviet-muslim-radicalization-central-asianrepublics#]

ХЕЙАТ, Фариде (2004): “Кыргызстандагы Исламдын кайра жаралуусу: гендер, жакырчылык жана моралдык багыттар”, (англ. тилинде): Central Asian Survey 23(3-4): 275-287

ХИШАМ, Абу-Райя жана Паргамент, Кеннет (2015): “Диндер арасындагы диний копинг: Окшоштуктар жана Айырмачылыктар”, (англ. тилинде): Psychology of Religion and Spirituality 7(1): 24–33.

Эл аралык кризистик топ (2009): “Кыргызстан: Аялдар жана диний радикалдашуу”, (англ. тилинде): Asia Report No. 176.

Эл аралык кризистик топ (2015): “Сирия чакырууда: Борбор Азиядагы диний радикалдашуу”, (англ. тилинде): Europe and Central Asia Briefing No.72

Эл аралык кризистик топ (2016): “Кыргызстан: мамлекеттин алсыздыгы жана радикалдашуу”, (англ. тилинде), кийинки шилтеме аркылуу жеткиликтүү: State Fragility and Radicalisation“. Available at: *[https://www.crisisgroup.org/europe-central-asia/central-asia/kyrgyzstan/kyrgyzstan-state-fragility-and-radicalisation]*

ЖАЛИЛОВ, Чубак ажы 2014. “Жубай тандоо!” [Picking a Spouse!]. Насаат Медиа. Шилтемеси: *[https://youtu.be/L3KfnSo36iE]*

ЖАЛИЛОВ, Чубак ажы 2016. “Аялзаттын милдеттери жана укуктары. Насаат Медиа, Шилтемеси: *[https://www.youtube.com/watch?v=GHMxS9H9yhU&feature=youtu.be]*

КАБАК, Дмитрий (2015): “Борбор Азиядагы дин тутуу эркиндиги: тенденциялар жана проблемалар”, (англ. тилинде): Human Rights - Rights of the Believer Central Asian Forum

ХАЛИД, Адииб (2003): “Светтик Ислам: Өзбекстандагы улут, мамлекет жана дин”, (англ. тилинде): International Journal of Middle East Studies, Vol. 35, No4: 573-598

КУКАРТЦ, Удо (2014): “Mixed Methods. Methodologie, Forschungsdesigns und Analyseverfahren.”, Wiesbaden: Springer VS

ЛАВ, РИК (2000): “21-кылымда бардык мусулмандарды дициплиндаштыруу”, (англ. тилинде), жарыяланган: in: International Journal of Frontier Missions, Vol. 17:4

МАЛИКОВ, Кадыр (2010): “Социальная активность мусульманского сообщества Кыргызстана на современном этапе”, (орус тилинде) Шилтемеси: *[http://elibrary.auca.kg:8080/dspace/bitstream/123456789/572/1/SRC_Sotsialnaya%20aktivnost%20musulmanskogo%20soobshchestva%20Kyrgyzstana_rus.pdf]*

МАКБРАЙАН, Джули жана Пэлкман, Матис (2008): “Постсоветтик Кыргызстандагы миссионерлер жана архаикалык секюларситтер”, (англ. тилинде): Critique of Anthropology 28(1): 87-103

МАКБРАЙАН, Джули (2009): “Мукадастын күрөшү: Жоолуктар жана азыркы заман”, (англ. тилинде): The Journal of the Royal Anthropological Institute 15: 127-144.

МАКГЛИНЧИ, Эрик (2009 г.): «Кыргызстандагы Исламдын кайры жаралуусу жана мамлекеттин алсыздыгы», (англис тилинде) шилтеме: *[https://www.ucis.pitt.edu/nceeer/2009_822-09g_McGlinchey.pdf]*

МАГЛУ, Ш. Ахмад (2016-ж.): «Борбор Азияда саясий Исламдын жандануусу: 9/11 чейинки жана андан кийинки байкоолор», (англ. тилинде): A Social Science Journal Vol. 9, No. 1-2

МУРЗАХАЛИЛОВ, Канатбек (2004) “Кыргызстандагы прозелитизм”, (англ. тилинде): Central Asia and the Caucasus: Journal of Social and Political Studies 25(1): 83–7

МЫРЗАБЕКОВА, Асель (2014): “Постсоветтик Кыргызстанда Исламдашууну жана хижаб кийүүнү түшүнүү”, Master’s thesis in Peace and Conflict Transformation – SVF-3901

НАСРИТДИНОВ, Эмиль жана Эсенаманова, Нургуль (2014): “Кыргыз Республикасындагы диний коопсуздук”, (орус тилинде) шилтеме: *[http://carnegieendowment.org/files/ReligiousSecurityinKyrgyzstan.pdf]*

НАСРИТДИНОВ, Эмиль жана Эсенаманова, Нургуль (2016): “Баннерлердин согушу: Хижаб, Секуляризм жана Бишкектеги коомдук мейкиндик”, жарыяланбаган макала.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети (2015): “Кыргызстандагы аялдар жана эркектер 2010-2014: Гендердик статистика, шилтеме: *[http://stat.kg/media/publicationarchive/534f0c98-fb76-4922-b8c1-6b8b8f44ba27.pdf]*

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети (2015): “Жумуштуулук жана жумушсуздук”, шилтеме:

*[http://stat.kg/media/publicationarchive/712ba4ee-ac1c-4c6b-a7f2d373c5243031.pdf]*

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети (2016): “Коомдук тенденциялар 2011-2015’, шилтеме: *[http://www.stat.kg/media/publicationarchive/26ff4a14-9261-42d1-af10-62ef8e5b008a.pdf]*

ЕККУ/ДИАУБ: “ Кыргыз Республикасынын "Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө" мыйзамына комментарийлер”, Варшава, 7-октябрь, 2008. 4-5-б., шилтеме:
*[http://www.legislationline.org/documents/id/17622]*

ЕККУ/ДИАУБ: “Кыргыз Республикасынын "Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө" мыйзамына комментарийлер“, Варшава, 22-март 2012. шилтеме:
*[http://www.legislationline.org/search/runSearch/1/country/20/rows/10/type/2/page/2]*

ЕККУ/ДИАУБ: “Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясына“ комментарийлер, Варшава, 27-март, 2014. Шилтеме:
*[http://www.legislationline.org/search/runSearch/1/country/20/rows/10/type/2/page/2]*

ПАРГАМЕНТ Кеннет, Смит Брюс, Коинг Хэрольд жана Перез Лиза (1998): “Диний копингдин оң жана терс түрлөрү”, (англ. тилинде): Journal for the Scientific Study of Religion Vol. 37, No.4: 710-724

ПАРГАМЕНТ, Кеннет (1997): “Дин жана диний копинг психологиясы: теория, изилдөө жана практика”, Нью-Йорк, Гуилфорд

ПАРГАМЕНТ, Кеннет, Коинг Хэрольд, жана Перез Лиза (2000): “Диний копингдин көптөгөн усулдары: өнүгүүсү жана баштапкы валидация”, (англ. тилинде): Journal of Clinical Psychology, 564: 519–43

ПЕЛКМАНС, Матьис (2007): “’Маданият’ инструмент жана тоскоолдук катары: Постсоветтик Кыргызстанда миссионерлердин тажрыйбасы”, Soviet Kyrgyzstan”, (англ. тилинде): Journal of the Royal Anthropological Institute, 13, 881 – 899.

ПЕЛКМАНС, Матьис (2009): “Кыргызстандагы Христиан прозелитизмдин ачыктыгы”, (англ. тилинде): Anthropological Quarterly, Vol. 82, No. 2: 429–452

ПЕЛКМАНС, Матьис (2006): “Asymmetries on the ‘Religious Market’ in Kyrgyzstan”, in: Hann, Chris, (ed.) The Postsocialist Religious Question: Faith and Power in Central Asia and East-Central Europe. LIT Verlag, Berlin, pp. 29-46.

ПЕЛКМАНС, Матьис (2010): "Religious crossings and conversions on the Muslim – Christian frontier in Georgia and Kyrgyzstan", (англ. тилинде), жарыяланган: in: Anthropological Journal of European Cultures 19 (2): 109-28.

ПЕШКОВА, Светлана (2009): “Фергана өрөөнүндөгү мусулман аял лидерлер: Кимдин лидерлиги?”, (англ. тилинде): Journal of International Women's Studies 11 (1): 5–24

РЭДФОРД, Девид (2011): “Башка динге өттүү жана этностук иденттүүлүктү жаңыдан калыптандыруу: Мусулман кыргыздардын Протестанттык динге өтүшүн изилдөө, Кыргызстан, Борбор Азия”, Доктордук диссертация. Шилтеме:
*[http://flex.flinders.edu.au/file/a4755b13-77b4-4265-8811-5f17307932e1/1/Thesis-Radford-2011.pdf]*

САХАДЕО, Джефф жана Зэнка, Рассел (2007-ж.): “Христиандар Борбор Азиядагы диний азчылыктар катары”, (англ. тилинде): Everyday Life in Central Asia, edited by Jeff Sahadeo and Russell Zanca, 115–126. Bloomington: Indiana University Press.

Шрэдер, Хейко (2004): “Ишеним жана коомдук өзгөрүүлөр: Орусиядан алынган эмпирикалык натыйжалар” Münster: LIT

СУЛТАНОВ, Разия (2011): “Шаманчылыктан тарта суфизмге - Борбор Азия: Аялдар, Ислам жана маданият”, Лондон: I.B. Tauris

ТАБЫШАЛИЕВА, Анара (2000): “Кыргызстандагы саясий Ислам”, (немис. тилинде). Кийинки шилтеме аркылуу жеткиликтүү:
*https://ifsh.de/file-CORE/documents/jahrbuch/02/Tabyschaliewa.pdf*

2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы. Issued on 14. November 2014, No. 203

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" мыйзамы, 31.12. 2008-ж. кабыл алынган.

ТОКТОГУЛОВА, Мукарам (2014): “Кыргызстанда эл аралык “Таблиги жамааттын” жайылышы: түзүмү, иш-аракеттери жана карама-каршылыктары”, (англ. тилинде): Crossroads Asia Working Paper Series, No. 17

БУУнун Калк жайгаштыруу фонду (2016): “Гендер коомдун кабыл алуусунда” изилдөөсү, (англ. тилинде). Кийинки шилтеме аркылуу жеткиликтүү:
*http://kyrgyzstan.unfpa.org/sites/default/files/pub-pdf/GSPS_english.pdf*

БУУнун Өнүктүрүү программасы (2012): “Гендердик теңдик жана аялдардын саясий катышуусун кеңейтүү”, Кыргызстан: кейстик изилдөө

"БУУ-нун Аялдар" түзүмү (2017): “Кыргызстанда аялдардын диний радикалдуу уюмдарга колдоо көрсөтүүсү, тартылуусу жана каршы күрөшүүсү,” (англ. тилинде): “Европа жана Борбор Азия: Аялдар жана ашынган диний радикалдашуу”

АКШнын Эл аралык диний эркиндик боюнча комиссиянын жылдык отчету (2017-ж), Кыргызстан, (англ. тилинде). Кийинки шилтеме аркылуу жеткиликтүү:*http://www.uscirf.gov/sites/default/files/Kyrgyzstan.2017.pdf*

ВОУЛТЕРС, Александр (2014): “Борбор Азияда мамлекет куруу жана Ислам: Диний коркунучту алдын алуубу же мусулман коомдоштуктарын өнүктүрүүбү?” (англ. тилинде): Private University of Applied Sciences, Forschungspapiere Research Papers 2014/03. Шилтеме: *https://www.pfh-university.com/fileadmin/Content/PDF/forschungspapiere/the-state-and-islam-in-central-asia-wolters.pdf*

Дүйнөлүк Банк (2011): Кыргызстан: кейстик изилдөө, 2012 ж. Дүйнөлүк Өнүгүү жөнүндө баяндама үчүн маалыматтык документ.

«БУУНУН АЯЛДАР» ТҮЗҮМҮ – ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИК ЖАНА АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫ МЕНЕН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН ТҮЗҮМҮ. АЯЛДАР МЕНЕН КЫЗДАРДЫН УКУКТАРЫН КОРГООЧУ ЖАНА КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫН БИЛДИРҮҮЧҮ «БУУНУН АЯЛДАР» ТҮЗҮМҮ БҮТКҮЛ ДҮЙНӨ ЖҮЗҮНДӨГҮ АЯЛДАР МЕНЕН КЫЗДАРДЫН МУКТАЖДЫКТАРЫН КАНААТТАНДЫРУУ ЖААТЫНДАГЫ ИШТЕРДИН ЫКЧАМДАТУУ МАКСАТЫНДА ТҮЗҮЛГӨН.

«БУУнун Аялдар» түзүмү гендердик теңдикке жетишүүнүн эл аралык нормаларын жана стандарттарын ишке киргизүүсүндө Бириккен Улуттар Уюмунун мүчө мамлекеттерине колдоо көрсөтөт жана аталган стандарттарды жүзөгө ашыруу үчүн талап кылына турган мыйзамдарды, саясый мамилелерди жана программаларды иштеп чыгуу жаатында өкмөттөр жана жарандык коом менен кызматташтыкта иш алып барат. «БУУнун Аялдар» түзүмү аялдардын жашоо-турмуштун бардык чөйрөлөрүндө тең укуктуу негизде катышуусуна, приоритетүү иш-аракеттердин беш багытына өзгөчө көңүл буруу менен, көмөктөшөт. Ал багыттар – аялдардын лидерлик ролун күчтөндүрүү жана алардын коомдук жашоодогу иштерге тартылуу мүмкүнчүлүк-төрүн кеңейтүү; аялдарды басмырлоону түп тамыры менен жоюу; тынчтыкты жана коопсуздукту орнотууга байланышкан бардык маселелерди чечүүгө аялдарды катыштыруу; экономика тармагында аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү; улуттук өнүгүү жаатындагы пландоо жана аларга тиешелүү бюджетти иштеп чыгуу процесстеринде гендердик теңдикке жетишүүдө аялдардын борбордук ролун камсыздоо. «БУУнун Аялдар» түзүмү бүткүл БУУ системасынын алкагында гендердик теңдикке жетишүүнү боюнча аракеттерге көмөк көрсөтөт.

Кыргызстандагы "БУУнун Аялдар" түзүмү
Бишкек шаары, Коенкөзөв көч. 144

Телефон: +996 312 325 226
Факс: +996 312 325 226 (ext. 105)

эл. дареги: kyrgyzstan@unwomen.org
Веб-сайт: www.unwomen.org
www.kg.one.un.org
www.eca.unwomen.org